**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН**
**К. ДЫЙКАНБАЕВ атындагы ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

Д. 23.15.508 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК: 327.2(575.2):94(581).(043.3)

**Мухаммад Исмаил КАЙЫМОГЛУ**

# КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН РЕСПУБЛИКАЛАРЫНЫН САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИ: АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

23.00.02 – Саясий институттар, процесстер жана технологиялар

Саясат таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору,
социология профессору,
**Кусеин ИСАЕВ**

**Бишкек – 2016**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ...........................................................................................3**

**I БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН ЭЛДЕРИНИН ТАРЫХЫЙ-САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИ.................................................12**

1.1. Саясий мамилелердин теориялык-методологиялык негиздери………...12

1.2. Кыргызстандын жана Афганстандын тарыхый жана географиялык өзгөчөлүктөрү.........................................................................22

1.3. Кыргыз жана афган элдеринин өз ара мамилелери жана памирлик кыргыздардын социалдык-саясий абалы.......................................34

**II БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН РЕСПУБЛИКАЛАРЫНЫН ДИПЛОМАТИЯЛЫК-САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АБАЛЫ.........................................................60**

2.1. Кыргыз жана Афган Республикаларынын дипломатиялык мамилелеринин калыптанышы...................................................................60

2.2. Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий, экономикалык жана маданий мамилелеринин абалы.............................................................65

2.3. Кыргыз жана Афган мамлекеттеринин кызматташтыгында Улуу Жибек жолунун мааниси.................................................................105

**III БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН РЕСПУБЛИКАЛАРЫНЫН САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИНИН КЕЛЕЧЕГИ.........................................116**

3.1. Кыргыз жана Афган Республикаларынын кызматташтыгында эл аралык уюмдардын таасири жана региондогу коопсуздук маселеси….116

3.2. XXI кылым Чыгыш дүйнөсүндө Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий мамилелеринин келечеги................................136

**КОРУТУНДУ.....................................................................................146**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР...........................................................151**

**ТИРКЕМЕ..........................................................................................168**

## КИРИШҮҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу** азыркы ааламдашуу шартында көптөгөн мамлекеттер ар кайсы социалдык-саясий чөйрөдөгү: саясатта, маданиятта, экономикада кызматташуу жолдорун таап жаткандыгы  менен аныкталат. Кыргызстан менен Афганистан бирдей геосаясий мейкиндикте жайгашып, өз улуттук кызыкчылыктарын коргоодо саясий кызматташуунун механизмдерин калыптандыра башташты.

Кыргызстанда да, Афганистанда да саясий жараяндар, биринчи кезекте, улуттук кызыкчылыктарды камсыздоого жана коомдук-саясий турмуштун бардык чөйрөлөрүн демократиялаштырууга багытталган. Эки мамлекеттин тең саясий тутумдары саясий жана социалдык институттары бир мүнөздүү болгон республикалык башкаруу формаларында калыптанган. Бүгүнкү күндө Кыргызстан эгемендүү, демократиялык, светтик, социалдык мамлекетти курууну камсыздоодо. Афганистан башкалардан айырмаланып, маанилүү соода жана транспорт маршруттарынын кесилишинде, илгертен көптөгөн мамлекеттердин стратегиялык кызыкчылыктарын туудурган зонада жайгашкан. Канча кылымдардан бери Афганистанда таасирин күчөтүүнү самаган элдер өз көңүлдөрүн буруу менен, афган мамлекетинин калыптануусуна жана афган коомунун консолидацияланышына жолтоо болуп келүүдө.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздык алгандан кийин ички жана тышкы саясатында бир кыйла жетишкендиктер болду. 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын алкагында, тышкы саясатынын жаңыча түшүнүү менен, 124 мамлекет – АКШ, Европа Союзунун, Түштүк-Чыгыш-Азия жана араб өлкөлөрү жана  Афганстан менен өз ара саясий мамилесин түзгөн. Ал эми Афганстан 2001-жылдан кийин өлкөдө тынчтык орнотуу максатында дүйнөнүн бир катар мамлекеттери, алардын катарында Кыргыз Республикасы менен да саясий мамиле түзүүгө өзгөчө көңүл буруууда.

Азыркы Афганистандын тегерегинде болуп жаткан окуялар, анын жаңы геосаясий чындыкта өзүнүн ордун аныктоого багытталган тышкы саясатынын активдештирүүсү, эл аралык коомчулуктун толук укуктуу мүчөсү болууга кылган аракеттерин көрсөтүп турат.

Тарыхка кайрылсак, кыргыз жана афган элдери Улуу Жибек жолундагы элдер катары миңдеген жылдар бою бири-бири менен тарыхый-маданий ж.б. мамиледе болгондугунан улам кыргыз элинин оозеки чыгармаларынан афган эли жана ханы жөнүндө айрым маалыматтарды кездештирүүгө болот. Айталы, “Манас” эпосунун негизги каарманы болгон Манас уулду болуп, той бергенде жана ажыга баруу үчүн хандарды чакырып кеңеш курганда, афган элинен чакырылган коноктордун арасында афган ханынын болгондугу да айтылат. Бул маалымат кыргыздардын афгандыктар менен кандайдыр бир деңгээлдеги мамилелеринин болгондугунан кабар берип турат.

Ошондой эле орустардын келиши менен Кыргызстандын түштүгүнөн диндеш өлкөгө жер которуп кеткен кыргыздар Афганстанда бийиктиги 4000-5000 метрге жеткен Памир тоосунда эркин жашап калышы жана Рахманкул хан баш болуп Афганстан шахы Мухаммед Захирдин зор ишенимине ээ болгондугу, 1964-жылдан баштап Афганстан Лоя Жиргасында (Улуу Кеңеште) депутат катары памирлик кыргыздардын атынан саясат жүргүзүп келгендиги, соңку жаңы тарыхта аталган эки элдин тарыхый-саясий жактан тыгыз мамилелерин көрсөтүп турат.

Тарыхта социалдык-саясий жактан карым-катнашта болгон эки эл бүгүнкү күндө да мамлекеттик деңгээлде саясий мамиле түзүп, өз ара кызматташтыкка маани беришүүдө. Учурда Орто Азия регионундагы саясий, коопсуздук жана экономикалык маселелердин дүйнөлүк мааниге ээ болушу, мамлекеттердин бири-бири менен мамиле түзүү муктаждыгынын артуусу, ошондой эле илим менен техниканын өнүгүүсү, өлкөлөрдү тышкы саясатта өз ара кызматташтык мамилелерди түзүүгө мажбурлайт.

Мамлекеттердин көп тараптуу өз ара мамилелери дайыма эле бирдей боло бербейт. Кээ бир убактарда кызматташуу болсо, кээ бир убактарда атаандашуу болот. Ошол себептен улам Кыргызстан менен Афганстандын саясий мамилелеринин өнүгүүсүн, жалпы кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө чоң мааниге ээ болгондуктан, диссертациялык изилдөө эки өлкөнүн бүгүнкү күндө түзгөн саясий мамилесин, кызматташтык деңгээлин жана жалпы кызыкчылыктарын теориялык негизде талкуулаган, саясий мамилелердин келечегине анализ жүргүзгөн алгачкы эмгек болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти.** Кыргыз Республикасынын жана Афганстан Ислам Республикасынын XXI кылымдагы саясий мамилелери – саясий институт катары саясий-дипломатиялык мамилелердин деңгээлинин жаңычыл чечимдери жана келечектеги мамилелердин зарылдыгы.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети.** Кыргызстан менен Афганстандын тарыхый абалы жана географиялык өзгөчөлүктөрү, кыргыз жана афган элдеринин саясий мамилелери (эки элдин өз ара карым-катнаштары, памирлик кыргыздардын социалдык-саясий турмушу), Кыргыз Республикасынын жана Афганстан Ислам Республикасынын дипломатиялык мамилелеринин калыптанышы, саясий мамилелердин абалы жана эки өлкөнүн саясий мамилелеринде Улуу Жибек жолунун мааниси, эки мамлекеттин кызматташтыгында эл аралык уюмдардын таасири жана коопсуздук маселелери, XXI кылымдагы Чыгыш дүйнөсүндө Кыргыз Республикасынын жана Афганстан Ислам Республикасынын саясий мамилелеринин келечеги каралды.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасынын жана Афганстан Ислам Республикасынын саясий мамилелерин саясий институт катары кызматташтыгын, ааламдашуу шартында келечектеги мамилелерине, көз карашка түрткү бере турган кызыкчылыктарын алып чыгуу жана талдоо.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Диссертациялык изилдөөдө коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер аныкталды:

– Саясий мамилелердин теориялык-методологиялык негиздерин аныктоо;

– Кыргызстан менен Афганстандын геосаясий, географиялык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

– Памирлик кыргыздардын социалдык-саясий абалын талдоо жана эки өлкө элдеринин өз ара саясий-тарыхый мамилелерин изилдөө;

– Кыргыз Республикасынын жана Афганстан Ислам Республикасынын дипломатиялык мамилелеринин расмий түрдө калыптанышын баяндоо;

– Кыргыз жана Афган Республикаларынын өз ара саясий, экономикалык жана маданий мамилелеринин абалын аныктоо;

– Кыргыз жана Афган Республикаларынын Улуу Жибек жолундагы саясий мамилелерин изилдөө;

– Түштүк Азия менен Орто Азия мамлекеттеринин кызматташтыгында Афганстандын транзиттик маанисин аныктоо;

– XXI кылымдагы Чыгыш дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө таянып, Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий мамилелеринин келечегине анализ жүргүзүү.

**Диссертациянын методологиялык негизи.** Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин саясат таануу илими, өзгөчө эл аралык мамилелерди таанып-билүүнүн негизин түзгөн, коюлган саясий маселелерин ачып берүүгө зарыл болгон саясий мамилелерин аныктоону жана баяндап жазууну талап кылган объективдүү саясий анализ жана башка илимий принциптер түздү. Саясий илимдердин усулдарынан: саясатчылардан интервью алуу ыкмасы, эки тараптуу мамилелерди изилдөө, маалымат берүүчүлөр менен маектешүү жана ал маектерди кагазга түшүрүү усулдары кеңири колдонулду. Диссертациянын методологиялык негизи катары структуралык-функционалдык, тарыхый көз караштар

тандалып алынды. Ушуну менен катар саясий мамиле жана улуттук кызыкчылыкка тийиштүү эл аралык коомчулукту субъективдүү изилдеген теориялар болду. Бул шарттардын жана эрежелердин алкагында Афганстандын тарыхый абалын жана бүгүнкү күндө коопсуздук жактан Орто Азия мамлекеттерине өзгөчө Кыргызстандын коопсуздугуна тийгизген таасирин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Эмпирикалык материалдар мамлекеттик мекемелерден расмий түрдө маалымат алуу жана интервью алуу ыкмасы аркылуу топтолду.

**Изилдөөнүн эмпирикалык маалыматтык негизи.** Диссертант 2012-жылдан тартып Афганстан Ислам Республикасынын Бишкек шаарындагы элчилигинде кызмат кылып, Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий мамилелерине байкоочу катары эки өлкөнүн саясатчылары менен таанышып, алардын ой-пикирлеринен пайдалангандыгы изилдөө жүргүзүүдө пайдалуу болду. Өзгөчө эки өлкөнүн саясий мамилелеринин деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Казы Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын расмий маалыматтары диссертациялык иштин эмпирикалык маалыматтык негизи болуп саналат. Ушуну менен катар жеке менчик мекемелердин жана уюмдардын темага байланыштуу статистикалык маалыматтары да колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.** Диссертациялык эмгек Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий мамилелери тышкы саясат жана эл аралык мамилелердин усулдарын жана өзгөчөлүктөрүн пайдалануунун негизинде изилденип, ошондой эле саясий мамилелерге байланыштуу түшүнүктөр жана саясий-социологиялык терминдер кеңири пайдаланылып, илимий түшүндүрмөлөрү берилди. Кыргызстандын жана Афганстандын улуттук кызыкчылыктары жана бул чөйрөдөгү тышкы саясаттары боюнча дипломаттардын, саясатчы окумуштуулардын ойлорун негизге алып, эки өлкөнүн ортосундагы күндөлүк мамилелер чечмеленды.

Бишкек шаарындагы Афганстан Ислам Республикасынын элчилигинин жана Кабул шаарындагы Кыргыз Республикасынын элчилигинин расмий түрдө ачылышы менен бирге, эки өлкөнүн саясий мамилелеринин калыптанып өнүгүүсү, регионалдык деңгээлде экономикалык жана соода тармактарындагы ири долбоорлордун түзүлгөнү аныкталды. Ошондой эле эки өлкө региондук коопсуздукка умтулуп, экономиканы туруктуу өнүктүрүү үчүн өз ара тышкы саясаттарын бирдиктүү жүргүзүп, дипломатиялык байланыштарын бекемдеп, эл аралык кызматташтыкка умтулуулары боюнча кеңири саясий талдоо жасалды.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.** Теориялык жана методологиялык усулдар, эмпирикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы авторго саясий жана эл аралык жаңы түшүнүктөрдү жана фактыларды жыйнап, сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түздү.

1. Кыргызстан менен Афганстан өз ара саясий мамилелерди түзүү максатында өлкө башчыларынын салымы менен 2002-жылдын 28-августунда Афганстан Ислам Республикасынын элчилигинин Бишкек шаарында жана 2014-жылдын 15-февралында Кыргыз Республикасынын элчилигинин Кабул шаарында расмий түрдө ачылышы эки өлкөнүн саясий-дипломатиялык мамилелериндеги эң керектүү акт болуп саналат.

2. XXI кылымдын башынан тартып Кыргызстан жана Афганстан мамлекеттеринин ортосунда тышкы саясаттын негизи катары улуттук кызыкчылык факторлорунун таасирдүү жана пайдалуу болушу үчүн эки тараптуу өз ара расмий кызматташуулар башталган.

3. Кыргыз Республикасынын жана Афган Ислам Республикасынын саясий мамилелери, эки тараптын территориялык бүтүндүгүн жана жергиликтүү өкмөт бийлигин өз ара урматтоо, эки өлкө бири-биринин ички саясатына кийлигишпөө, баңги зат жана аны мыйзамсыз ташууга карата күрөшүү, фундаментализмге каршы туруу, аймактык стабилдүүлүк жана коопсуздук маселелеринде биргелешип иш алып баруу жана кеңешүү, регионалдык жана эл аралык маселелерди түшүнүү, кызматташтыкты

өнүктүрүү, Афганстанда тынчтык процессине жардамдашуу жана ошондой эле эки өлкө ортосунда инвестиция тартуу маселесинде бири-бирине көмөк көрсөтүүлөрү эки мамлекеттин дипломатиялык-саясий мамилелеринин түпкү тамырын түзгөн.

4. Кыргыз Республикасынын жана Афган Ислам Республикасынын саясий мамилелерин өнүктүрүү жаатында өлкө башчылары тарабынан көптөгөн расмий иш сапарлар жүзөгө ашырылган; эки тараптуу жана көп тараптуу деңгээлде саясий, экономикалык, соода жана маданий-гуманитардык тармактарда ондон ашык келишимдерге, макулдашууларга жана меморандумдарга кол коюлган.

5. Кыргыз Республикасынын жана Афган Ислам Республикасынын геосаясий жана гео-экономикалык жайгашуусу, Орто Азия жана Түштүк Азия мамлекеттеринин ортосунда экономикалык жана соода тармактарында (CASA-1000 долбоору Кытайдан баштап Кыргызстан, Тажикстан өлкөлөрү аркылуу Афганстан жана Иранга чейин темир жол куруу долбоору жана транзиттик жарттарда Улуу Жибек жолун кайрадан жандандыруу боюнча) кызматташуулар, эки өлкө саясий мамилелерин бекемдүүлүсүнө түрктү болуп саналат.

6. Кыргызстандагы афгандык качкындар маселеси, афгандык студенттердин Кыргызстандагы окуу жайларына илим-билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жана Афганстан Паминдеги кыргыздардын социалдык-саясий абалы жана аларды Кыргызстанга көчүрүп келүү маселелери дагы эки өлкөнүн саясий мамилелеринде ылайыктуу чөйрөнү түзгөн.

7. Кыргыз Республикасынын жана Афган Ислам Республикасынын ортосунда расмий мамилелердин калыптанышы, эки өлкөнүн жарандык деңгээлдеги бизнес, транспорт, саякат, спорт, маалымат алмашуу жана ааламдашуу тармактарында карым-катнаштар өз таасирин тийгизип, Кыргызстандын көптөгөн жарандарын Афганстанда жана Афганстан жарандарын Кыргызстанда эмгектенип жашоого ыңгайлуулукту жараткан.

8. Кыргызстан жана Афганстан геосаясий, географиялык-экономикалык жана стратегиялык жайгашуулары, эл аралык уюмдардын негизги багыты болуп келет. Региондогу өлкөлөр ортосундагы улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана коопсуздук, аткезчиликке (контрабанда) жана экстремизмге каршы бир гана өлкө күрөшпөстөн, региондо жайгашган өлкөлөрдүн эл аралык уюмдарынын деңгээлинде биргелешип күрөшүү ийгиликтүү натыйжаларын берээрине шек туудурбайт.

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Жүргүзүлгөн саясий-тарыхый изилдөөлөрдүн жыйынтыгында саясий илим жана эл аралык мамилелерге тийиштүү маселелер теориялык жана методологиялык нукта каралды. Кандидаттик диссертациянын мазмуну Кыргыз жана Афган Республикаларынын ортосунда түзүлгөн саясий мамилелерди биринчи жолу изилдеген илимий эмгек катары, эки өлкөнүн саясий-дипломатиялык багыттагы программаларынын даярдалышында, экономикалык жана соода-сатык маселелери боюнча иш-сапарларда, мекемелердин жана уюмдардын ишмердигинде илимий булак катары колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Кандидаттык диссертациянын теориялык жана методологиялык натыйжаларын жогорку окуу жайдын студенттери саясий илим, экономика, география, маданият, этнология жана этнопедагогика боюнча окуу материалы катары келечекте саясат таануу боюнча жүргүзүлө турган изилдөөлөргө база катары колдонууга болот.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациялары.** Кандидаттык диссертациянын негизги маселелери 2013-2016-жылдары эл аралык, республикалык маанидеги бир нече илимий конференцияларда, симпозиумдарда, тегерек столдордо жана басма сөздө диссертант тарабынан доклад катары сунушталган жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын илимий журналдарында жарык көргөн. Өзгөчө Кыргыз-Түрк «Манас» университети, И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана

Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети биргелешип жүргүзгөн “Жаш илимпоздордун I эл аралык конгрессине” (2016-ж. 24–25-март, Бишкек шаары) “Кыргыз жана Афган Республикаларынын дипломатиялык мамилелеринин калыптанышы, саясий-экономикалык жана маданий мамилелердин абалы”; Кыргыз Республикасынын эл аралык жол ташуучулар бирикмесинин, Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму жана USAIDдин Түштүк Азия жана Орто Азия мамлекеттерин “Транспорт жана логистика” семинарына (2014-ж. 18-20-декабрь, Бишкек шаары) “Түштүк жана Орто Азия мамлекеттерин соода-сатык мамилелеринде Афганстандын транзиттик мааниси” аттуу илимий баяндамалар сунушталган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы жана колдонулушу.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 11 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

# I БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН ЭЛДЕРИНИН ТАРЫХЫЙ-САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИ

## 1.1. Саясий мамилелердин теориялык-методологиялык негиздери

Саясий мамилелер байыркы мезгилден тарта саясат таануу илиминин, орчундуу бөлүгү катары акырындап, дүйнөлүк аренада коомдук-гуманитардык илимдердин алкагында өрчүп, өнүгүп келет. Саясий мамилелер коомдун тарыхый-цивилизациялык өнүгүшүндө, мамлекет менен элдердин байланышына, адамдын жеке күндөлүк турмушуна түздөн-түз зор таасирин тийгизип, улуттар жана мамлекеттер аралык өз ара кызыкчылыктарын ачып берүү, керектөөлөрүн ишке ашыруу үчүн эл аралык мамилелер чөйрөсүндөгү маанилүү парадигма.

Эл аралык саясат багытында саясий байланышты ачып берген Цицерон (б.з.ч. 106-43-ж.) [59, 257]. Ал "өлкөгө кирген душманды кууп чыгуу үчүн же өч алуу максатында жүргүзүлгөн "адилетүү", "туура согуш" тезисин сунуш кылат.

Орто кылымдагы Чыгыштын атактуу ойчулу Жусуп Баласагындын (1018-1070) "Кутту билим" (Кутадгу билиг) чыгармасыда мамлекетти башкарууда өкүмдардын адеп-ахлак принциптери жана коом менен элдердин ортосундагы саясий мамилелерди аныктаган философиялык системасы чагылдырылып, жашоо турмушта алардын саясий байланыштары да өзгөчө мааниге ээ.

XX кылымдын көп саясатчылары, өзгөчө "саясий реализм" агымынан Б. Фукидид, Н. Макиавелли [51,671], Г. Лебон [50, 234], Т. Гоббско (Философия, политология,теория государства и права) [70, 134] таянышкан.

Кайра жаралуу доорунун көрүнүктүү өкүлү Н. Макиавелли саясий жетекчи, эл аралык мамилелер жөнүндө "Падыша" [155, 130] деген эмгегинде: "Зарыл болбосо, өзүңдөн күчтүү өлкө менен союздаш болбой эле коюу керек" - деген эл аралык мамилелерге тиешелүү тезистерин жазаып, (Макиавелли, Н. Жыйынтыктар, 1982, 307-376-б.) ал бүгүнкү күнгө чейин саясий мамилелердин теориясы катары зор мааниге ээ.

Н. Макиавелли саясий мамилелерди аныктоодо функциялык методду кеңири колдонгон.

Ал эми азыркы саясатчылардын көңүлүн өзүнө бурган Т. Гоббс [41, 200], “бардыгы бардыгына караштуу” деген түшүнүгү менен баалуу. Бул идея кийин “күчтөрдүн тең салмактуулугу” концепциясынын философиялык-укуктук, этностук негизин түзөт [20, 257].

Саясий илимдин изилдөө методдоруна социологиялык, нормативдик, антропологиялык, бихевиористтик, психологиялык, системалык, структуралык-фунциялык, ишмердүүлүк, тарыхый-салыштырма, диалектикалык-сындоо ж.б. методдор кирет. Бул методдордун жардамында коомдук өнүгүүнүн экономикалык деңгээли, саясий түзүлүшү, шаар калкынын санынын көбөйүшү, алардын саясий активдүүлүгүнүн өсүшү, саясий партиялардын саны менен шайлоо системасынын ортосундагы байланыштары изилденет. Саясий илим саясатка этикалык баа берүүдөн алыс болуп, коомдук кубулуштун өзөгүн изилдөөгө тийиш. Ошондуктан ал диний догмалардан жана этикалык баалоодон баш тартууга чакырган. Бихевиористтик метод саясий илимде башка илимдердин методдорун колдонулушун талап кылат. Бул метод боюнча саясий илимде социология менен табият таануу илимдеринин методдорун колдонуу пайдалуу.

Структуралык-функциялык талдоо саясатты бир бүтүн татаал структурадан турган система катары изилдейт. Бул системанын ар бир элементинин белгилүү, айкын милдети бар жана ал ошол системадагы ордуна жараша өз функциясын аткарат. Структуралык-функциялык методду К. Маркс (“Капитал”) [56, 510] жана башка социологдор, политологдор кеңири колдонушкан.

Саясий мамилелрдин эң негизги категориясы катары тышкы саясат, дипломатия түшүнүктөрү менен улуттук кызыкчылыктарынын өзгөчөлүктөрү чагылдырат. Э аралык саясатта кайсы бир максатты көздөө жана ага жетүүнүн жолдорун тастыктоо катары түшүндүрүлөт. Алсак, реализм агымы боюнча “тышкы саясаттагы” милдеттерди аткарууда

мамлекет эл аралык аренада негизги актер катары маанилүү ролду ойнойт [20, 320]. Тышкы саясаттын түзүлүшү жана илимий механизмдердин колдонулушу 1648-жылы Вестфал макулдашуусу [136, 32] боюнча улуттук мамлекеттердин өнүгүүсү акыркы мезгилдерде өзгөрүүлөргө дуушар болуп, өз ара атаандаштык күч алууда.

Плюрализм агымынын изидөөчүсү А. Бентлинин "кызыкчылык группалар теориясы" боюнча "улуттук кызыкчылыкты" [162, 13] ишке ашырууда саясий диалогго өзгөчө маани берет.

Мамалекеттердин өз ара байланыштарын күчөтүүдө тышкы саясаттын ар түрдүү ыкмаларынын жардамы менен жайылтууга мүмкүн. Тышкы саясаттын башкы каражаты болуп элчилик, мамлекет башчылары, өкмөттүн жана тышкы иштер боюнча атайын органдар, мисалы, тышкы иштер министрлиги, чет өлкөлөрдө мамлекеттердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча расмий ишмердүүлүгү эсептелет. Алардын тышкы саясат максаттары соода-сатык, экономикалык, илимий-техникалык жана саясий-социалдык байланыштарды орнотуу жана жайылтуу жолу менен ишке ашат [21, 339-340].

Саясий мамилерлер теориясынын тарыхында эл аралык мамилелерге эң көп таасирин тийгизген реализм агымы болгон. Реалисттер мамлекетти эл аралык мамилелердин негизги актёру катары санашып "мамлекет" жана "күч" терминдерин реалдуу академиялык изилдөөлөргө негиз туткан. Эл аралык мамилелерде орчундуу маселелер катары : "улуттук коопсуздук", "улуттук кызыкчылыктар", "күч тең салмактуулугу", "ынтымак" [145, 73-74] тармактарында түзүлүүдө. Реалисттик агымдын негиздөөчүлөрүнүн башында турган окумуштуулардан Х.Моргунтау реализмдин негизги алты принцибин баяндайт [136, 16]:

– эл аралык саясат, ааламга тиешелүү жана объективдүү эрежелер тарабынан башкарылууда, мунун да булагы инсан табияты;

– эл аралык саясат, улуттук кызыкчылык "күч" термини аркылуу ачыкка чыккан;

– күч үчүн таанылгын кызыкчылык жерди жана убакытты таанибайт, бирок кызыкчылык жүргүзүлгөн саясат жана аймактын маданиятына жараша өзгөрүшү мүмкүн;

– эл аралык мамилелерде моралдык же ахлактык маанилердин таасири жок. Реализмде тышкы саясаттын канчалык адеп-ахлактуулук менен эмес, канчалык деңгээлде улуттук кызыкчылыктарга кызмат кыларына жараша маани берилет;

– мамлекеттер глобалдык адеп-ахлакты жалгыз гана өзүнүн чындык максаттарын бекитүү үчүн колдойт жана жактайт.

Х. Моргентау Вестфалия схемасында ачыкка чыккан принциптер, эл аралык саясаттын негизги актёру эгемен – улуттук мамлекет жана бул мамлекет ар дайым өзүн кызыкчылыгын каалап келет [145, 75] - деген ишенимде болгон. Реализм агымынын теориялары соңку кылымдарда бир аз өзгөртүлгөн.  Бул агымдын  негиздөөчүлөрү катары Моргентау, Карр ж.б., ал эми неореализм өкүлчүлүктөрүнөн Жан Мершимер, Степхем Валцз, Степхем Броокс, Кеннецз Валцз ж.б. сыяктуу изилдөөчүлөрү атап кетсек болот.

Классикалык реализмдин кемчиликтерин сезген Кеннецз Валцз [153, 120] сыяктуу неореалисттер классикалык реализмдин кемчиликтерин түшүнүү менен көбүрөөк билимдүүлүккө маани берип, аны системага келтирүүнү максат кылган. Неореализм реализмдин негизги принципттерин кабыл алып, кээ бир жаңылыктарды киргизген. Бул жаңылыктардан эң маанилүүсү неореализмдин реализмден көбүрөөк илимдүүлүгү болгон. Кеннецз Валцз билимдүүлүк, эл аралык мамилелер теориясы, эл аралык системанын түзүлүшү тармактарына көңүл бурган. XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башында эл аралык мамилелер системасында көптөгөн өзгөрүүлөр болгон.

Саясий байланыш система агымын жана байланыш тармагын аныктаган К. Дойч (1912-1992) [57, 175], адеп-ахлак жана зомбулук, тышкы саясат, согуш – тынчтык маселелерине көңүл бурган.

Улуттар аралык социалдык-саясий мамилелерди жүргүзүүдө жана элдердин ортосундагы достук мамилелерди бекемдөө элдик дипломатия маанилүү ролду ойнойт. Мисалы, XX кылымдагы памирлик кыргыздардын акыркы ханы Рахманкул хан ондогон жылдар бою бийик Памир тоосунда өз калкынын пайдасын көздөө менен каада-салттарын сактап калуу үчүн Кытай, Тажикстан, Афганстан элдери жана ошондой эле дүйнө мамлекеттери менен коомдук социалдык-саясий байланыштарды өрчүтүүдө дипломатиялык иштерди жүргүзгөн.

Мамлекеттер арасындагы саясий мамилелер – социалдык-экономикалык, гуманитардык байланыштардын жана дүйнөлүк коомчулуктун субъектилерининин ортосундагы мамилелердин системасы болуп саналат. Мындай субъектилердин катарына *элдер*, *мамлекеттер, эл аралык коомдук уюмдар жана кыймылдар* кирет.

Соңку мезгилде эл аралык мамилелердин глобалдык проблемалары, региондордун жана мамлекеттердин кызыкчылыктарын камтыган көптөгөн чечилбеген маселелер мүнөздүү. Адамзаттын алдында ядролук согушту болтурбай коюу жана жалпы коопсуздукту бекемдөө маселелери турат. БУУ, эл аралык жана регионалдык коомдо элдик дипломатиялар, адамдардын жашоо шартын жакшыртууда, дүйнөдөгү туруктуулукту жана коопсуздукту камсыздоо маселелеринде башкы ролду ойнойт. Аны менен бирге экономика, соода-сатык, жогорку окуу жайлар, институттар жана эл аралык мектептер саясий мамилелердин пайдубалы болуп саналат. Ошондой эле Ислам мамлекеттери аркылуу түзүлгөн Ислам Кызматташтык Уюму дүйнөдөгү экинчи эл аралык уюм [12, 50] болуп эсептелет.

Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин өлкөнүн ички жана тышкы саясатын өз алдынча жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, 25 жылдан бери региондо жана эл аралык аренада маанилүү роль ойноп келет. Ошондон бери мамлекеттин ички саясаты зор өзгөрүүгө учурады. Ал эми тышкы саясатта өз элинин улуттук кызыкчылыктарын башка мамлекеттердин кызыкчылыктары менен шайкеш саясат жүргүзүүгө

мүмкүнчүлүк түзүлдү. Кыргыз Республикасы алгач көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине (КМШга) мүчө болуп, андан соң дүйнөнүн бир катар мамлекеттери жана эл аралык уюмдар менен дипломатиялык-саясий мамилелери өрчүй баштады. 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын алкагында 124 мамлекет – АКШ, Европа Союзунун, Түштүк-Чыгыш-Азия жана араб өлкөлөрү менен өз ара саясий мамиле түзгөн. Алсак, Афганстан Ислам Республикасы геосаясий жактан Кыргыз Республикасы үчүн бир кыйла маанилүү. Анткени Афганстандын географиялык-саясий жайгашуусу дүйнөлүк күчтөрдүн атаандаштыгына себеп болуп, Орто Азия регионунда кооптуу кырдаал түзүлдү. 1994-жылы ислам шариатын турмушта пайдалануу максатында баш көтөргөн Талибан күчтөрү, ошондой эле 2001-жылдын 11-сентябрындагы АКШдагы террордук акт катары жарыяланган окуя жана дүйнөдө болуп жаткан ушул сыяктуу көрүнүштөр Афганстан Ислам Республикасынын атын дүйнө элдерине террордук өлкө катары таанытууда. АКШ болсо терроризмге каршы күрөшүү катары бул өлкөнү ээлеп алып, өзүнүн стратегиялык кызыкчылыктарын ишке ашырууда. Афганстан бүгүнкү күнгө чейин тышкы күчтөрдүн кийлигишүүсүнөн улам тынчыбай, Орто Азия өлкөлөрүнө коркунуч пайда кылууда.

Кыргыз Республикасы 1992-жылдан тартып Афганстан менен өз ара саясий мамиле түзгөн. Ал эми Афганстан 2001-жылдан кийин өлкөдө тынчтык орнотуу максатында дүйнөнүн бир катар мамлекеттери, алардын катарында Кыргыз Республикасы менен да саясий мамиле түзүүгө өзгөчө көңүл бурууда.

Тарыхта социалдык-саясий жактан карым-катнашта болгон эки эл бүгүнкү күндө да мамлекеттик деңгээлде саясий мамиле түзүп, өз ара кызматташтыкка маани беришүүдө. Учурда Орто Азия регионундагы саясий, коопсуздук жана экономикалык маселелердин дүйнөлүк мааниге ээ болушу, мамлекеттердин бири-бири менен мамиле түзүү муктаждыгынын

артуусу, ошондой эле илим менен техниканын өнүгүүсү, өлкөлөрдү тышкы саясатта өз ара кызматташтык мамилелерди түзүүгө мажбурлайт.

Саясий мамилелердин теориялык-методологиялык булактарын негиз тутуп, Кыргызстан менен Афганстандын саясий мамилелериндеги негизги булак катары, дипломатиялык мамилелеринин расмий түрдө калыптанышы, өз ара саясий, экономикалык жана маданий мамилелеринин абалы, Улуу Жибек жолундагы эки өлкөнүн геосаясий жактан мааниси жана ошондой эле Түштүк Азия менен Орто Азия мамлекеттеринин кызматташтыгында Афганстандын транзиттик мааниси саясий мамилелерде өзгөчөлөнүп турат.

Кыргызстанда саясий илимимдин элементтерин элдик оозеки чыгармалардан кездештирүүгө болот. 2200 жыл илгери дүйнөгө ак калпакчандардын мамлекети катары көрүнгөн кыргыздар өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүн жоготуп алгандан 1004 жыл өткөндөн кийин гана, мындан 92 жыл мурун, 1924-жылы 14-октябда, РСФСРдин (Российская Советская Федеративная Социалистическая Республика) курамында, формалдуу түрдө болсо да, улуттук мамлекетин кайрадан калыбына келтиришкен. Ал эми 1991-жылы СССР империясы кулап, КПСС жоюлгандан кийин, көп улуттуу кыргызстандыктар толук эгемендүүлүгүн бүткүл дүйнө мамлекеттери расмий тааныган, жалпы адамзаттын баалуулуктарын, биринчи кезекте, адам укугу менен эркиндигин туу туткан, көз карандысыз, демократиялык Кыргыз Республикасын курууга киришкен. 1991-жылдын 31-август айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө Декларация тууралуу” [7]. мыйзам кабыл алуу менен бирге, коомчулук тарабынан толук колдоого ээ болуп, өз алдынча эркин болгондугун чет өлкөлөргө жарыялап, аймактык жана эл аралык аренада баш көтөргөн. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн дүйнө жүзүнө таанылышы жана заманбап саясат таануу илиминин калыптануусунда өз салымдарынын кошгон илимпоз инсандар бар.

Профессор Т.О. Ожукееванын [41, 216] 1993-жылы жарык көргөн “XXI кылым: Кыргызстандын улуттук мамлекеттүлүгүнүн кайра жаралуусу” аттуу илимий монографиясы кыргыз тарыхына, мамлекеттүүлүктү куруу маселелерине, улуттун бүгүнкүсү менен анын келечегине жаңыча көз карашты жана коомдук-саясий ой-пикирди калыптандыруунун алгачкы үлгүлөрүнөн болгон. Кыргызстанда саясат таануу боюнча илимий макалалары, аналитикалык материалдары көптөгөн маалыматтарды, ойлору, көз караштары менен өз салымын кошкон авторлор аз эмес. Алсак, Т.О. Ожукеева, А. Акунов [40, 79-85], жана А. Д. Донанбаев саясат таануу боюнча жана көптөгөн илимий эмгектери, саясатка анализ жүргүзгөн А. Марипов, А.Б. Элебаева, А.К. Джусупбеков, Н.А. Өмүралиев, жана К. Исаев [62, 321] ж.б. илимпоз адамдар саясат таануу илиминин өнүгүүсүнө жана коомдук социологиянын өнүгүүсүнө күч кошуп келе жатышат. Ошондой эле Кыргызстанда саясий маселелерди изилдеген инсандар М. Артыкбаев (КМУ), Н. Айып (политолог), К. Бектурганув (КМУ), С. Бегалиев (ИИМЖ ЖМ), Ж. Бөкөшов (КМПИ), А. Идинов (КМПИ) Ш. Ниязалиев (КАСИ), Б. Нишанов (“профессионал-менеджер”), В. Тутлис (ГИЯГН) [62, 85] сыяктуу изилдөөчүлөр өз салымдарын кошуп келет. Мисалы, Бердибек Жумабаевдин “Кыргыз дүйнөтаанымы” аттуу китеби улуттун нукура философиясынын капкагын ачып, түбү терең, кең мейкендикти, миңдеген жылдарды камтыган, табигаттын мыйзамдары менен айкалышкан, “Теңир жалгаган, Теңир жараткан, Теңир болтурган, Теңир билим берген” кеңири дүйнөнү даанышмандык менен сүйгөн кыргыздын “дүйнөтаанымын”, “дүйнөкабылдоосун”, “дүйнөтүшүнүгүн” биринчи жолу кагазга түшүргөн келечектүү эмгеги [56, 8] Кыргызстанда саясат таануу илиминин калыптануусунда чоң мааниге ээ. Бердибек Жумабаевдин “Кыргыз дүйнөтаанымы” деген чыгармасы XXI кылымдын улуу жыйынтыгы, ар бир инсандын акыл-эсин кыймылдатып, намысын жандандыра турган, кыргыздын ким экенин тааныта турган [56, 11] китеп. Кыргызстанда саясат таануу узак убакыттар бою буржуазиялык теория

катары саналып, баштапкы абалда сакталып келген. Айрым саясат таануу маселелери тарыхый материализм, илимий коммунизм, КПССтин тарыхый ж.б. коомдук илимдердин чегинде каралып келген [42, 7].

Орто Азия элдеринин эң байыркысы болгон кыргыздар тарыхый өнүгүүнүн мыйзам ченемдеринин алкагында, бирде гүлдөп өнүккөн күчтүү мамлекет болуп, бирде кыйроого учурап, улам-улам жер которуп, көптөгөн башка элдер-мамлекеттер менен мамиле түзүп, акыры Ала-Тоону жердеп, бүгүнкү күнү саясий жактан көз карандысыз Кыргыз Республикасын түзүүгө жетишти. Тарых менен мейкиндиктин алкагында кыргыз маданияты өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетип, бирок башка күчтүү цивилизациялардын соккусунан улам кыйрап, анан кайрадан биригип, өз жашоосун улантып келген.

Кыргыздардын саясий ой-пикири өзүнүн жаратылышы боюнча Батыш Европадан, АКШдан, Россиядан, Кытайдан жана башка маданияттардан өзгөчөлөнгөн өнүгүү логикасы [42, 12]. болуп, кыргыздын өзүнөн чыккан маданий салтка, өзгөчө баалуулуктарга таянган өзүнө гана таандык куюлушкан ыргакта Манас баянын айткан Жусуп Мамайдын (Чыңгыз Айтматовдун айтымында: Ж. Мамай – кыргыз рухун сактаган адам) манасчылык феномени [89, 5]. Кыргызстанда саясий ой-пикирдин өнүгүшүнө өзгөчө таасирин тийгизген. Кыргыздардагы саясий ой-пикирдин өнүгүшүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрүн белгилей кетели:

*Биринчи өзгөчөлүгү,* кыргыз тарыхынын өзгөчөлүгү менен байланышкан, б. а., саясий ой-пикирдин жетишкендиктери бир нече жолу, кээде таптакыр дайынсыз жоголуп кетип, анан кайрадан жаралып турган. Акыры жолу мындай жоготуу Совет бийлигинин орношу менен байланышы, мурунку маданият, саясий ой-пикир жараксыз деп, ал тургай өтө зыяндуу жана коркунучтуу деп эсептелип, кыргыздарга тааныш эмес маркстык-лениндик идеялары, коммунисттик идеология сырткы күчтөр тарабынан таңууланган.

*Экинчи өзгөчөлүгү,* кыргыздардын саясий ой-пикирлери XX кылымдын ортосуна чейин оозеки адабияттын, этикалык жана философиялык ойдун курамдык бөлүгү болуп келген. Өз кезегинде философиялык ой-пикир да көп мезгил бою акындыктын, оозеки чыгармачылыктын жана фольклордун курамында өнүккөн. XX кылымдын башына чейин акындар, манасчылар, жамакчы ырчылар, кийинчерээк XX кылымдын 60-70-жылдарына чейин адабиятчылар, жазуучулар бир эле мезгилде философ да, тарыхчы да, саясатчы да болуп келишти. Саясат таануу Кыргызстанда XX кылымдын 90-жылдарынын башында гана өз алдынча илим катары бөлүнүп чыкты.

*Үчүнчү өзгөчөлүгү,* кыргыздардын саясий ой-пикири маданий салт болуп калган жеке адамдын эркиндиги эмес, биринчи орунга ошол адам тиешелүү болгон урук, уруу коюлган. Уруунун кубаттуулугу, ынтымагы, ар-намысы башка урууларга салыштырмалуу өз алдынчалыгы сыяктуу баалуулукка ээ болгон. Тигил же бул урууга кирбеген кыргыз болгон эмес, эгер андайлар учураса, анда аларды «селсаяктар» деп, адам катарына кошпой, кул сыяктуу мамиле кылышкан.

*Төртүнчү өзгөчөлүгү,* кыргыздардын саясий ой-пикири миңдеген жылдар бою саясий ой-пикирдин учугун улап, үзгүлтүккө учураса, кайрадан уланып, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүү идеясы болгон. Бул идея боюнча кыргыздардын тарыхы – өзгөчө оор, кайгылуу, бирок баатыр жана даңктуу тарых, ал эми кыргыз эли Теңир колдогон, Манасы бар, эркиндикти, биримдикти сүйгөн эл деп эсептелген.

*Бешинчи өзгөчөлүгү,* кыргыздардын жашоо-турмушу саясий идеяларга дайыма муктаж болуп, акындар менен манасчылар дагы саясий практикалык функцияны аткарып келишкен. Бул саясий ой-пикирлер, идеялар Ата Журтту баскынчылардан коргоодо, ар кайсы урууларды бириктирүүдө ж.б. саясий мүнөздөгү проблемаларды чечүүдө маанилүү каражат болуп келген. Ошондуктан уруу башчылары бардык убактарда

манасчы-акындарды ар тараптан колдоп, андагы саясий ой-пикирлерди пайдаланып жана эл арасына таратып келишкен.

Саясат таануу илиминин өз алдынча бөлүнүшү XX кылымдын 80-жылдардын аягы – 90-жылдардын башына туура келет. Ушундай шартта 1991-жылы Кыргыз улуттук университетинде саясат таануу кафедрасы ачылган. Бүгүнкү күндө саясат таануу илими бардык жогорку окуу жайларда окутулат, ал эми бир катар университеттерде «Саясат таануу» багыты боюнча жогорку билимдүү адистер даярдалат. 2002-жылы «Саясат таануу» боюнча кандидаттык диссертация жактоого атайын Кеңеш ачылган. Бүгүнкү күндө мындай ишке сын көз менен карап, этият мамиле кылып, өлкөнүн ичиндеги саясий процесстер менен саясий мамилелерди изилдөөгө көбүрөөк көңүл буруп, саясат таануунун улуттук салттарын иштеп чыгуу күн тартибиндеги биринчи кезекте аткарылуучу, орчундуу маселелердин бири.

## 1.2. Кыргызстандын жана Афганстандын тарыхый жана географиялык өзгөчөлүктөрү

**Кыргызстандын тарыхый жана географиялык өзгөчөлүктөрү.** Кыргыздар кылымдар бою эч кимге баш ийбей, өзү да башка элге эч бир жамандык кылбай жашаган калк. Кыргыздар тынчтыкта жашап, малын багып, балдарына улуу-кичүүнү урматтап-сыйлоого үйрөтүп тарбиялаган калк. Байтеректин бутактары сыяктуу уруу-урууга бөлүнүп, алыстап кетпейли деп, бири-биринен кыз алып, кыз беришип, жети атасынын ысымдарын жатка айтып, ал гана эмес, алар эмне деген адамдар болгонун, уругунун, уруусунун жана жалпы кыргыз элинин санжырасын балдарына үйрөтүп, эс-тутумун жоготпой сактап келе жатат. Ар бир уруунун башында ошол уруунун тагдырын чечкен мыкты бийлери, калк ач калганда эл баккан байлары, тар жол тайгак көчүүлөрдө жол көрсөткөн акылман аксакалдары, жайлоодо жай турмуш кечирген убактарда көңүл көтөрүп, акыл өстүргөн ак таңдай акындары болгон. Тарых дагы кыргыздын улуу эл экенин тастыктап келүүдө [48, 4-5]. Кыргыздар Орто Азиядагы түрк элдеринин эң байыркысы

экенин илимпоздор да бир оороздон баса белгилеп келишет. Муну Хунндардын (хунну) доорунда (б.з.ч. 201-жылдар) Кытай булактарына кыргыздардын “Гянгунь”(Кыргыз) деп түшүшү ачык далил болуп саналат [16,5]. Ушул учурларда кыргыздар Гэгунь (Кекун/Кокун) деген ат менен аталып турган.

VI-XVIII кылым династиялык мезгилде, тагыраак отчёттор берилет; “алар ушул убакта жогорку Енисейде жайгашкан” [154, 59] Батыш түрк каганаты кулагандан кийин Кыргызстандын аймагында Түргөш каганаты (704-746) өмүр сүргөн. 746-жылы ага карлуктар кол салат. Карлуктар мамлекети көчмөн уруулардын күчтүү союзунан турган. VIII–IX-кылымдарда Карлук каганаты Жети-Суу менен Тянь-Шанда өкүм сүргөн. Ушул учурда Түштүк Сибирде Енисей кыргыздарынын мамлекети көтөрүлө баштаган. Уйгурлар менен болгон согуштун натыйжасында (840-ж.) кыргыздар аларды талкалап жана Орто Азиянын кеңири аймактарын басып алып Улуу Кыргыз каганатын түзүүгө алып келген [57, 43].

Адамзаттын тарыхында эмне деген орошон окуялар өтпөдү. 940-жылы Орто Азияда Караханилер бийликке келди [99]. Карахан Каганатынын түзүлүүсү менен (X кылымдын башы – XIII кылымдар) Кыргызстандын аймагында ислам маданияты жайылтыла баштайт. Бул болсо шаар маданиятынын, жазуунун, адабият менен тарыхтын дүркүрөп өсүүсүн шарттаган. Улуу ойчулдар Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгари өздөрүнүн улуу чыгармаларын жазышкан.

XVII кылымдын ортосунан баштап, XVIII кылымдын ортосуна чейин кыргыздар Жунгар хандыгынын басып кирүүсүнөн өз көз карандысыздыгын коргошкон. XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыздар Кокон хандыгынын бийлигине баш ийип калган. XIX кылымдын орто ченинде адегенде түндүк кыргыздар, кийин түштүк кыргыздар Россияга өз ыктыяры менен кошула баштaшкан. Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы толук түрдө 1868-жылга чейинки мезгилде ишке ашкан. Орусияга каратууда кыргызстандын түштүгү түндүк аймактарга

караганда өзүнүн татаалдыгы, кандуулугу менен айырмаланып турган [43, 351]. 1867-жылы Кыргызстанда Россиянын административдик-аймактык башкаруусу иштей баштаган. Падышалыктын журт котортуу жана салык саясаты улуттук жана экономикалык эзүүнү күчөтүп жиберген. Орто Азия элдеринин биринчи антиколониялык козголоңу Фергана өрөөнүндө 1898-жылы Анжиян шаарында болгон. Орус падышачылыгына кошулуу процесси кыргыздардын экономикалык жана чарбалык турмушунун акырындап өзгөрүүсүнө алып келген. Кыргыз элинин географиясын, табиятын жана тарыхы менен маданиятын изилдеп-үйрөнүү башталган. Бул прогрессивдүү көрүнүш эле. Бирок падышалыктын колониялык саясаты 1916-жылдагы көтөрүлүшкө алып келди, ал болсо трагедия менен аяктагандыгы белгилүү.

Россиядагы Октябрь революциясы (1917-ж.), социалисттик түзүлүштү орнотуу, элдердин өзүн-өзү аныктоо укугу жана СССРдин түзүлүшү Кыргызстандын тарыхындагы тарыхый бурулуш этап болгон. Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүүсү менен (1924-жылдын 14-октябры) советтик типтеги кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсү башталган, бул болсо саясий татаалдашуусуз 1991-жылы 31-августта толук көз карандысыздыкты алууга мүмкүнчүлүк берди [135, 543]. 1991-жылы СССР таркагандан кийин кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында жаңы барак ачылды. 31-августта Кыргызстан өзүн көз карандысыз мамлекет деп жарыялап, реформалоо этабы башталды. 1991-жылы 12-октябрда бийликке шайлоо жолу менен 95,9 пайыз добуш алып, Аскар Акаев президент катары шайланган [162, 442].

1993-жылы Кыргыз Өкмөтү улуттук валюта киргизүүнү сунуштап, 3-майда республиканын Жогорку Кеңеши министрлер кабинетинин сунушун бекитип берди. Ал эми 10-майдан тартып Кыргызстан өзүнүн улуттук валютасы – кыргыз сомун колдонууга киргизди.

Кыргызстандын ички саясатында бийликке болгон нааразычылыктар жумушсуздук, коомдун катмарларга бөлүнүп, тез дифференциялашуусу,

криминалдашуу, бийликтин авторитаризми жана коррупция (паракорлук) ж.б.у.с. көп жылдар бою чечилбеген социалдык көйгөйлөр Кыргызстандагы саясий режимди эки ирет кулатууга (2005-жылдын 24-мартында жана 2010-жылдын 7-апрелинде) алып келген. Өткөөл убактылуу өкмөттөн кийин Кыргызстанда парламенттик республика орнотулуп, Жогорку Кеңешке кеңири ыйгарым укуктар берилди [47, 732]. Азыркы саясий жетекчилер мамлекеттик конституцияга референдум аркылуу өзгөртүүлөрдү жасай алды жана бул өзгөрүүлөр менен Орто Азияда биринчилерден болуп парламенттик системаны орнотту. Ушул убактан тарта башкаруу формасы парламенттик башкарууга өттү [162, 442].

Татаал социалдык-экономикалык кырдаалдан улам Кыргызстан көп тараптуу саясат жүргүзгөнгө аргасыз эле. Ал республикага инвестицияларды алып келүү максатында зарыл карым-катыштарды түзүп келет. Ал Бириккен Улуттар Уюмуна (БУУ), Дүйнөлүк Соода Уюмуна (ДСУ), Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык боюнча Уюмуна (ЕККУ), ЮНЕСКОго, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине (КМШ), Жамааттык Коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмуна (ЖККУ), Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ), Ислам Кызматташуу Уюмуна (ИКУ), Экономикалык Кызматташтык Уюмуна (ЭКУ), Түрк тилдүү мамлекеттердин Кызматташтыгынын Кеңешине (ТМКК) мүчө болду, Бажы союзуна, Евразия экономикалык биримдигинине (ЕАЭБ) кадам таштап, жакынкы эле эмес, алыскы да чет өлкөлөр менен байланыштарды жөнгө салууда.

Демократиялашуу процессинин аркасында эгемен Кыргызстандын руханий турмушунда да маанилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Ушуга байланыштуу аны базар мамилелерине ыңгайлаштыруу үчүн билим берүү чөйрөсүндө бир катар мыйзамдар кабыл алынууда. Экономикалык кризистин кесепеттери илимий мекемелердин иштерине да терс таасирин тийгизди. Коомдун руханий кайра жаралуусу үчүн маданий мураска, атап айтсак, кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларынын шедеври – “Манас”

эпосуна чоң маани берилип келет. 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы” эл аралык деңгээлде белгиленип, кыргыздардын рухий деңгээлин, аны түзгөн элдин маңызын, кадыр баркын айкындаган көрсөткүч катары чыкты [47, 732].

Кыргызстан түндүгүндө Казакстан, түштүгүндө Тажикстан, чыгышында Кытай жана батышына Өзбекстан менен чектешкен. Кыргызстан Евразиянын борборунда, дүйнөлүк океандан (1700 км дан 6530 кмга чейинки) алыста жайгашкан, анын узундугу – түндүктөн түштүккө – 453,9 км, чыгыштан батышка – 925 км созулат. Кыргызстандын чек арасынын узундугу 4104 км болуп; Кытай менен – 1084 км, Казакстан менен – 1051 км, Тажикстан менен – 870 км жана Өзбекстан менен 1099 км. Кыргызстан деңиз деңгээлинен бийиктиги – 7439 м. Кыргызстандын жети областынын 34 районунда (40 райондун ичинен) чек ара бар. Чүй облусу Кыргыз Республикасынын өнүккөн аймактарынан бири болуп саналат [69, 141].

Кыргызстандын аймагы кайталангыс рельеф ландшафын түзөт. Кыргыздар жашаган жеринин табиятынан улам өздөрү жашаган бийик тоолуу аймактарды Ала-Тоо деп атап келишкен. Бийик тоо койнунда жайкысын салкын жана жаанчыл, жаз-күзү суук, кышкысын аяздуу болот. Мына ушундай шартта кой жүнүнөн жасалган боз үйү көчүрүүгө жеңил, тез жана ыңгайлуу, сууктан да сактап турган.

Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көл дүйнөдөгү эң чоң көлдөрдүн бири болуп саналат. Ысык-Көлдү тегерете капчыгайлуу тоолор курчап, кышкысын көлдүн суусу тоңбойт. Кыргызстанда Чаткал, Алай, Ат-Башы, Талас өрөөндөрү да бар. Бул өрөөндөр адам жашаганга ыңгайлуу, кооз, алардын баары кырка тоолор менен курчалып турат. Ал эми түштүктө кооз капчыгайлар, өрөөндүн өсүмдүүлүгү, кооз жердин көптүгү түндүктөн ашып түшөт. Нымдуулук көп болгондуктан, Арсланбап жаңгак токою, Сары-Челек көлү сыяктуу кооз жерлер бар.

Кыргыз Ала-Тоосу жайлоолорго да бай. Кыргыздар илгертеден бери Каркыра, Кырчын, Сырт, Ак-Сай, Арпа, Соң-Көл, Суусамыр, Кара-Шоро ж.б. жайлоолордо жай мезгилдеринде жашашкан. Кыргызстандын 90%ын ээлеген тоолор мал багууга ылайыктуу. Ала-Тоонун жайыттары кыргыз элинин баа жеткис жана түгөнгүс байлыгы. Андагы күчтүү чөптү жеген малдын адамга берген кубаттуулугун башка элдер таанып-билгенден кийин ага муктаждык өтө арбын [47, 226;246].

XVIII кылымдын башында Россия, Европа үчүн «терезе» болсо, XXI кылымдын башында Кыргызстан Азия Тынч океан регионуна «терезе» болушу керек. Буга байланыштуу («кургак» кээ бир деңиз сууларын алмаштыруу) өзүбүзгө айрымдары өз ыктыяры менен салыштырууга өкүлчүлүгүн берет.

Ошондой эле Кыргызстан өзгөчө мал чарбасына, дыйканчылыкка ылайыктуу өлкө, тоолор кенге, мисалы, алтын, күмүш, алюминий, сымап жана курулуш материалдарына бай. Дүйнөдөгү алтын чыккан мамлекеттердин катарында Кыргызстан дагы турат.

**Кыргыз Республикасы тууралуу кыскача маалыматтар:**

Өлкө аты: *Кыргыз Республикасы*

Борбору: *Бишкек шаары*

Мамлекеттик түзүлүшү: *парламенттик республика*

Президенти: *Атамбаев Алмазбек Шаршенович*

Өлкөнүн Парламенти: *Жогорку Кеңеш* (депутаттардын саны – 120)

Көз карандысыздык күнү: *1991-жылдын 31-августу*

Конституция күнү: *1993-жылдын 5-майы*

Тили: *кыргыз тили – мамлекеттик тил* жана *орус тили – расмий тил*

Акчасы: *сом (2016-жылы 20-наябрда 1 АКШ $ 69.10 сом)*

Областтары: *Чүй, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Нарын, Ысык-Көл, Талас*

Мамлекеттик герби жана желегин бекитилген күнү: *1994-жылдын 14-январы.*

Калкын саны: *6 млн 78 миң адам (2016-жылы 18-август, КирТАГ)*

КРнын дипломатиялык мамилеси: *135 өлкө менен мамиле түзүлгөн*

КР мүчө болгон эл аралык уюмдардын саны: *76*

Келишимдик органдар: *14*

**Афганстандын тарыхый-географиялык абалы.** Афганстан б.з.ч. 500-жылдан баштап, көптөгөн мамлекеттердин басып алуусуна дуушар болуп келген. 1747-жылы саясий биримдиктен кийин Афганстан аты менен белгилүү болуп [163, 1], 1919-жылы Улуу Британиядан көз карандысыздыгын алган. Бүгүнкү күндө Афганстан Ислам Республикасы Орто Азия, Түштүк Азия, Орто Чыгыш жана Кавказдын кесилишкен аймагында орун алып, 30 миллиондон ашык калкы, этностук жактан ар кандай улуттардан (пуштулар, тажиктер, хазарлар, өзбектер, түркмөндөр, балочтор, пашайылар, нуристандар, аймактар, арабдар, *кыргыздар,* кызылбаштар, гужарлар, барахавилер ж.б.) [2] турган мамлекет болуп эсептелет.

Афганстан өлкөсү Орто Азия жана Түштүк Азия ортосундагы көпүрө катары эсептелет. Атомдук күчү бар Орусия үчүн Түштүк Азияга ачылган жол. Азыркы күнгө чейин Индия үчүн океанга ачылган жол катары маанилүү болуп эсептелүүдө. Афганстандын тарыхый басып өткөн жолу, бул өлкөнүн азыркы күндөгү артта калышынын негизги себеби [169]. СССР Афганстанга аскер жактан жардам берүү максатында кирди. Ушул эле жылдары АКШ дагы жардам катары Афганстанга миллион доллар берген. Бирок бул жардам берүү менен АКШ Афганстандын СССРден таасирленүүсүнө тоскоол боло алган жок.

СССРге жакындоо менен бирге Афганстанда бири-бирине идеологиялык каршы пикирдеги адамдардын саны көбөйдү. Карапайым калк арасында Ислам түшүнүгү жайылган, ал эми колунда бар б.а., бюрократтар, чиновниктер арасында, ал тургай жаш балдардын түшүнүгү марксисттик идеалга айланган. 1970-1973-жылдары Афганстанда марксисттер [141, 260] менен исламчылар арасында абдан катуу ажырым пайда болгон. Мамлекеттик кызматтарда марксист идеологиясын

колдогондор иштеген. 1973-жылы июль айында Захир Шахтын ордуна премьер-министр Дауд Хан кансыз көтөрүлүш менен бийликке келип, Афганстанды Республика катары жарыялаган. Дауд Хандын бийлиги 1978-жылы коммунист көтөрүлүшчүлөр тарабынан кулатылып, Демократиялык Афган Республикасы [115] жарыяланган.

1979-жылга чейин "Социалистик" жана "Капиталисттик" лагерлердин ортосундагы өз ара тирешүүлөр дүйнөнүн ар кайсы континентиндеги мамлекеттерде (Корка, Вьетнам, Куба ж.б.) болуп, бири жеңилип, бири жеңип, акырында Афган Демократиялык Республикасына келип токтоду. Эгерде СССР өз убагында армиясын Афганстанга киргизбегенде, анда сөзсүз ал жерге АКШ аскерлерин киргизмек [25, 6], себеби доор өтүп (2001-жылы) бул чындыкка айланды.

СССР 1979-жылдын 12-декабрында Афганстанга аскердик жардам максатында 80000 аскер, 1800 танк менен кирип, "Шторм" операциясын ишке ашырган. 1989-жылы 15-февралда советтик жоокерлер кайра Афганстандан чыгарылып кеткиче, расмий билдирүүлөргө ишенсек 9 жыл 1 ай 18 күндө (1979-жылдын 24-декабрдан 1989-жылдын 15-февраль айына чейин) [83] Советтик армиянын жалпы 14453 аскери каза болгон [25, 6]. 51879 адам ар кандай жараат алган, 309 жоокер дайынсыз жоголгон, 118 аскердик самолёт күйгөн, 333 вертолёт, 947 танка, 1314 бронетранспортёр, 433 минамёт, 11369 автоунаа жок болгон. Бул согушка 64148 аскер жана атайын даярдыктан өткөрүлгөн (спецназ) 2672 адам катышкан [49, 13]. Ошондой эле Афганстан Демократиялык Республикасындагы согушка  кыргызстандык 7141 жоокер катышкан. 300 ашуун адам курман болгон,4 адам дайынсыз жоголгон, 1500 жоокер жаракат алган. Афганстанда кайтыш болгон кыргызстандык жоокерлердин жалпы тизмеси 248 адамды [25, 14-20] түзгөн. Ошондой эле бул согушта 1 миллиондан ашык афган эли кайтыш болуп, 5 миллионго[157, 159] жакын калкы өлкөдөн качып чыккан.

Советтик күчтөрдүн Афганстан мамлекетине барып, Кабулдагы бийликти калыбына келтирип, бардык маселелерди тынчтык жолу менен сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүнү көздөгөн. Бирок дүйнөдө “кансыз согуш” күчөп турган мезгилде “үчүнчү дүйнө мамлекеттери” бул дипломатиялык ишти жөн гана карап, тынч олтура алган жок. Алар ар кандай маалыматтарды жарыялап, дүйнөгө “Афганстандагы демократиялык системаны жоюп, өздөрүнүн бийлигин орнотууда, СССР бул өлкөнүн ички иштерине ачык кийлигишип, басып алуу жолунда” деген сын пикир менен “Муджахиттерди чыгарып – колдоп динди бекем кармаган Афган элин каршы салгылушууга алып чыгып, кандуу согушка айлануусуна себеп болушкан. АКШ жана НАТОнун мүчө өлкөлөрүнүн колдоосу жана каржылоосу менен Пакистандын арекетинин негизинде “Аль-Каида” террористтик уюму түзүлгөн. АКШ өкмөтү тарабынан Афганстанга 1979-1989-жылдары 40 миллиард долларга жакын жардам көрсөтүлсө, анын 36 миллиарддан ашыгы [25, 6] афган жарандарына жеткен эмес.

Коммунистик идеялогияны колдогондор бийликте турган кезде, Афганстанда саясий абал ого бетер курчуп турду. Бийликте турган коммунист жактоочулары өлкөдөгү Исламий уюмдардын башчыларын Иран жана Пакистанга качуусуна себеп болгон. Афганстанда саясий абал абдан курчуп, ички саясатта ислам жана коммунист күрөштөрүн колдогондор ортосунда абал курчуган. Бул абалга удаа эле Афганстанды тышкы күчтөр тарабынан башкаруу оңой боло баштаган. Ушул мезгилде АКШ, Сауд Арабиясы, Улуу Британя, Пакистан [124], Иран, Египет, Индонезия, Канада жана Кытай [76] мамлекеттери СССРге каршы Афганстан согушуна [151] көмөк бере башташкан.

1992-жылдын 28-апрель күнү исламий күчтөрдүн (муджахиттердин) биригүүсүнүн натыйжасында, Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) колдоосу менен Афганстан Ислам мамлекети катары жарыяланган. Бирок ошондо да Афганстанда абал тынчыган жок, себеби сырттан келген күчтөр жана муджахиттердин сабатсыздыгынан улам, ички

келишпестиктер күчөгөн. Бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, 1994-жылы Пакистанга чек ара болгон Кандагар шаарынын медресесиндеги студенттер тарабынан курулган “Талибан” аттуу тайпа [83, 182], өтө кыска убакыт ичинде өлкөгө өз бийлигин орнотконго жетишкен. Ушул учурда АКШнын Афганстанда жана жакын жерлерде уюштурган Исламий кыймылы, эң кубаттуу болгон Радикалдык Ислам кыймылына айланган.

Молдо Омардын башчылыгы менен 10 адамдан турган Аткаруучу Кеңеш же Жогорку Кеңеш курулган. Ошондуктан өлкөдөгү саясий абалды, идеялогияны колдобостон, өздөрүнүн терең пикирлериндеги исламий көрүнүшүн орнотууну каалашкан. Башкача айтканда, Исламдын жана Шариаттын үстөмдүк болушун каалашкан. Ушул пикирдеги жер-жерлердеги башкаруучулар кыздар окуган мектептерди жаптырышкан. Аялдардын үйдөн сырткары чыгуусуна, музыка угуусуна, телевизор көрүүсүнө, ар кандай кагаз оюндарын ойноого тыюу салынган.

Кийинчерээк, Кандагарды басып алып, андан кийин Герат, Кабул, Мазари-Шариф жана Афганстанды толук басып алган. Бул күчтүн аркасында Исламабад жана АКШ болбогондо басып алуусу кыйын болор эле. Азыркы учурда да өлкөдөгү бул кыймыл токтогон жок. Америка 1985-86-жылдары каржылап, жыл сайын 600 млн доллар түзгөн. Америка бул акчаны Пакистандын жана Сауд Арабиясы аркылуу муджахиттерге беришкен. Араб мамлекеттери, жаш бизнесмен болгон Усама Бен Ладенди дагы Афганстанга жеберишкен [83, 189]. Адистердин айтымында, АКШ абдан ыкчам даярданып Афганстанды басып алуу пландарын ишке ашырган. Мисалы, Усама Бен Ладенге сыяктуу террорчу менен алакасы болгон бай адамдар менен бирдикте иш жүргүзүүнүн натыйжасында афган калкынын атын жаман атты кылуу жана Афганстанга кирүү максатына жетишкен. Талибандар бийликке келгенде афган элинин абалы дагы кыйындаган. Ал учурда өлкөдө кургакчылык болуп, элдин жашоо-турмушу абдан начарлап, ачарчылыкка дуушар

болгон.

Бийликте турган Талибан күчтөрү Афганстанда түзүлгөн саясий оор абалдын пайда болушуна себеп болду. Өлкөдө жер-жемиштин ордуна апийим өстүрүлүп, базарларда сатыла баштаган. АКШ үчүн бул көрүнүш өтө жагымдуу болуп, 2001-жылдын 11-сентябрындагы террордук жардыруу катары эсептелген окуя менен күнөөлөп, 2001-жылдын 7-октябрында өлкөдөгү Талибан террордук режимине каршы аракеттердин башталышы менен Афганстанда аскерлерин жайгаштырып [22, 237], БУУнун макулдугун албастан басып алган. Андан кийин 2001-жылдын 20-декабрында БУУнун Коопсуздук Комитети 1386-чечими менен эл аралык коопсуздук жардам күчү [141 , 260] катары ISAF жана НАТО күчтөрү Афганстанда болуп келет. Натыйжада, Афганстан дүйнө элдерине террордук өлкө катары таанылган. АКШ болсо бул өлкөдө өзүнүн стратегиялык кызыкчылыктарын ишке ашырууда. Афганстандын тарыхый баалуу барактарын учурда эл аралык көрүнүштө Талибан аттуу туура эмес түшүнүк кирдетип жатат. Афган калкынын атын кирдетип “Талибан” же “Аль-Каида” деп туура эмес көз караш таратылууда. Ар кандай террордук акцияларда Афган калкынын атынан жаман пикирлер таратылууда. Деңизге тиешеси болбогон жер менен эле чектешкен Афганстандын коңшу өлкөлөрү: Пакистан, Тажикстан, Иран, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Кытай болуп эсептелет. Афганстан кургакта жайгашуусу боюнча Чыгыш Азияны Орто Азия менен энергия булактарына байланыштырган энергия борбору болуп саналат. Афганстан бир гана энергия боюнча эмес, ар түрдүү эл аралык качкындар менен иш алып баруу үчүн өзгөчө бир өзгөчөлүктөрү болгондугу менен да айырмаланып турат. Афганстандын ортосунда жайгашкан Хиндикуш тоолору өлкөнү 3 бөлүккө болуп турат:

– Гималай тоолорун батыш тарабын ээлеп турган жана мамлекетин 3/2син өз ичине алган Орто тоо аймагы;

– Өлкөнү 4/1и турган чыгыштан батышка чейин созулган аймак;

– Өлкөнүн эң пайдалуу аймактары түндүк платосунда жайгашкан.

Жеринин 70%ы тоо болуп, анын 12%ы гана дыйканчылык кылууга жарамдуу. Деңизден узак жайгашкан өлкө болуп эсептелген Афганстанды ар тарабынан коңшу өлкөлөргө муктаж болууга мажбур кылат [139, 247-248]. Тоолорунун салыштырма бийиктиги 2000-4500 метрге чейин. Төмөн ийилген зоналары мезозойдун (кээде палеозой менен кайнозойдун) чөкмө катмарларынан турат. Кен байлыктары: тоо хрусталы, сейрек металлдар, сымап, бор, флюорит, лазурит, боксит, алтын ж.б. [120] турат. Тоо-кен казып алуу, Афганстан түндүк аймагындагы мунай жана газ, 11 аймагында жогорку көрсөткүчкө ээ болуп, көлөмү бир нече миллиард метр куб деп айтылып келет [166, 100].

**Афганстан Ислам Республикасы тууралуу кыскача маалыматтар:**

Өлкө аты: *Афганстан Ислам Республикасы*

Борбору: *Кабул шаары*

Мамлекеттк түзүлүшү: *президенттик-парламенттик республика*

Президенти: Мохаммад Ашраф Гани

Өлкөнүн Парламенти:

*Вулиси Жирга* (Калк Кеңеши - депутат саны 249),

*Мишрану Жирга* (Ак сакалдар Кеңеши – депутат саны 102)

Көз карандысыздык күнү: *1919-жылдын 18-августу*

Конституция күнү: *2004-жылдын 4-январы (акыркы Конституция)*

Мамлекеттик расмий тил: *пушту жана дарий тилдери*

Акчасы: *афгани (2016-жылы 20-наябрда 1 АКШ $ 67.10 Афгани)*

Областтардын саны: 34

Калкын саны: 27.5 миллион киши (2014-жылы)

АИРнын дипломатиялык мамилеси: 42 өлкө менен түзүлгөн.

## 1.3. Кыргыз жана афган элдеринин өз ара мамилелери жана памирлик кыргыздардын социалдык-саясий абалы

Кыргыз жана афган элдери бийик тоолуу жерлерде жашаган, орто кылымдардан бери мусулман динин тутунган, байыркы тарыхы бар калктар. Афганстан миң жылдардан бери Орто Азия, анын ичинде кыргыз эли менен маданий жана соода байланыштары болгон. Улуу Жибек жолунда төө кербендери Индиядан Орто Азияга жана Кытайга чөлдөр аркылуу катташуусунда Афганстандын мааниси зор.

Тарыхта афган жана кыргыз элдери элдик дипломатиянын негизинде өз ара мамилелерде болуп, кызматташып, саясий мамиледе болуп келген диндеш элдер. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Бокмурун атасы Көкөтөй өлгөн учурда жанында болбой, Ooганстанда жүргөн болот. Муну Бокмурун Манаска салган кеңешинде айтат[65, 931]:

Үч айлык жолго мен барып,
Оoганга кетип мен калып,
Айлыма келген кезимде,
Оо дүйнө атам кеткенде...

Ошондой эле Манас уулду болуп той бергенде жана ажыга баруу үчүн хандарды чакырып кеңеш курганда чакырылган коноктордун арасында Афган ханы Акундун да келгени, эки өлкө калктарынын тарыхый байланыштарынын болгондугун кабарлап турат.

Манастын Афганстанга барышы жана саясий-маданий мамилелери канчалык деңгээлде болгону бул саптардан билинет[53, 217:

Оoганга Манас барышы...,
Оoганга чектеш катышкан,
Ушул болот Манастын,
Оoганды барып чапканы.

Манас эпосунда афган жана кыргыз элдеринин бири-бири менен болгон мамилелери кеңири жазылып турат. "Манас" эпосу тууралуу өзгөчө токтоло кетсек. Кыргыз элинин "Манас" эпосу – чексиз

кайраттуулукту, жоокерлик ар-намысты, Ата Журтту терең сүйүүнү даңктаган чыгарма. “Манас” эпосу – кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этностук курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүндөгү бааларын, айлана-чөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын, диндик түшүнүгүн, астрономиялык, географиялык ж.б. билимдерин, элдик поэтикасын жана тилин кеңири арымда чагылдырган нукура эпикалык чыгарма. “Манас” эпосунда баяндалган окуялар эң биринчи иретте кыргыз элинин тарыхынын байыркы доорун сүрөттөйт. “Манас” – муундан муунга, кылымдан кылымга стадиялуу өнүккөн эпос [54, 8]. “Манас” эпосу – кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу.

Кыргыз элинин жазуу-сызуусу көп кылымдар бою үзгүлтүккө учурагандыктан улам, “Манас” эпосунда кыргыз жана афган элдеринин өз ара мамилелери, кызматташуулары тууралуу учкай маалыматтар гана сакталып калган [49, 310]:

Кар кетпеген Кебез тоо,
Ооганча айтат Памир тоо.
Ошондо кыпчак элибиз,
Батыш жакын ээлеген.
Ооган деген эл экен,
Оогандын элин башкарган.
Ооганга Манас барышы,
Мына мындай табылган.
Оогандыктын балбаны,
Так ушундай найзасын.
Миң төөсү деп угуп,
Кербендин башы Көкчөкөз,
Эки сапар ал мага,

Келип кеткен көзмө-көз” [53, 217-233].

“Манас” эпосунда “Ооган” (Афган) деген сөз – топоним, эпосто кыргыздарга жакын жайгашкан мамлекет, өлкө жана андагы жашаган эл катары кеңири учурайт. Оогандар деп азыркы Афганстандын өлкөсү менен анын эли аталат. Эпостун көп окуяларында кеңири баяндалат [54, 141]. Эпостун мазмуну кыргыздардын Памирдеги турмушунун бардык тарабын турмуш-тиричилигиндеги майда-бараттан тартып тарыхый тагдырындагы маанилүү окуяларга чейин камтыйт. Дал ушул үчүн изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү аны “эл турмушунун энциклопедиясы” [49, 307] деп аташат.

Ошондой эле көптөгөн кыргыз жазуучулары Афганстандын Памир тоолоруна өз поэзияларын арнап келишет. Мариям Буларкиеванын поэзияларында [28, 42]:

Кандай жыргал талаачылык, саякат!
Көңүл сергек, жыргал менен таң атат.
Кандай кооз кең Памирдин тоолору,
Кандай кооз өзөндөрү, коолору!
Кандай сыйчыл кең Памирлик кыргыздар,
Кандай ачык кимге болсо колдору!
Кандай кенен кең Памирдин талаасы,
Кандай жакшы келин-кызы, баласы.
Кандай тунук кең Памирдин суулары,
Кандай сонун жылгалардын арасы!

Кыргыз жана афган мамилелери жөнүндө темага ылайык кыргыз акындарынын поэзиялык саптарынан да мисалга алсак [35, 32]:

Памир менен Тянь-Шань
Түбөлүккө коңшулаш.

Тарыхта Орто Азия менен Афганстан арасындагы өз ара мамилелер ойчулдар, илимпоздор, саясий элита деңээлинде дагы өз маанисине ээ болуп келет. Мисалы, Бабурдун (1483-1530) “Бабур-Наама” китеби Орто Азия, Афганстан, Түндук Индиядагы тарыхый окуяларды камтыган (1493-

1529) [40, 81]. Анын курган мамлекети Афганстан борбору Кабулдан Бенгалияга чейин кеңири аймакты ээлеген. Бабур-Наамада Кыргызстандын саясий тарыхына жана саясий географиясына байлыныштуу маанилүү маалыматтар арбын кездешет. Анда Ош шаарынын коомдук-саясий турмушу жөнүндө кеңири маалымат берилген [20, 54]. Муну менен бирге, маданиятка, тарыхка, инсандыкка чакырганын баса белгилеп, эки өлкөнүн алдынкы ойчулдардын атын атап өтсөк. Жами Нуриддин Абдурахман (1414-1492) – Хорасандагы (азыркы Афганстан) элдердин адабиятынын ири өкүлү болгон. Абдурахман өз доорунун улуу акыны эле болбостон, грамматика, логика, грек жана чыгыш философиясы, табият таануу, математика, астрономия жана башка илим тармактарын да мыкты билген. Жаминин чыгырмачылыгы бардык көркөм жанрларды иштеп чыккандыгы менен өзгөчө мааниге ээ, анын эмгектери Орто Азия менен Афганстан адабиятын андан ары өрчүтүү үчүн баалуу өбөлгө болгон. Кыргыздын алдынкы ойчулдары да (Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Ниязалы Молдо Эсенгул уулу ж.б.) ушул аты аталган улуу инсандардын китептеринен таалим алып, өз көз караштарын калыптандырып, өз чыгармаларын жаратышкан.

Биз атап өткөн Орто Азиянын маданият очокторунун ойчулдары өз доорунда маданияттын алдынкы ишмерлери катары бай-мартабалуу кишилер болгондугу үчүн гана эмес, улуу ачылыштарды жасаганы, баа жеткис илимий эмгектери, көркөм чыгармаларды жаратканы, өлбөс образдарды түзүп, жакшылыкка жана адилеттүүлүккө, чынчылдыкка үндөгөнү, идеалдуу коом жөнүндө ой жүгүртүп, жалпы адамзатка таандык гуманисттик идеалдарды үгүттөшкөнү менен тарыхта унутулгус ардактуу орун ээледи [49, 309]. Афган калкы миң жылдар бою коңшу мамлекеттер жана элдер менен өз ара мамиле кылып, дүйнөлүк илим-билим жана маданиятка өзүнүн баалуу салымын кошкон. Афганстандын тарыхый маданиятында баш көтөрүп, дүйнө жүзүнө жарык берген илимпоздор: Ибн Сина Балхи, Абу-Рейхан Аль-Бируни, Мевлана Джалал-ад-Дин Балхи,

Закария Рази, Ходжа Абдулла Ансари, Насер Хосроу Балхи, Сайед Джамал-ад-Дин Афгани, Али Шер Новаи, ж.б. көптөгөн аалымдар Афган жергесинде жарык дүйнөгө келишип, өздөрүнүн таланттарын көргөзүп келишкен.

Афганстан Орто Азия мамлекеттери менен миңдеген жылдар бою Улуу Жибек жолунда мамиле түзүп келгендиги, бүгүнкү күндө Бишкек шаарындагы "Тарых музейинде" көргөзмөлөргө коюлган материалдарда чагылдырылган, бирок СССРдин саясатында Афганстан эскичил саясат жүргүзгөн мамлекет катары караган. Башка тараптан карап көрсөк, кыргыз эли Афганстан деген ысымды укканда эле кейиштүү окуяларды эскерет, бул да мурдагы терс таасирдүү саясаттан улам болууда, анткени Афганстан менен Орто Азия өлкөлөрү XX кылымдын башынан эле бөлүнүп жашап калган, бирок тарыхта кыргыз жана афган элдеринин тагдыры бир болгон.

Бишкектеги Улуттук тарых музейиндеги көргөзмөлөрдөн улам афган эли менен Орто Азиянын, өзгөчө кыргыз элинин тарыхынын окшоштуктары канчалык басымдуу экендиги даана байкалып турат. Бул эки эл бири-биринин тарыхын, маданиятын жакындан таанып-билиши, албетте келечекте эки тараптуу кызматташууларына жарык берет. Себеби биздин келечекке болгон көз карашыбыз бирдей жана ошол келечекке карай жакшы ураандар менен баруубуз керек.

Эл аралык мамилелер адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин өзгөчө деңгээли катары айырмаланышы этностордун бир мезгилдердеги өзүн-өзү аңдоосу менен тең катар калыптанган. Адам коомунун өнүгүшү менен элдер ортосундагы байланыштар татаалдашат. Негизинен кыргыз жана афган элдеринин байыртадан эле карым-катнаштары бар экендиги белгилүү. Эки элдин байыртадан бери алака-мамилесин баяндаган маалыматтарды Бишкек шаарынын китепканаларынан жана архивдеринен тапса болот. Эки элдин тарыхый мамилелери, албетте бүгүнкү күндө мамлекеттик деңгээлде өз ара кызматташууларынын бекемделишине жагымдуу таасирин тийгизет.

**Памирлик кыргыздардын социалдык-саясий абалы.** Байыркы памир тилдеринде “па-имихр”(күндүн этеги) – Орто Азиянын түштүгүндөгү бийик тоо системасы. Негизинен Тажикстандагы тоолуу Бадакшан автономия облусунун аймагында, чыгыш жана түштүк бөлүктөрү Кытай менен Афганстандын Бадакшаны, түндүгү Кыргызстанга уланат. Памир Орто Азиянын ири тоо системаларынын (Гиндукуш, Кара-Корум, Кунлунь жана Теңир-Тоо) арасынан орун алып, түндүгүнөн Чоң Алай, чыгышынан Сары-Кол кырка тоолору, түштүгүнөн Зор-Көл көлү, Памир дарыясы, Панж дарыясынын жогорку агымы, батышынан Панж өрөөнүнүн меридиан багытында жаткан бөлүгү, түндүк-батышынан Пётр Биринчи жана Дарваз кырка тоолорунун бир бөлүгү менен чектелет [120]. Бийиктиги 4000 метрден 7000 [72,19] метрге чейин жеткен бул улуу тоолордун арасында байыртадан кыргыздардан башка эл жашап келгени белгисиз? Манас эпосу боюнча бул аймактын баары эзелтен кыргыздын жери болгон.

Белгилүү тарых илимдеринин доктору Бектемир Жумабаев, Памир тууралуу изилдөөсү боюнча: “XIX кылымдын башынан баштап Орто Азия үчүн улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөшү башталган. Бул геосаясий күрөш XIX кылымдын аяк ченинде Орто Азияда Орус империясы менен Британия империясынын колониялык чек арасы жана Кытай империясы бири-бирине жакын келгенде ушул Памир маселеси келип чыккан. Бул үч империянын күрөшү Памирге келип такалат. Памир үчилтиги деген сөз мына ушундан келип чыккан.

1891-жылы жаш Англия изилдөөчүсү Франсис Яунасбан (Francis Younghusband) Памир тоосунун чокусунан душманы болгон орус аскери, полковник Ионов менен жолугуп калат. Экөө тең бул стратегиялык жактан өтө маанилүү болгон жерде изилдөө жүргүзүп жаткан эле. Орус аскери Ионовдун Памир тоосунда бир чоң максаты бар экендигин сезген Франсис Яунасбан: “Орустар ооздорун чоң ачкандыгы” жөнүндө айтканда, Ионовдун жообу ушундай болгон: “Бул башы эле, керек болсо Орто Азияны да басып алабыз” [144, 113], - деп билдирген. Англия жана

Орусиянын “Чоң оюну” Памир тоолорунда дагы болгон. Ал учурда орус бийлиги кыргыз элин мурда Кокон хандыгынын карамагына киргенин эске салып, аларга өздөрүнүн бийлигин орнотууну талап кылып, Памирге, кыргыздарды баш ийдирүү үчүн отряды менен полковник Ионовду баш кылып жиберет. Көп өтпөй эле, ал Мургаб чебин алууга (Памир посту) жана өз бийлигин Памирдин көп бөлүгүнө орнотууга [31, 16] үлгүрөт.

1896-жылы Улуу Британия, Кытай жана Орусия империясы Сары-Кол, Памир территориясын үчкө бөлүп алышкан. Зор-Көл көлүнөн, Ак-Суу суусунун башына чейин Афганстанга, Ак-Суу, Токтомуш Маркан-Судан Эркештамга чейин Кытай империясына, ал эми Памир азыркы Мургаб району Орусия империясына бөлүнгөн [86]. Ошентип кыргыз эли аргасыз үчкө бөлүнүп калган.

Кыргыздар көптөгөн кылымдар бою Памирдеги Сары-Кол тоо кыркаларын аркалап, Памирдин чыгыш бөлүгүндө илгерки замандардан бери жашап келишкендиги жөнүндө ар кандай тарыхый булактар аныктап келүүдө. Кээ бир тарыхый материалдарда кыргыздар XII кылымдардан тартып эле Памир тоолорунда көчүп-конуп жүрүшкөндүгү, XVI-XVII кылымдарда өз алдынча туруктуу жашай баштагандыгы айтылып, бул жөнүндөгү маалыматтар 1575-жылдагы [125, 14] кабарларда учурайт.

Париждеги түркологиялык изилдөөлөр институтунун директору, филология жана этнография илимдеринин доктору, француялык көрүнүктүү окумуштуу Реми Дор афгандык кыргыздардын тилин жана оозеки чыгармачылыгын ар тараптан изилдөөгө алган илимдүү адам өз китебинде мындай дейт: “Енисейдеги кыргыздар XVII кылымга чейин монголдордун, орустардын жана калмактардын баскынчылыгынын алдында болушуп, алардын ошол кездеги тарыхый маалыматтарын азын-оолак сакталып калган”. Бирок 1703-жылы кыргыздардын улам-улам кол сала беришинен чыдамы кеткен калмактар орус бийлиги менен макулдашып, кыргыздарды Жети-Сууну көздөй сүрүп көчүргөн.

Байыркы окумуштуу Рашид ад-дин XVII кылымда Моголстандагы улам жалбыраттап чыгып турган көтөрүлүштөрдүн баарынын тең башында так ошол жергиликтүү кыргыздар тургандыгын баса белгилеген. Көчмөн элдердин жер которуп, ар дайым көчүп-конуп жүрүүсүнөн улам, так ушул Памирде отурукташып калган деп айтууга болобу?

Афган Памириндеги кыргыздардын жайгашуусун XIX кылымдагы саякатчылардын кабарларынан жана Реми Дордун чогулткан маалыматтарынан пайдаланып төмөнкүндөй жыйынтык чыгарган. Афган Памириндеги негизги элдин бөлүгү тейит жана кесектен турган эки уруу тыгыз байланышта болуп, камыр-жумур, эриш аркак жашап келишкен. Бул уруулардын Памирде болгон жазгы жана күзгү көчүп-конуулары, кийин XVIII кылымда [31, 14] биротоло адатка айланган. Афгандык кыргыздардын көпчүлүгү ичкилик тобуна кирет жана тейит, кесек, катаган, найман, окчул ууруларынан жана кочкор, бука, шайым, алапа, кызылбаш, уруктарынан турат [30, 115]. Бул уруулардын ичинен алардын баарына хан тукуму катары сары тейит уруусу бийлик кылат.

XIX кылымдын башында тейит топтору андан ары чыгышты карай жылып, Сангу аймагынан орун алышат. Кесек уруусу Памирге бир топ кечирээк көчүп барышкан. 1834-жылы Кокон ханы Мухаммед Али Каратегинди басып алгандан кийин бийликке баш ийүүдөн обочолонуп, өз эркиндигин сактап калыш үчүн кесек эли көчүп кетүүгө мажбур болгон. XIX кылымдын ичинде Памирди Кокон хандыгы менен Кашгар беги жана Вахан эмири өз ара бөлүп алышат. Вахандыктар Кабул эмирине баш ийгенден кийин, бийлик чыгышта Чоң жана Кичи-Памирге чийин жетип турган. XIX кылымдын биринчи жарымынан тартып кээ бир жергиликтүү кыргыздардын Памирде ушул жерге биротоло отурукташып калгандыгы [31, 10] тууралуу маалыматтар бар.

Чындыгында, Памир илгертеден кыргыздардын жери болгондугу “Манас” эпосунда төмөнкүндөй айтылат [72, 9]:

Балык менен Бадахшан

Башынан кыргыз жеридир.

Кыргыздар илгертеден бери Бадахшан областынын Памир тоолорунда жашап келишкендиктерин “Манас” эпосунда айтылат. “Манаста” Бадахшан сөзү – топоним болуп эсептелет. Географиялык адабияттарда азыркы Тажикстандын жана Афганстандын тоолуу аймагы [55, 124] деп түшүндүрүлөт.

XIII-XVI кылымдарда Афган Памириндеги кыргыздарды бийлеген Бозой хан аттуу хан болгон. Памирде мурун кыргыздардан башка да эл жашаганы тууралуу маалымат жок. Ушул күнгө чейин жер-суу аттарынын баары кыргызча, кийинки мезгилдерге тажикче жана дариче аталыштар таандык. Кичи-Памирдин Занкун деген жеринде атчан адамдардын жаа менен топоздорго ууга чыкканы тартылган. Ал сүрөт таштын бетине түшүрүлгөн. Сыягы, бул сүрөт топоздор колго үйрөтүлө элек мезгилде тартылганын айгинелеп турат. Сүрөттөгү адамдардын кийимдерине караганда – кыргыздар экени ачык эле көрүнүп турган [72, 12]. Афганстанда Памирлик калк дегенде «кыргыздар» эске түшөт. Афган Памири бүгүн афган кыргыздарынын жашаган негизги журту болуп саналат. Афганстандын улуттук гимнинде “памирликтер” деп эскерилип жана Афганстан Ислам Республикасынын баш мыйзамында “кыргыздар” деп аталат.

1892-жылы орустардын Кыргызстанга келиши кыргыздардын Афганстандагы Памир тоосунда жашап турган кыргыздарга көчүп барып кошулушуна себеп болгон. Орус императорунун 1916-жылдагы Орто Азиядагы элдерден аскерге алуу боюнча жарлыгы, калкка баш аламандыкты орноткон. 1917-жылы кыргыздардын мурдагыдан да көп бөлүгү башка кошуна өлкөлөрдүн элдери менен бирге Афганстанга көчүүгө [84] мажбур болушкан.

1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшү жана Орусиянын ырайымсыз түрдө басып кириши жөнүндө кабар памирлик кыргыздарга да жетет, натыйжада аргасыздан Кытайга качууга туура келген. Көпчүлүк

эл Тагарма, Сары-Көл өрөөнү жана Кашгар аймагына үрккөн. Кийинчерээк алардын кээ бирлери СССРге [31, 11] кайрылып келишкен.

1916-жылдагы Үркүндө Кытай бийлиги ысык-көлдүк кыргыздарды тез аранын ичинде Кытайдын аймагынан чыгып кетүүнү талап кылгандыктан, кыргыз качкындары аргасыздан Афганстандын ак кар, көк муздуу тоо кыркаларына бет алган. Ошентип бир кыйла кыйынчылыктарды баштан кечирип, өз жеринен сүрүлгөн качкын кыргыздар эзели адам жашабаган Афган тоолорун пааналаганга мажбур болуп, бир жылдык же он жылдык эмес, дээрлик кылым деген жылдарга созулган көчмөн турмушка, оор тагдырга туш келген [30, 353].

1918-жылы февралда орустар Коконду алып, Кокон автономиясынын ордуна Кеңеш өкмөтүнүн бийлиги орноду деп жарыялаганда, Рахманкул болгону беш жашта болгон. Ал Орто Азияда, өзгөчө Фергана өрөөнүндө болгон окуяларды өз көзү менен көрүп, кулагы менен угуп чоңойгон. Германиялык “Дас Весте” журналы ошол кезди мындайча сүрөттөп жазган: “Шаардагы бардык мусулмандар эркек-аял, бала-бакыра, кемпир-чал дебей кылычтын мизине, мылтыктын огуна алынды. Он миңдей адам кызылдардын колунан кырылды. Андан соң үч миң адам жашаган Маргаланды кызыл жаян кылып, Памир тоолорунунан түндүгүрөөк жайгашкан мөмө-жемиштүү, берекелүү Ферганаиы кыйратып, бир да тирүү жан койбой, а түгүл үрүп чыгар ит калтырбай жок кылышкан” [72, 7].

1979-жылы Советтер Союзунун куралдуу күчтөрү Афганстанга басып кирип, Кабулда жаңы коммунисттик режим бийликке келген. Совет бийлигинен чочулаган памирлик кыргыздар дагы качууга аргасыз болуп, бул жолу түштүктү көздөй, б.а., Пакистанга жол тарткан. Ошентип мал-жанын Пакистанда сатып бүтүрүп, баягыдай жөө же болбосо топоз минбестен, “Боинг” учактарына отурган алайлык кыргыздар 1982-жылы Адана шаарына келип түшүп, андан соң Ван көлүнүн тегерегине биротоло отурукташкан. Эми ушул азапка туулган кыргыздардын башында ким болгон, аларды артынан дээрлик алтымыш жыл ээрчитип, эки мамлекетти

артта калтырып, акыры Түркияга алып келген ким эле деген суроо пайда болот. Бул суроонун жообу мындай. Алгач Памирден жер которуп, Кытайга, Кытайдан соң Афган Памирине баштап келген Жапаркул миң башы, Сартпай хан, Токтосун апа жана башкалар болгон. Андан соң дээрлик 40 жыл кыргыздарга баш болуп, Афганстандын жетекчилери менен жакшы тил таап, Кабулдагы бийлик менен абдан жакшы байланыш түзгөн, Афганстандан жер которуп, калкты Пакистанга, андан соң Түркияга баштап келген Рахманкул хан болгон.

**Саркол кыргыздары.** Афган кыргыздары өздөрүн “сарколдук” же “Саркол кыргыздары” деп аташып, Сары-Кол кыргыз жери экенин баса көрсөтүп келишет. Алар тууралуу маалыматтар ар кандай. Бирок, алардын арасында “кыргыз кайдан келгени” же “качан пайда болуп, кимден тараганы” тууралуу маалыматтар бүдөмүк.

Ал эми чындыгында, бир эле Сары-Кол эле эмес, азыр Памир атын алып турган Улуу Тоонун айлана-тегереги илгертен эле кыргыз жери болгону “Манас” эпосунда мындайча айтылат [72, 9]:

Бадахшан менен Балыкты
Башынан күтүп башкардым

Бадахшан тууралуу памирлик кыргыз акындарынын ырларынан үзүндү келтирели [63, 121]:

Бадахшан байлык мекеним,
Билемин кымбат экенин.
Дүйнөгө даңкың таралып,
Дүркүрөп турган кезегиң.

Чыккан чөп менен аккан суудан башкага залалы жок, бирөөгө кылайып кара санабаган, момун, ишенчээк кыргыз элинин бир ууч бөлүгү “сары колдуктар” деген ат менен Памир тоосунун Афганстан тарабында жашап келишет.

1930-жылга чейин памирлик кыргыздар азыркы учурда Афганстан, Тажикстан жана Кытай мамлекеттерине бөлүнүп калган территорияларда

ээн-эркин журт которуп, көчүп-конуп жашап жүрүшкөн. 1930-жылдан кийин большевик орустар чек араны тосуп, ар кандай шылтоолор менен кыргыздын аттуу-баштуу адамдарын куугунтуктап, атып өлтүрүп башташты. Ушул кезге чейин ээн-эркин жашашкан кыргыздар, көк тиреген тоолорду аралап, бир Кытайга, бир Афганстанга өтө качып, анан кайра азыркы Тажикстанга карап калган Нургап өрөөнүнө айланып келип, жаңы системанын жана орус империясынын башка элдерге жүргүзгөн шовинисттик саясатынын курмандыгы болуп, Совет бийлигинин бир топ азабын тартышты. Көп адам күнөөсүз өлтүрүлүп басмачы атын алган. 1931-жылдын 30-мартында Афганстан өкмөтүнүн макулдугу менен Аму-Дарыядан 5000 адамды түзгөн миңдеген үй-бүлөлөр Орто Азиянын чек арасынан Афганстанга өтүшкөн [164, 187].

1950-жылы Кытай дагы өзүнө бөлүнгөн чек араны бекемдеп, кыргыздардын жолу дагы буулду. Асман алдындагы кыргыздын жери эми үч мамлекетке (СССР, Кытай, Афганстан) бөлүнгөн.

Афганстанга караган памирлик кыргыздар 1917-жылдагы орус революциясынан кийин Ала-Тоодо жашаган кыргыз элинен бөлүнүп, Афганстан тарапта калып калды. Бирок чыгаан уулдары бар кыргыздардын турмушу токтоп калган жок, андан ары жашоо дагы улана берди.

Ош, Алай, Баткен, Жалал-Абад, Анжиян, Фергана, Кытай жана ал турсун ушул Памирдин бир коңулу болгон Нургаптан качкан кыргыздар да ушул Афган Памирине барып корголошту. Ошентип, ар кайсы жактан качкан кыргыздар көк тиреген Памирдин чокусуна чогулуп, өз айылдарын куруп киришти. Кыргызстанда ушундай топторду жетектеген, өз урууларынын башында тургандар “кол башчылар” аталып, кармалгандары жазаланды, кармалбагандары тuугандарын алып**,** Кытайга, Афганстанга, Пакистанга, Түркияга, Арабияга кирип кетишти. Ошондой топтордун башында тургандардын эң ириси, тубаса дипломат болгон Жапаркул уулу Рахманкул хан эле.

**Алайчылар.** Кыргыздардын бир бөлүгү Памирде илгертен эле жашап келишкен. Памир – кыргыздардын түпкүлүктүү жери экенин бул аймакка байланыштуу баяндаган уламыштарда кездешери жогоруда айтылды. Кийинки жыйналып алынган маалыматтар да негизинен мурункулардан көп деле айырмаланбайт. Кийинки кыргыздар Сары-Колго Алай жергесинен көчүп барышкан. Тагыраак айтканда, 1925-жылы Алай тараптан 12 үй-бүлө Памирге көчүп барган. Алардын балдары азыр да жашап жатышат. Ошондуктан, илгертен бул жерде жашап келе жатышкан памирлик кыргыздар аларды “алайчылар” деп коюшат.

**Нургап (**Афган тилинде **Мургаб).** Мургабдын кыргызча айтылышы “Нургап”. Бул жердин Афган (Дари) тилиндеги аталышынын “Мургоб” мааниси – “куш суу” (“мург” – “өрдөк” же “куш”, “об” – “суу”). Ал эми кыргыз тилиндеги жер атынын (Нургап) мааниси – “нурлуу тоо” же “күн тийген тоо” (“нур” – “нур” же “күн”, “каф” – “тоо”) [72, 4-5] дегенди билдирет. Ал эми Манас эпосунда дагы“Мургап” (ир. Мург – куш, ап – суу: куш суу деген мааниде) маани берип,кыргыздардын жашаган жерлери деп аталган. Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңип, анын кызы Акылайды тартууга алганда: “Мургапты көздөй бет алып, Каны Шоорук салыптыр” [54, 117] деп айтылат. Мургап географиялык реалия катары Памир тоосундагы жердин аты.

Афгандык кыргыздар жалпысынан *“чоң-памирлик*” жана *“кичи-памирлик”* болуп экиге бөлүнүшөт. Экөөндө тең эле байыркы кыргыз урууларынын *тейит, кесек, кыпчак, найман* ж.б. ошондой эле чоң уруулардын ичинен тараган: *кочкор, бука, шайым, алапа, кызылбаш* деп аталган уруктардын өкүлдөрү бар. Булар эки хандыкка бөлүнүшүп, Кичи-Памирде 1912-жылы туулган, чоң алайлык кыргыз, кочкор уруусунан чыккан Жапаркул уулу Рахманкул, Чоң-Памирде жергиликтүү Акжол хандын уулу Жолой хан башында турган хандар башкарып турушкан. Кыргыз тарыхы энциклопедиясынын авторлору да: “Кичи-Памирди – Рахманкул хан, Чоң-Памирди Акжол хан уулу Жолой башкарган деп

жазышкан. Ал эми Реми Дордун маалыматы боюнча бүткүл афгандык кыргыздарды бир гана Ажы Сахиб Рахманкул хан бийлеген. Белгилүү публицист К. Сыдыкова да өзүнүн “Чачылган кыргыздар” деген китебинде афгандык кыргыздардын жашаган жери тууралу минтип тактайт: Афгандык кыргыздар Памирде жашашкан кыргыздардын бир бөлүгү – алар азыр Афганстандын түндүк тарабындагы Кичи жана Чоң-Памир деп аталган, Кыргызстан менен чектеш аймакта жашашат.

**Рахманкул хандын жашоосу жана элчилик иш-аракеттери.** Рахманкул хан өз элинин тагдырын аман-эсен сактап калуу максатында, бир нече өлкөнүн бийлик өкүлдөрү менен бийик деңгээлде мамиле кылып, өз элинин кызыкчылыгын коргоп келген, Памирдин кыргыздарынын сыймыгы болгон тубаса дипломат. Кыргыз эли саясий көз карандысыздыкка жетишкенге бир жыл калганда дүйнөдөн кайткан кыргыздын акыркы ханы.

Рахманкул хан (1912, Ош облусу, Чоң-Алай жергеси, 1990), Кичи-Памирдеги Афгандык кыргыздардын ханы (1949-78) [30, 353]. Ал төрт жашка келген кезде атасы Жапаркул ажы Памирге көчүп келип, жашап калат. Башка бир маалымат боюнча Рахманкул хан Жапаркул хандын тун баласы. Сыягы, бул Рахманкулдун чоңойгон, Жапаркулдун Памирге көчүп баргандан кийин жашаган жери. 1917-жылдагы коогалаңдан кийин Кеңеш өкмөтү менен келише албаган кыргыздарды арачалап Афганстанга, кийин Түркияга өтө качкан, тубаса дипломат Рахманкул хан барган жериндеги өлкө башчыларына жол таап кирип, өз элин ар кандай кыйынчылыктардан коргоп калууга жетишкен. Анын узак жылдар кылган эмгеги, аны менен бирге күн кечирген уруулаштарынын эсинде.

1925-жылы Рахманкул 13 жашка караган кези эле. Тыңчылар аркылуу Жапаркул ажынын кайсы жерде экенин билген орус аскери түндө тымызын келип, аны капысынан басып калышат. Ага чейин көп жолу ар кандай аракет кылып, аны колго түшүрө албай жүрүшкөн.

Ошондо уулу Рахманкул атасынын жанында болгон. Орустар башка-көзгө тепкилеп: *«Сени эмне кылып өлтүрөлү, атып өлтүрөлүбү же дары ичесиңби?»*, – деп сурашат. Алардын максаты аны өлтүрүү болгон. Ошондо Жапаркул ажы эмне деп айтышын билбей, ойлонуп калат. Жанында турган баласы атасынын кулагына акырын: *«Ата, дары ичем»*, – деп айт дейт. Атасы баласынын айтканын угуп: “Дары ичем”, – дейт. Тигил орус каракчылар ата-бала экөөнүн тең ооздоруна толтура дары салып, ичиришет. Ошол маалда айылдан кимдир-бирөө сезип калып, эл дүрбөлөң түшүп калганда, каракчылар аттарын минип качып жөнөшөт. Эстен таныл бараткан ата-бала тигил каракчылар үйдөн качып чыгары менен жанагы ичкен дарыларды кусуп салышат. Ошондон улам кийин Жапаркулдун оозундагы 32 тиши күбүлүп түшөт. Рахманкул эптеп үйдүн ичиндеги сүзмөгө колу жетип, атасынын оозуна салат. Аңгыча эл кирип келип, экөөнө айран, сүт ичирип атып, аман алып калышат [72, 33].

Атасы Жапаркулдун көзү өткөндөн кийин орустар эми Рахманкулдун артынан сая түшүштү. Кезек-кезеги менен капысынан келип, айылды басып, бирок таба албай кайра кетип жүрүштү. Аңгыча аскер кийим кийген, 10дон ашык атчан орустар айылга кирип келип, Рахманкулду сурашат. Тинтип таппай калышат да, үйүндөгү көзгө жакшы көрүнгөн кымбат баалуу буюмдарын алып, кайра кетишет. Акыры Памирдеги ар кандай чыр-чатактардан тажаган Рахманкул хан 1948-жылы айласыздан эли менен экинчи жолу Чыгыш Түркстанга ооп барып, ал жерде эки жыл жашайт. Бул тууралуу Дюпренин 1972-жылы Пакистан университетинде басылып чыккан “Ооганстан” аттуу китебинде дурус баяндалат. Ошондогу болгон кагылушуудан Совет тарабынан 9 адам жана оогандык кыргыздардан 3 киши каза болгон. Ошол кезде Рахманкул Кытайга качып, Кара-Чукур өрөөнүндө 2 жыл (1948-1950-ж.) тургандыгы бир кыргыздын эсинде бар экен. Бул окуяны 1950-жылы америкалык жубайлар ошол мезгилде Кичи-Памирде жана

андан кийин Пакистанда жүрүшкөндө [31,13] элден угуп, басма сөзгө жарыялашат.

Ошентип, эки жыл өткөндөн кийин Рахманкул кайра Памир жерине көчүп келүүнү ойлоно баштайт. Ал оюн акырын ишенимдүү адамдарына айтып, жолго тамак-аш камдоого киришет. Рахманкул хан 1950-жылы Афган эмири Захир шах менен таанышкан жана зор ишенимге эгедер болуп, 1964-жылдан Афганстандын Лоя Жиргасына (Улуу Кеңеш) депутат катары кирип жана ага кариядар (аймактын башкаруучусу) деген титул берилген [30,353]. Алар чындыгында кенен автономияга ээ болуп, бир топ жеңилдиктерден пайдаланышкан, салык төлөшкөн эмес, аскер кызматынан бошотулган, бирок аларга чек араны бекем кайтаруу маселеси жүктөлгөн же бул аймактын ички шарттарын бир калыпта болушунанбы, же жетекчинин иш билги, көрөгөч саясатынан уламбы, айтор эмнеси болсо да, кыргыздар Кытайга көз каранды болгон мезгилде эгедер болгон укукка толугу менен төп келген укукту алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен, ошону менен бирге толук эркиндиги менен бирге элдик үрп-адаттарын, каада-салтын эркин сактап кала алган.

Буга чейин Рахманкул чек арада турган кытай офицери менен таанышып, аны менен өтө жакын болуп калган болчу. Курман айт майрамы күнү аны аскерлери менен конокко чакырат. Кытай офицери чек арага саналуу кароолчуну калтырып, калган аскерлери менен айыл аралап майрамдап жөнөштү. Рахманкул хан өз доорунда калкын коргоп жол табыш үчүн, Афганстан же Пакистан, же Түркия сыяктуу барган жериндеги өлкө башчыларына жол таап кирип, өз элин ар кандай кыйынчылыктардан коргоп калууга жетишкен. Көп изилдөөчүлөр, Рахманкул ханды аймактык элдер ортосундагы байланышка себепкер болгондугу жөнүндө жана анын мыкты дипломат болгондугун жазышкан.

Афганстандагы көтөрүлүш, амирликтин кулашы, демократиялык

өлкөнүн түзүлүшү, советтик аскерлердин өлкөгө кирүүсү жана көп жылдык жарандык согуштун башталышы Рахманкул хандын жана анын элинин башына оор тагдырды алып келди. Афган өкмөтүнүн бийлиги берген жерлерди жаңы бийлик кайрадан тартып алып, Афганстандагы кыргыздар жыл бою жайлоодо 4000ден ашуун бийиктикте калып калышкан. Ошондон улам Рахманкул хан 1978-жылы 280 түтүн эли (1300 адам) менен Пакистанга көчүүгө аргасыз болгон. Көчүп барган кыргыздар жаңы жердин аба-ырайынын ысыктыгынан улам өлүм-житимге көп дуушар болгон. Пакистанда калган кыргыздардын бир бөлүгү 1982-жылы Рахманкул хандын жетекчилигинде Түркия Республикасына көчүп, экинчи бөлүгү кайрадан Афганстанда калган кыргыздардын арасына көчүп келген.

Реми Дордун жазганы боюнча "Рахманкул жети атасынан бери эл бийлеп келген бектердин тукумунан. Анын жети атасынан бери санасак: Жапаркул ажы, Кожожар, Касымбек, мүмкүн – Казыбек, Атамбек, Аналбектерди учуратабыз. Алардын арасынан Рахманкулдун чоң атасы Кожожар гана миң башы болгон эмес дешет. Бирок кандай болгон күндө да Рахманкул хандык бийликти өзүнүн жеке сапаты, инсандык касиети көрөгөчтүгү жана билермандыгы менен алган. 1982-жылдан 2010-жылдын май айына чейин Кичи-Памирдеги кыргыздарды Абдрашид хан башкарып келген. Ал эми Рахманкул хандын Кабулга барган учурда берген өзүнүн маалыматы боюнча бул чөлкөмдө жашаган адамдын саны 3000ден [31, 15] ашуун экен.

Рахманкул ханды айтканда, Памирди, Памирди эстегенде сарыколдук кыргыздарды [121] айтканга туура келет. Азыр Афган Памириндеги кыргыздар саны анча көп эмес, бирок акыркы жылдарда Кыргыз Республикасынын жарандар демилгеси менен алака түзүү башталган [31, 3-4]. Мына ушундай көз караштан караганда, Совет бийлигинин учурундагы идеология Рахманкулду *"басмачы", "баш кесер"* катары каралап жазгандары жалган жана эки жүздүүлүк болуп

чыгат. Чындыкты бурмалаганы дароо көзгө урунат. Эгер заман өзгөрбөгөндө, өз көзү менен көргөнүн жазган жубайлардын: *“Кыргыздардын ханы абдан акылдуу, шартты дароо түшүнүп, туура чечим чыгарган, өз боюна тыкан, жарашыктуу кийинген адам экен”* деп жазганын окумак да эмеспиз, окусак да ишенбей калат элек.

Совет убагында Рахманкул хан тууралуу карама-каршы пикирлер көп жазылган. Анын эң башкы себеби мамлекеттик идеологияга байланыштуу болгон. Чындыгында, ал кезде аны эч ким жакшы адам деп жаза алган эмес. Ал эми чет өлкөлүктөрдүн кээ бири негизинен ар кимден, ар кандай адамдардан уккандарын жазышкан. Аны билген адамдар аз болгон. Изилдөөчү Л. Строиловдун пикири боюнча: *“...анын саясий шылуундугу, ашкере даңк кууган ишмердиги афган парламентине (Лоя-Жирга) кирүүгө”* [72, 47] мүмкүнчүлүк берген.

Ал Курманжан датканын балдары баш болгон алай кыргыздарынын көтөрүлүшүн жакшы билчү. Анан карапайым элге орус баскынчыларына каршы күрөшкө көтөрүлүп чыккан кыргыздар менен кыпчактар “басмачылар” эмес, орустар өздөрү “басмачы эл” экенин айткан. “Рахманкул хан аналитикалык ой жүгүртүүсү мыкты адам болгон. Ошондуктан ал өзүн ээрчиген элди баштап, Памирге алып чыгып кеткен. Таза, аман-эсен сактап калуу үчүн бир алакан элине бүт өмүрүн арнаган. Эгер орус тийбесе, алар өз тирилигин өздөрү тынч өткөрүп жашай беришмек.

Чындыгында, кыргыздар басмачы болушкан эмес, тескерисинче, орустар басмачы болушкан жана Орто Азияны басып алышты. Басмачы деген сөз – элди же мамлекетти басып алуу дегенди билдирет. Орто Азия эли эч качан Москваны басып алышкан эмес эле. Тескерисинче, орустар Орто Азияны басып алып, бул жерлердин ээлерин басмачы деп аташкан.

2014-жылдын 26-октябрында Түркия Республикасынын Стамбул шаарына Жапаркул уулу Рахманкул хандын 100 жылдык маарекесине Кыргызстандын атынан «Республика» фракциясынын жетекчиси Максат

Сабиров, Кыргыз Социал Демократиялык Партиясы фракциясынын депутаты Абдыманап Кутушев, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин мурдагы ректору, илимпоз Сулайман Кайыпов жана башкалар катышкан. Салтанаттуу иш-чарада Жапаркул уулу Рахманкулдун дипломатиялык мамилелерге кошкон салымы даңазаланып, улуу инсандын жашоосу тууралуу чакан көркөм тасма көрсөтүлгөн. Эске салсак, Рахманкул хан – саясий ишмер жана аскер адамы, Памирдеги андан кийин Пакистандагы жана акырында Түркиядагы кыргыздардын акыркы ханы [129] болгон.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештинин депутаты Абдыманап Кутушев мындай деген: “Биз бул жерде кыргыздын чыгаан уулу, Кичи-Памирдин карыясы, Памирдин коргоочусу, жалпы Памирдеги кыргыз түрктөрүнүн ханы, кыргыздын акыркы ханы – Рахманкул хандын урматына топтолуп отурабыз. Советтик пропаганда убагында бизге маалыматты чектеп, коммунисттик бийликтин идеологиясына ылайыктап берчү. Ошондуктан, биз көп нерсени өз убагында аңдабай калдык. Андыктан, мен өзүм Алайда туулуп-өссөм дагы Рахманкул хан жөнүндө бала кезимде үзүл-кесил гана маалымат укчумун. Кийин гана Кыргыз мамлекети эгемендик алгандан кийин ал инсан тууралуу көбүрөөк биле баштадым. Рахманкул Хандын атасы Жапаркул миң башы баласына сенин ата-тегиң Алайдан болот дечү экен. Демек, улутубуз да, динибиз да, дилибиз да, жерибиз да бир экен. Ушул киши элди сактап калуу үчүн акылын, күчүн үрөп, жанын да, байлыгын да аябай, кыйынчылыктарга чыдап, керек болсо душмандары менен катуу тирешип жүрүптүр. Афганстандын, Кытайдын, Пакистандын, Американын жана Түркиянын бийлик өкүлдөрү менен бийик деңгээлде мамиле кылып, сүйлөшүүлөрдө өз элинин кызыкчылыгын коргоп келиптир. Бул да болсо Кудайдын берген жазмышы го, көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин пайда болушуна бир жыл калганда келгис сапарга кетти. Бир кезде Жапаркул миң башыны, башка кыргыз төбөлдөрүн ээрчиген миңдеген памирлик кыргыздар акырындап өз мекенине, Кыргызстанга кайта баштады. Башкача айтканда,

көч дале болсо улануууда. Ушул тапта жүздөгөн памирлик кыргыздар, ошол эле Рахманкулдун балдары, неберелери азыр Кыргызстандан, ата конушу Алайдан, айрымдары Бишкектен орун-очок алып, эл кандай жашоо кечирсе, ошондой турмушта жашап жатканын белгилей кетели.

**Рахманкул хандын жашоосу жана саясий абалынан кыскача [122]:**

– Рахманкул Хан 1913-жылы саратанда (август айында) азыркы Тажикстандын Памириндеги Мургап районунун Тамчы-Жар кыштоосунда туулган.

– 1942-жылы августта Рахманкул менен атасы Жапаркул миң башыга Советтик чек арачылар Памирде уу ичиришкен.

– 1943-жылы саратанда (августта) атасы ошол уудан жапа чегип өлгөн.

– 1948-жылы саратанда (августта) Советтик чек арачылардын, чекисттердин кысымынан Кытайга качкан.

– 1950-жылы саратандын (августтун) аягында Афганстандын Падышасы Закир Шахтын чакыруусу менен Кичи-Памирге кайткан жана элдин өтүнүчү менен кайрадан кариядар (эл башчы) болуп дайындалган.

– 1960-жылы августтун аягында Памирде кыргыздар аймактагы дагы көптөгөн башка улуттардын башчылары жана өкүлдөрү катышкан чоң жыйында Рахманкулду ак кийизге отургузуп, хандыктын жол-жобосу боюнча хан көтөрүшкөн.

– Рахманкул хан 1990-жылдын 6-августунда Түркиянын Эрзурум шаарынын ооруканасында түнкү саат экиде көз жумган. Ал 8-августта түш чендерде Түркиянын Ван областындагы Эржиш районунун Улуу-Памир айылына коюлган. Тажиясы (кара ашы) 5 күнгө созулган.

– Рахманкул хан 4 аял алган. 1-аялы Мургабдын Шаймак айылынан болгон. Балалуу боло электе ажырашып кетишкен. 2-аялы төрт балалуу болгондон кийин Кичи-Памирде ооруп көз жумган. 3-жана 4-аялдары азыр

Түркияда жашап жатышат. Кийинки үч аялынан 9 уул 2 кыздуу болгон (11 бала).

Бир тууган иниси Субанкул менен бир тууган карындашы Мария Түркияда каза болушуп, Рахманкул хандын жанына коюлган. Ошондой эле тун уулу Абдивакил жана үчүнчү уулу Малик да ооруп каза болушуп атасынын жанына коюлган [121].

Элдердин саясий маданияты жөнүндө сөз кылганда ысымдардын жана сиңирген ишин тарых жүздөгөн жылдардан бери сактап келе жаткан ойчулдар менен окумуштуулардын ысымын атабай коюуга болбойт [49, 307]. Мына ушундай учурда эл ичинен чыккан улуу инсандардын бир канчасы: Жапаркул, Сатарбек, Арыпбай, Рахманкул, Мариям сыяктуу мыкты эр азаматтар жана айымдар элди багуу, жерди сактоо түйшүктөрүн моюндарына алышкан жана Памирге барып Афган өкмөтү менен саясий мамиле жүргүзүп келген.

**Памирлик кыргыздардын социалдык абалы.** Афганстандагы кыргыздар азыркы мезгилге чейин жайкысын боз үйлөрдө, кышкысын таш үйлөрдө жашап, мал чарбачылык менен күн кечиришет. Асыраган жаныбарлары топоз, кой, эчки, жылкы, эшек жана төөлөр болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын жараны, изилдөөчү Эдуард Кубатовдун 2004 жылы Памирге барып-келгенде берген маалыматы боюнча Кичи-Памирде 1100 адам, Чоң-Памирде 700 адам жашайт. Ал эми памирлик кыргыздар Памирде жалпы 2000ге жакын кыргыз барбыз деп эсептешет. 2011-жылдагы “Кыргыз бутагы” коомдук фондунун статистикалык изилдөөсүнүн негизинде Кичи-Памирде 720 адам, 142 түтүн эл бар. Чоң-Памирде 500гө жетпеген адам [20] жашаганы маалым болгон.

Жазуучу Акылбек Атабаев 2010-жылы, Афганстандын Чоң жана Кичи-Памиринде 3500 эл бар [86] деп жазган. Республика фракциясынын депутаты Мирлан Баиров Памирге барып-келип, “Учур” газетасына: “Буга чейин ар түрдүү сандар айтылып келген эле. Памир раистери менен сүйлөштүк. Алар Чоң-Памирде 1200дөн ашуун, ал эми Кичи-Памирде

1500дөй дешти. Орточо эсеп менен 3000дей кыргыз бар экен” [97, 3], – деп жазган. Памирлик кыргыздардын уулдары үйлөнөрдө кызга берилүүчү орточо калың баасы –1 жамбы, мындайча айтканда, 1 жамбы – 10 кой, 10 жамбы – 100 кой. Кыздарды 13-14 жаштан баштап турмушка беришет. Турмушка чыккан келиндер ак жоолук, кыздары кызыл жолук салынышат. Памирлик кыргыздар башка улуттан кыз алып беришпейт.

Тойлордо улак тартыш оюнун ойношот. Күндөн-күнгө ордо оюну унутулууда. Кыргыз болуп, кымыз ичкен эмес. Бирин-экин эркектер комуз чертишет. Кээ бир кыз келиндер ооз комуз кагышат. Жамактап ырдагандар сейрек учурайт. Мурунку учурда эркектер 3-4 аял алса, бүгүнкү күндө аялзаттын аздыгынан 50-55 жаштагы эркектер жалгыз бой өтүүдө. Кээ бир үй-бүлөлөрдө аталаш туугандары менен үйлөнгөндөр да бар.

Келин алуу, баланы отургузуу, тушоо кесүү тойлору, өлгөн кишиге аш берүү, үрп-адаттары баарын сактап келүүдө. Бирок бир жаман жери он эки-он үч жаштагы кыздарды жаштыгына карабай, чыркыратып күйөөгө берип коюшканы алардын кайтыш болуусуна себеп болуп келүүдө. СССРдин убагында Кыргызстан менен Афганстандын ортосунда байланыштын болбогону, памирлик кыргыздардын Кыргызстандагы кыргыздар менен байланышы болбой, азыркы күндө “Манас” айткан адамдардын болбогондугуна себеп болгон. Үч жылдан бери 5-класска чейинки 3 бөлмөлүү мектеп-интернат ачылган. Бул мектеп Советтер Союзунун базасы турган Бозой-Күмбөздө жайгашкан. Улууну урматтоо, бири-бирин сыйлоо адатка айланган. Баланча акем айтты, аткарыш керек деп турушат.

“Кыргыз бутагы” коомдук фондунун ишмерлеринин Памир сапарындагы билдирүүсүндө: “Азыр Афган мамлекети тарабынан дагы бир мектеп Мунарада салынууда, бирок жыгач таштын жетишсиздигинен үч жылдан бери токтоп турат. Ошондуктан, башка айылдын балдары, үйлөрдүн жанында тигилген чатырларда окуп жатышат. Кечинде

чатырды топоз тебелеп айрып салат, аны кайрадан тигип, элибиз көп убара болушууда. 2013-жылы ата-энелер балдарын Бозой-Күмбөздөгү мектепке жиберишкен эмес. Себеби 2012-жылы мектептеги балдар кароосуз калып, көпчүлүгү ооруган. Мектеп аба ырайына байланыштуу 1-2 айга гана иштейт. Кыш айларында мектеп токтойт. Бозой-Күмбөздөгү мектепте 1-класстан 7-класска чейин 21 бала билим алышса, бүгүнкү күндө 50 гана бала сабактарга катышып жатышат. Окутулуп жаткан сабактары: дари, пушту, англис тилдеои, таалим-тарбия, эсеп, жер таануу, тарых жана Курани Карим. Биринчиден жол узак, кээ бир балдар ат менен 2 күндүк жол жүрүшөт. Экинчиден, башка элдин тилин окусак, тилибизди жоготобуз. Тилибизди жоготсок, элибизди жоготобуз деген коркунучу бар [4]. Кыргыз тилинен сабак берүүчү мугалимдер болсо дешет.

Памирдин климаты катаал, кескин континенттик (өзгөчө Чыгыш Памирде). Ал субтропик алкакта жатат, бирок кышында мээлүүн, жайында тропиктин аба массалары басымдуу. Чыгыш Памирде январдын орточо температурасы абсолюттук минимум -50°С. Жайы кыска жана суук, жайкы температура 20°Сден ашпайт. Июлдун орточо температурасы 14°С. Мургаб, Ак-Суу өрөөндөрүндө, туюк чуңкурларда көп жылдык тоң тектер кезигет. Памирде жалпы аянты 7500 км ге жеткен 3000ге жакын мөңгү бар. Өсүмдүктөрү өтө суйдаң; ландшафтында жылаңач аскалар жана шагыл, кой таштуу кумдуу чополор менен капталган жерлер басымдуу.

Батыш Памир, чыгышына караганда өсүмдүктөргө бай; өрөөндөрүнүн этектеринде шыбак-сөксөөлдүү чөл өсүмдүктөрү басымдуу. Андан жогору төө таман, тикендүү астра (2600-3200 м) жана ак кылкандуу талаа (3200-3800 м), доңуз сырттуу альп шалбаасы (3500-4000 метр бийиктикте) [85, 9], сейрек субниваль өсүмдүктөрү (4500 метрден жогору) менен алмашат. Батыш Памирдеги дарыялардын жээктеринде тал, чычырканак, терек, кайың, ит мурун өсөт [120]. “Кыргыз бутагы” коомдук фондунун ишмерлеринин 2011-жылы Памир сапарындагы статистикалык

изилдөөсүдө: Кичи-Памирде 8-9 жылдын аралыгында 6 эркек, 43 аял, 455 бала каза болгон. 2012-жылы апрель айында Кичи-Памирдеги кыргыздардын өкүлү Абдурашид уулу Абдувалинин маалыматына таянсак, 8 айдын ичинде (2011-жылдын августунан – 2012-жылдын апрели) 11 бала, 2 эркек, 1 аял кайтыш болгон [20]. Жалпы алганда, Памирдеги аялдардын орточо жашы 40-45, эркектердики 50-55 жашка чейин [98, 9].

Памирлик кыргыз Абдубаиддин айтымында: «Мен байдын биримин, колумда топозум, акчам бар, бирок балам ооруп жаны кыйналып турганда, топозум жана акчам эчтекеге жарабады. Алып бара калайын десем, догдур жок. Жол алыс, бир Кудайга дартымды айтып отуруп калдым», – дейт.

Памирлик кыргыз Рай: «Бул Памирде кесел болсоң, анда өлүмдүн сага келгени деп биле бер», – дейт.

Аялдар: “Бул Памирде бала төрөсөң да, чоңойбой жатып өлүп калат. Бей ажал кетип жаткан балдарыбыздын убалы кимге?” – деп ыйлашат.

Уркия эже: “Памирде биз, топоздун артынан топоз, топурактын артынан топурак болдук” [4], – дейт.

Афгандык 20 жаштагы Батырхан деген жигиттин айтуусунда, кышында Чоң-Памир менен Кичи-Памирде жол жабылып каттоо токтойт экен. Аштыкка Чоң-Памирден Файзабат, Кабулга барышса, Кичи-Памирдин эли Пакистандан соода-сатык жасашат дейт. Мал чарбасында кой, ат, төө, топоз багышат [86]. Элдин негизги тамагы эт, сүт, эжигей, курут. Тоолуу өлкө болгондуктан, эгин чыкпайт. Эгинди кеч күздө суулар тоңуп, жол ачылганда гана көп машакат, кыйынчылык менен төмөн түшүп барып, Сарат, Ханзут деген жерлердеги отурукташкан жергиликтүү дыйкандардан май, курут, жүн, ала кийиз, шырдак ж.б. алмашып келишет. Афгандык кыргыздар куулук-шумдук дегенди билишпейт. Алар соодалашпайт, бергенин алмашып ала беришет. “Буйруганы ушул экен”, – деп, азга шүгүр кылышат. Кышкысын жашоо-тиричилик бир топ кыйындайт. Айран, сүт жок болгондуктан, жалаң эт менен курутка гана карап калышат. Чанда гана колунда бар байлар нан жебесе, көбүнчө буурчак же жүгөрүнү жаргылчакка

тартышып, сорпого жарма жасап ичишет. Абдрашид хан өз элин көп ирет Кыргызстанга көчүрүп келгенге аракет кылган. Көптөгөн себептердин натыйжасында бул аракети ишке ашкан эмес. Абдрашид хан менен жолугуушуда анын айткан керээзи: – *“Бизди унутпагыла”,* – деген сөзү болгон.

Кыргыз Республикасы тарабынан бөлүнгөн гуманитардык жардам жай айында Кыргыз миграция жана жумуш менен камсыз кылуу комитетинин төрайымы Айгүл Рыскулова жетектеген экспедиция Афгандын Кичи-Паминде болуп, ошол жердин жергиликтүү ханы Абдурашит-хан менен жолугушуп кайтышкан. Кийинки экспедицияны Чоң-Памирге Кыргыз Республикасынын Миграциялык фондунун директору Салтанат Бараканова жетектеген топ барып, Ишкашим району Вахан жолу аркылуу кыргыздардын Кошулуш айыл кыштоосунда Кудайбергендин (Кудус бай) үйүндө болуп, гуманитардык жардам жеткирип келишкен [86].

«Кыргыз бутагы» коомдук фонду 2009-жылдан тарта жыл сайын памирлик кыргыздардан кабар алып жана ар тараптуу жардам берип келет. Алардын айтымында Памирге, Бишкек – Ош – Алай – Тажикстан – Мургаб – Хорог – Афганстан – Ишкашим – Саргаз – Сархад (6 күн машина менен), Сархад – Шовур – Лангар – Кичи-Памир (2,5 күндө ат, эшек менен) [4] маршруту менен жөө жеттишкен.

Акырында айта кетчү нерсе, 2001-жылдан баштап Афганстандын Конституциясында, өз карамагында жашаган бүткүл улуттарга өкмөт жана парламентте өз ордун ээлөгө укук берилген. Экс-президент Хамид Карзай памирлик кыргыздардан өкүл катары Молдо Турдукулду парламенттин сенатору кылып дайындаган. Памирлик кыргыздар Баш мыйзамда “Афганстан калкы: пушту, тажик, хазарий, өзбек, түркмөн, белудж, пашаий, нурустани, аймак, араб, кыргыз, кызылбаш, гужар, барахи жана башка калктардан түзүлгөн” [13], – деп белгиленет. Памирлик кыргыздардын Афганстан парламентиндеги экс-сенатору болгон Молдо Турдукул Кыргыз Республикасына келип-кеткен. Анын Жогорку Кеңеште чыгып сүйлөп,

парламенттин мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын премьер-министри жана президенти менен жолугушуусу, Афганстан жана Кыргызстандын ортосундагы расмий мамилелеринде жаңы барактарды ачты.

Памир кыргыздары көптөгөн кыйынчылыкта жашап жатышканын айтсак, ал эми экинчи жагынан болсо, Памир калкы өзүнүн географиялык жайгашуусуна байланыштуу, ар бир афган сезген согуш деген ачуу сөздүн даамын сезген жок. Афганстанда канчалык согуш болсо да, афган калкы аларга зыянын тийгизген жок. Памир кыргыздары эч бир «талибандын» өңүн көргөн эмес жана Памир тоосун эч бир америкалык солдаттын буту баскан жок. Жергиликтүү калкка, бул жерде согушту эмес, тескерисинче, жаратылышты, жолборс сыяктуу сейрек кездешүүчү жаныбарларды коргоону жана сактоону үйрөтөт [127]. Памирге саякатка чыккандардын дээрлик баары кыргыздардын ак ниет адамгерчилигине гана көз артышат десек жаңылышпайбыз. Кыргыздар эркиндикти сүйгөн эл экендигин ушундан билүүгө болот – памирлик кыргыздар канчалык катаал турмуш болсо да, XIX кылымдан бери ак кар, көк муздуу тоолордо алыс жашап, өз тилин, каада-салтын жоготпой келатышат.

Жыйынтыктып айтканда, кыргыз жана афган элдеринин байыркы убактардан бери келаткан жакын санаалаштыгын, Чыгыштын баалуулуктарын бирдей тааныган жана баш ийген кулк-мүнөзүн, дүйнөгө болгон көз карашынын жалпылыгын эске алуу менен азыркы ааламдашуу шаттарында Батыштын баалуулуктарын кабыл алган, ошону менен катар Чыгыш менен Батыштын баалуулуктарын синтездеген бул эки элдин ар тараптуу карым-катышын позитивдүү багытта өнүктүрүү кыргыз жана афган элдеринин учурдагы ааламдашуу мезгилиндеги бекем достугунун пайдубалы жана күбөсү болуп саналат.

# II БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АФГАНИСТАН ИСЛАМ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИПЛОМАТИЯЛЫК-САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АБАЛЫ

## 2.1. Кыргыз Республикасын менен Афганстан ислам Республикасынын өз ара дипломатиялык мамилелерин калыптанышы.

XXI кылымдын башына чейин белгилүү саясий себептерден улам Кыргызстан менен Афганстан дипломатиялык мамилелерин түзө алган эмес. Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын дипломатиялык мамилелери 1992-жылынын 6-октябрында Нью-Йорк шаарында түзүлүп [123], быйыл 24 жыл толсо да, бул дипломатиялык мамилелери 1999-жылдын 12-ноябрында [7] кайрадан активдешип, 2002-жылдын 26-мартында Кыргыз Республикасынын өнөр жай жана соода министринин орун басары А. Сулайманкулов Кыргызстандын делегациясын жетектеп, Кабулга расмий иш-сапарына барган. Бул сапарда А. Сулайманкулов Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай, тышкы иштер жана соода министрлери менен жолугушуп, Афганстан Ислам Республикасы менен Кыргыз Республикасынын экономикалык кызматаштык жаатында жана эки өлкө арасында элчиликтердин ачылышы тууралуу келишимдерге кол коюлган [162, 442]. 2002-жылы 28-августта Афганстан Ислам Республикасынын эң алгачкы ыйгарымдуу элчиси катары Абдуль Кадыр Достум Бишкек шаарына келип, Афганстан Ислам Республикасынын Кыргызстандагы элчилигини ачкан. Афганстан менен Кыргызстан ортосундагы расмий мамиле элчилик ачылган соң өнүгө баштап, саясий, экономикалык жана маданий тармактарда [113] кызматташтыктар ишке ашырыла баштаган. Кыргызстан “Манас” эл аралык аэропортун аскердик база катары НАТОго убактылуу колдонууга берүүсү менен бирге, Афганстандан Талибан кыймылынын бийликтен чектелүүсүндө жана өлкөдө Афган өкмөтүнүн бутуна туруусуна өз салымын кошуп келген.

2006-жылы Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай Афганстандын Бишкектеги элчилигинин каржылык каражаттардын жетишсиздигинен улам [113, 442] убактылуу жабуу чечимин кабыл алган. Эки өлкөнүн дипломатиялык мамилелери Казакстандагы Афганстан Ислам Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү аркылуу улантыла берген.

Кыргызстан менен Афганстандын саясий кызматташтыгын бекемдөөдө эки өлкөнүн презеденттеринин жогорку деңгээлдеги жолугушуулары чоң өбөлгө түзгөн. Мисалы, 2010-жылдын 5-мартында Кыргыз Республикасынын президенти Кыргыз Республикасынын элчилигинин Кабул шаарында ачылуусу тууралуу №69-Жарлыгын жарыялаган [7] жана Кыргыз Республикасынын Афганстан менен болгон мамилесин ар кандай жааттарда кеңейтүүнү каалаларын белгилеген. Ошол эле жылы Түркиянын Стамбул шаарында өткөн Экономикалык Кызматташтык Уюмунун (ЭКУ) отурумунун сонунда Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай жана Кыргыз Республикасынын убактылуу экс-президенти Роза Отунбаева аймактык кызматташтык жана эки өлкөнүн мамилелеринин өнүгүүсүн баса белгилешип, Бишкек шаарында Афганстан Ислам Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн кайрадан ачылуусу жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кабул шаарында дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн түзүлүүсү зарылдыгы жөнүндө ой-пикирлешип, өз ара чечимге келишкен. Кыргызстан менен Афганстан мамлекет башчыларынын эки өлкө ортосунда дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн ачылуусунда болгон салымдары эң негизги ишмердүүлүктөрү болуп саналат. Ошондой эле экинчи жолу Афганстан Ислам Республикасынын Кыргыз Республикаындагы элчиси катары Нур Мухаммад Каркин дайындалып, 2011-жылдын 24-декабрында Бишкек шаарына келип иш баштап [113], эки өлкөнүн дипломатиялык мамилелери кайрадан улантылган.

2013-жылы 2-майда Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаевдин Жарлыгы менен А. Абдразаковдун Кыргыз Республикасынын Афганстан Ислам Республикасындагы элчиси катары дайындалган [4] жана 2013-жылы 21-июнда Кабулга барып [109], өз ишин баштаган. 2014-жылдын 15-февраль айында Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Эрлан Абдылдаев Афганстандын борбору Кабул шаарына расмий сапар менен барып, Кыргыз Республикасынын элчилигин расмий түрдө ачкан [162, 442]. Бул ачылышта Эрлан Абдылдаев мындай деген: “Эки өлкөнүн тарыхый мамилелери чыныгы достуктун жана кызматташтыктын негизин түзөт. Ушул элчиликтин ачылышы келечектеги тууганчылыктын жана көмөктөшүүнүн белгиси болуп саналат”. Кыргызстан дал ушул элчиликтин ачылуусу менен өзүнүн Афганстанга карата боордоштугун жана жардам көрсөтөрүн, ошондой эле өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдө өзүнүн салымын кошорун билдирген. Афганстан Азияда ыңгайлуу орунду ээлеп, дал ушул жайгашуусу менен Орто Азия мамлекеттерин Түштүк Азия мамлекеттери менен бириктирип турат.

Афганстан Ислам Республикасынын маалымат жана маданият министри Махдум Рахин элчиликтин ачылыш аземине катышып мындай деп билдирген: “Тарых изинде эки өлкө достук мамиледе болуп бири-бири менен кызматташып келишкен. Бактыга жараша, Афганстан жана Кыргызстан өздөрүнүн дипломатиялык мамилелерин баштап, Афганстан өз элчилигин Бишкек шаарында жана Кыргызстан өз элчилигин Кабул шаарында ачты” [112]. Кабул шаарында 2014-жылы 16-февралда КР Тышкы иштер министри Э. Абдылдаевдин Кабулда болгон сапарынын экинчи күнүндө Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясы менен Афганстан Ислам Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык институтунун ортосунда бирге иш алып баруу жана билим берүү, кесипке окутуу, консультация берүү жана изилдөө тармагында, ошондой эле башка тармактарда узак мөөнөттүү жана өз ара пайдалуу кызматташуу үчүн өз ара түшүнүү

меморандумуна кол коюлган. Өлкөлөрдүн өз ара мамилелеринде жалпы саясий көз карашка ээ болуу, бирдей кызыкчылыктарды ачуу, белгилөөгө арналган маселени чечүүдө [20, 107] дипломатиялык диалог өзгөчө мааниге ээ. Теория жактан диалог – бул дипломатиянын маңызы жана максатка умтулган кадам сыяктуу ага көңүл буруш керек. Өлкөлөр арасында сүйлөшүүлөрдүн жоктугу активдүү дипломатияны пассивдүү дипломатияга айлантат.

2012-жылдын декабрь айында Афганстан Ислам Республикасынын Дипломатиялык институтунун жетекчиси Мухиб Спенгар Бишкек шаарына иш сапары менен келип, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Казы Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын, Орто Азиядагы Америка университетинин жана ЕККУнун Бишкектеги Академиясынын алкагында илимий кызматташтык, бюджеттик окуу, мугалимдердин жана окуучулардын программа алмашуусу жана билим алууга шарт түзүп берүү маселелерин талкуулашкан. Ошондой эле 2015-жылдын 7-17- июнь күндөрү Афганстан Ислам Республикасынын Дипломатиялык институтунун жетекчиси 4 кишиден турган афган жаш дипломаттарынын делегациясын жетектеп, «XXI кылымдын дипломатиясы: глобалдаштыруу шарттарында Орто Азия» аттуу эл аралык жайкы дипломатиялык мектебине (The Summer School) катышууну көздөшкөн, аталган жайкы мектеп Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын, Бириккен улуттар уюмунун өнүктүрүү программасынын (БУУӨП-UNDP) жана ЭККУнун демөөрчүлүк колдоосу менен [20] Ысык-Көл жергесинде өткөрүлгөн. Орто Азия өлкөлөрү, Афганстан жана Монголиядан жаш дипломаттар катышкан. Дипломатиялык жыйында Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын ректору Н. Айтмурзаев, КРдагы БУУӨПтун резидент-координатору А.Аванесов, ЕККУнун Бишкектеги өкүлчүлүгүн башчысы С.Капинос, Түркмөнстан, Өзбекстан Республикаларынын атайын жана ыйгарым укуктуу элчилери жана

Монголиянын Бишкектеги башкы консулу Батцэнгэл Энх-Амгалан катышкан. Бул сыяктуу илимий иш-чаралар региондо жаш дипломаттар арасында биргелешкен глобалдык, регионалдык жана жергиликтүү саясий маселелерди эл аралык деңгээлде чечүү жолдорун табууга мүмкүнчүлүк берет, өз ара кызматташтык тартибин түзүү жана ошондой эле оптималдуу жолдорду табуу максатында илимий изилдөөлөргө түрткү болот.

Жыйынтыктап айтканда, ар бир өлкөнүн тышкы саясаты өзүнүн улуттук кызыкчылыгынын негизинде жүргүзүлөт, улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруу жана максаттарга жетүү үчүн *"улуттук күч"* колдонулат. Тышкы саясаттын эң негизги максаты – улуттук кызыкчылыкты коргоо болуп саналат. Реалисттердин көз карашы боюнча ар бир өлкөнүн бири-бири менен болгон мамилеси, тышкы саясий кызыкчылыктары менен ишке ашат. Бул теорияга таянып айтканда, XXI кылымдын башынан тартып, Афганстан менен Кыргызстандын ортосундагы тышкы саясаттарынын негиздери окшош болгондуктан, эл аралык мамилелерде жана мекемелерде бири-бирин колдоп-кубаттап келишет. Өлкөлөр арасында жана ошондой эле Кыргызстан менен Афганстан мамлекеттери ортосундагы карым-катнаштарды өнүктүрүү үчүн, эл аралык мамилелерди жеңилдетүү жана ишенимди пайда кылуу процессине өлкөлөр арасындагы дипломатиялык диалог жана кызматташтык өтө зарыл фактор. Кыргызстан менен Афганстан өз ара расмий түрдөгү дипломатиялык карым-катнаштарынын түпкү тамыры эки өлкөнүн элдеринин тарыхый достук мамилелерине таянат.

Дипломатия түшүнүгү расмий түрдө 1965-жылы Америкалык Адмонд Глин аттуу саясатчы тарабынан айтылган. Анын көз карашы боюнча коомдук дипломатия аркылуу максаттарга жетүү эң негизи жол болуп саналат. Коомдук дипломатия көп тараптуу формада болуп, табияттын мыйзамдарына каршы келбестен, саясий максаттарды жарыялап, өнүктүрүү жана ишке-ашыруу үчүн колдонулат. Дипломатиялык диалог болсо, жалпы саясий көз карашка келүү үчүн, окшош кызыкчылыктарды ачып белгилөөгө

арналган маселенин азыркы учурдагы чечүү формасы. Өлкөлөр арасында саясий эрктин, бийликтин күчүн колдонбоо жолу аркылуу ишке ашырууда, конфликттерди жөнгө салууда, кыймылды багыттоодо, кызматташтыкты аныктоодо ж.б. [41, 32] эң керектүү курал. Дипломатия тили абдан бай жана көп кырдуу. Анын өзүнө гана тиешелүү терминдери, системасы бар жана аны кабыл алынган терминдердин жыйындысы түзөт. Учурдагы кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасына назар салсак кесиптик лексикасы да, терминологиясы да жаңыдан калыптанууда [36, 147]. Дипломатиянын тарыхына терең назар салсак, адамзат жер жүзүнө жаралгандан бери коомдук дипломатия – жеке жана өздүк пайдаларды көрүү максаттарында колдонулат. Өзгөчө 70-жылдардын аягында, 80-жылдардын башында дүйнөдө бир багыттуу дипломатия жана эки багыттуу дипломатия (Track Two Diplomacy) [66, 271] деп айырмаланып, иш жааттары кеңейүүдө.

## 2.2. Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий, экономикалык жана маданий мамилелеринин абалы

**Саясий мамилелер.** Кыргыз Республикасы өз эгемендүүлүгүн алган күндөн баштап тышкы саясатын жүргүзүүдө Орто Азия өлкөлөрү, Европа, АКШ, Жакынкы жана Орто Чыгыш мамлекеттери, ошондой эле Афганстан Ислам Республикасы менен саясий мамиле түзүп келүүдө. Кыргызстан жана Афганстан мамлекеттеринин саясий мамилелери, эки тараптын территориялык бүтүндүгүн жана жергиликтүү өкмөт бийлигин өз ара урматтоо, эки өлкөнүн ички саясатына кийлигишпөө, бүгүнкү күндө баңги зат жана аны мыйзамсыз ташууга карата күрөшүү, диний фундаментализмге каршы күрөшүү, аймактык стабилдүүлүк жана коопсуздук маселелеринде биргелешип иштөө жана кеңешүү, регионалдык жана эл аралык маселелерди түшүнүү, кызматташтыкты өнүктүрүү болуп саналат. Афганстанда тынчтык процессине жана ошондой эле эки өлкөнүн ортосунда инвестиция тартуу маселесинде бири-бирине көмөк көрсөтүүлөрү, эки мамлекеттин саясий мамилелеринин негизин түзөт. Эки тараптуу мамилени өнүктүрүү максатында Кыргызстан жана Афганстан

өкмөт башчыларынын жана жетекчилеринин көптөгөн расмий иш сапарлары ишке ашып келет.

XXI кылымдын башында Афганстан ондогон жылдар бою созулган ички согушту башынан өткөрүп, коңшу, регионалдык жана дүйнө өлкөлөрү менен мамиле түзүүгө умтулуп келет. 2002-жылдын 26-мартында Кыргыз Республикасынын өнөр жай жана соода министринин орун басары А. Сулайманкулов дипломатиялык делегацияны жетектеп, Кабулга расмий сапар алган [162, 442]. Бул иш сапарда Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай, тышкы иштер жана соода министрлери менен жолугуп, эки өлкөнүн саясий жана экономикалык кызматташтыгы, өз ара алаканы кеңейтүү тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн.

2008-жылдын 16-августунда Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай ШКУнун өлкө башчыларынын отурумунун алкагында алгачкы жолу Бишкекке келген. Афганстан дал ушул ШКУнун отурумунда биринчи жолу байкоочу катары катышып, Афганстандын Орто Азия өлкөлөрү, өзгөчө Кыргыз Республикасы менен мамилесин күчөтүүнү каалаган. 2012-жылдын 5-декабрында Афганстан Ислам Республикасынын экс-президентинин экинчи орун басары Мухаммад Карим Халили, Шанхай кызматташтык уюмунун мүчөлөрүнүн (ШКУ) Өкмөт башчыларынын Кеңешинин отурумуна катышты. Бул отурумдун алкагында ШКУнун мүчө өлкөлөрүнүн өкүлдөрү менен жолугушкан. Ошол расмий сапарында Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаев «Ала-Арча» мамлекеттик резиденциясында Афганстан Ислам Республикасынын вице-президенти Мохаммад Карим Халилини кабыл алып, Афганстанда бейпил турмуштун калыбына келишине, ошондой эле аны менен соода мамилелерин өнүктүрүүгө кызыкдар экендигин билдирип, эки тарап аймактык коопсуздук маселелерин да талкуулаган. Мухаммад Карим Халили Кыргыз Республикасынын премьер-министри Жантөрө Сатыбалдиев менен дагы жолугуп [104], эки өлкөнүн өз ара

дипломатиялык, саясий жана экономикалык кызматташтык мамилелерин кеңейтүү [4] боюнча сүйлөшүүлөр болгон.

2013-жылдын 12-13-сентябрында Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай Бишкекте өткөн Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекет башчыларынын Кеңешинин 13-Саммитине Президент Хамид Карзай бул өлкөдө болгон иш сапарынын алгачкы күнүндө Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Атамбев менен жолуккан. Жолугушуунун жүрүшүндө өлкөлөр ортосунда регионалдык коопсуздук жана соода-экономикалык кызматташуу маселелери талкууланган. Президент А. Атамбаев региондогу коопсуздук жана Афганстандагы жагдай, Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө мамлекеттеринин Саммитинин күн тартибиндеги негизги маселелерден болорун айткан [111]. А. Атамбаев өзүнүн өлкөсүнүн Афганстан менен болгон мамилелеринин өнүгүүсүн кааларын белгилеп, ушул көз карашынан улам жакынкы күндөрдө Кыргыз Республикасынын элчилигин Кабулда ачкандыгын белгилеген. Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаев регионалдык өлкөлөрдү бириктирүүчү жер үстүндөгү жолдор жана алардын бири-бири менен болгон соода-сатык жана экономикалык мамилелерин өсүшү чоң мааниге ээ экендигин билдирген. А. Атамбаев Кытай, Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан жана Иран мамлекеттери бири-бири менен темир жол аркылуу [89] байланыша ала турган долбоорду сунуштаган. Хамид Карзай бул темир жол долбоорунун маанилүүлүгүнө көңүл буруп, ошол жолугушууда Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаевди Афганстанга ыңгайлуу учурда келүүсүн өтүнгөн.

2013-жылдын 22-23-январында Жавид Лудин Афганстан Ислам Республикасынын тышкы иштер министринин мурдагы биринчи орун басары өзүнүн Орто Азия өлкөлөрүнө болгон иш сапарында Кыргызстанга келген. Аталган иш сапарда ал Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Эрлан Абдылдаев, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин эл аралык мамилелер бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын

экономика министринин орун басары менен жолуккан. Жавид Лудин бул иш сапарда 2014-жылдын аягында НАТО аскер күчтөрүнүн Афганстандан кетишин жана Афганстан Орто Азия өлкөлөрүнө коопсуздук коркунучтар келтирбестиги тууралуу өз убадасын берип, Афганстан 2001-жылдагы Афганстан эместигин, дүйнөлүк коомдук деңгээлде өз ордун тапкандыгын, аймактык өлкөлөр Афганстан менен кызматташтыкка болушарын билдирип, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министринин орун басары Самаргүл Адамкулова менен жолугушуп, эки өлкөнүн ортосунда саясий мамилени күчөтүүгө жана жөнгө салуу максатында КР ТИМнин демилгеси менен АИРы ТИМнин орун басарынын катышуусунун деңгээлинде саясий пикир алмашуу тууралуу биринчи жолу Бишкек шаарында кол коюлган. Эки тараптуу мамилени бекемдөө үчүн АИРнын тышкы иштер министригинин орун басары жетектеген делегация менен кыргыз-афган мамилесиндеги маанилүү маселелерди талкуулап, саясий пикир алмашуу болгон.

2014-жылдын 16-февраль айында Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Эрлан Абдылдаев Афганстан Ислам Республикасына болгон расмий сапарында Афганстандын Тышкы иштер министрлигинин мурдагы министри Зарар Ахмад Усмани Эрлан Абдылдаевди Кабулга келүүсү менен куттуктап: “Афганстан жана Кыргызстан өлкөлөрү ортосундагы достук жана кызматташтык туруктуу болот. Бүгүнкү күндө региондо Афганстан менен Кыргызстан экономикалык жана саясий кызыкчылыктарынын негизинде өнөктөш болуп келишет”, – деген ишенимин билдирген. Эки өлкөнүн ортосундагы кызматташтык башкарууну, экономиканы жана айыл чарбаны өнүктүрүү болуп эсептелет. Афганстандын Стратегиялык изилдөөлөр институтунун директору Давуд Мурадион: “Мындан мурдараак Афганстандын жана Орто Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы жетишкендиктер жана географиялык жактан бири-бирине жакын жайгашуулары, өлкөлөрдүн кызматташтык жаатында ылайыктуу платформа болуп саналат” [88], – деген көз карашын билдирген.

2014-жылдын декабрь айында Афганстандын Улуттук Биримдик Өкмөтүнүн аткаруучу башчысы, доктор Абдуллах Абдуллах, Казакстанда өткөн ШКУнун өлкөлөрүнүн премьер-министрлеринин 13-отурумуна катышып, Кыргыз Республикасынын премьер-министри Жоомарт Оторбаев менен жолугуп, эки өлкөнүн жалпы мамилелери жөнүндө талкуулашкан. Кыргызстандын премьер-министри Ж. Оторбаев эки өлкөнүн мамилелеринин өсүшүндөгү зарылдыгын белгилеп, Кыргыз Республикасынын Афганстандагы элчилигинин ачылуу аземин жана Кыргызстандын тышкы иштер министри Кабулга расмий иш сапары менен барып, ал жакта Кыргызстан жана Афганстан ортосундагы бир нече келишимдерге кол койгондугун маанилүү [94] деп эсептеген. Кыргызтандын жана Афганстандын өлкө башчылары эл аралык маселелерге көз караштары бир, регионалдык жана дүйнөлүк чечимдерге бири-бирини колдоп кызматташып келет.

2014-жыл 17-ноябрда Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн № 507-буйругунун негизинде Афганстан Ислам Республикасынын Кичи жана Чоң-Памиринде жайгашкан этникалык кыргыздарга гуманитардык жардам көрсөтүү” демилгеси боюнча атайын экспедициялык топ дайындалган. Аталган топтун тизмесин министрлер, дарыгерлер жана массага маалымдоочу каражаттардын өкүлдөрү түзгөн. 2014-жылы 27-ноябрда Бишкектеги тарых музейинин конференц-залында “Бүгүнкү күндө Афганстанда жашаган этникалык кыргыздардын жашоо шарты менен таанышуу” аттуу сүрөт көргөзмөсү өткөрүлгөн. Памирлик кыргыздардын социалдык абалы эки өлкөнүн саясий мамилелерине негиз болуп келет. 2012-жылдын февраль айында КР Тышкы иштер министри Руслан Казакбаев Афганстан Ислам Республикасынын элчисин кабыл алып, Памирдеги этникалык кыргыздар маселеси жана аларга жардам берүү жөнүндө эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн [85, 9] эле. 2012-жылдын март айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Афганстандын Чоң жана Кичи-Памиринде жашаган этникалык кыргыздардын маселелерин

чечүү үчүн мекемелер аралык мэрияны түзгөн. Этникалык кыргыздарга көмөк көрсөтүү иш-чараларынын планын, максаттарын жана милдеттерин каржылык жагын башкаруу үчүн иш-аракеттердин толук планын иштеп чыккан.

Ошондой эле 2015-жылы 31-мартта Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги, Кыргызстандагы ЮНЕСКОнун Улуттук комиссиясы, "Lions club" Bishkek жана жаш волонтёрлор борборунун көмөгү менен Афганстандагы кыргыздарга жардам көрсөтүү максатында "Эки кылымдын жолугушуусу" [100] аттуу сүрөт көргөзмөсү өткөрүлгөн. Аталган көргөзмөнүн ачылыш аземинде Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри, эмгек, миграция жана жаштар министри А. Азыранкулова, өлкөнүн коомдук ишмерлери жана ошондой эле эл аралык өкүлдөр жана дипломаттар катышкан. 2015-жылдын 21-апрель айында Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министринин орун басары А. Асанбаевдин жана Кыргыз Республикасынын Афганстандагы өзгөчө жана толук ыйгарымдуу элчиси А. Абдуразаковдун жолугушууларында Афганстандын Кичи жана Чоң-Памиринде жашаган этникалык кыргыздарга тиешелүү көйгөйлөр каралган. Бул иш-аракеттерин натыйжасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2014-жылдын 19-25-ноябрында Афганстандын Кичи жана Чоң-Памиринде жашаган кыргыздарга гуманитардык жардам көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министри А. Алымкулов 3,5 млн [7] сомдук 60 тонна [100] гуманитардык жардам экспедициясын жетектеп, Афганстандагы памирлик кыргыздарга алып барган.

Афганстан Парламентинин мурдагы памирлик кыргыздар сенатору Турду Акун ажынын 2015-жылы тарыхый мекени болгон Чоң-Алайга келишине ошол кездеги премьер-министр Бабанов Өмүрбек Токтогулович жардам берген. Чоң-Алайлык ар бир айыл жолго чыгып тосуп алып, сыйлап узатышкан. Чоң-Алайга жеткенде Турду Акун ажы көзүнүн жашын токтото албай жатты. 1930-жылдары Турдакун ажынын чоң атасы Чоң-Алайдагы

Сары-Булак айылынан көчүп кеткен экен. Жакын туугандарыныкында мейман болуп, ата-бабалары жаткан күмбөзгө куран окуп, чоң атасы тиккен теректердин жанында сүрөткө түшкөн [131]. Ошондой эле Кыргызстандын социал-демократтар партиясынын (КСДП) жаштар канаты памирлик боордошторго жардам кылуу максатында Ысык-Көл облусунун Түп районунун акими Ишен Кожалиевге кайрылган. Түп районунун акими И. Кожалиев алардын сунушуна памирлик кыргыздарды тосуп алууга жана жайгаштырууга даяр экенин билдирген. КСДПнын жаштар канатынын памирлик кыргыздарды көчүрүп келүү демилгесин Эл аралык «Кыргыздар» ассоциациясынын башчысы Н. Миңбаев колдогон жана ассоциация тарабынан көчүп келүүчү үй-бүлөлөрдүн, көчүп келгенге кетүүчү акча каражат жагынан жардам берерин билдирген. Биринчи кадамда Памирден беш үй-бүлөнү көчүрүп келүү, андан соң дагы үй-бүлөлөрдү көчүрүп келүү иш-аракеттери макулдашылган [132]. 2016-жылдын 3-февралында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын кайрылмандар менен иштешүү бөлүмүнүн башчысы Айгүл Борбугул кызынын айтымында Кыргыз Өкмөтү Чоң жана Кичи-Памир айылдарында жашап жаткан кыргыздарды көчүрүп келүү боюнча бардык аракеттерди көрүүдө. Эң негизгиси алардын жашоосуна ыңгайлуу деп саналган Чоң-Алай районунун аймагынан 20 гектар жер бөлүнгөн. Бирок эң негизгиси, алардын түпкү мекенине көчүп келүү үчүн өздөрүнүн каалоосу болуш керек. Андан соң Афганстан мамлекетинин макулдугун алууга [119] иш-аракеттер болорун айткан.

Кыргызстан жана Афганстан мамлекеттеринин өз ара саясий мамилелеринин калыптануусуна тоскоол болгон фактылардан бири – 2001-жылдын 11-сентябрындагы окуя. Ал окуядан кийин АКШнын жетекчилигинде НАТО аскер күчтөрү Афганстанда эл аралык терроризмди (Аль-Каида, Талибан топторун) жоготуу максатында өзүнүн аскерлерин Афганстанга киргизип, аларга каршы аскердик согуш аракеттерин баштаган. Алардын геостратегиялык оюу боюнча, учуштарды жеңилдетүү

жана аскердик операцияларды жасоо үчүн аскерлерди коңшу Өзбекстан жана Кыргызстан мамлекеттеринин аэропортторуна жайгаштыруу [162, 447] оңой жана таасирдүү болмок. 2001-жылдан баштап Афганстанда жаңы өкмөттүн курулушу жана коопсуздукту сактоодо Кыргызстандын саясий жактан салымы болду. 2006-жылдын 14-июлунда АКШ менен Кыргызстандын ортосундо сүйлөшүүлөр аяктаган соң "Ниет протоколдоруна" кол коюлуп, ага ылайык АКШ (АКШнын Конгресси колдоп берген соң) кийинки жылы Кыргыз Республикасына жалпы жардам түрүндө жана компенсация иретинде жыл сайын 150 миллион АКШ доллары төлөнгөн. Бул чечим менен НАТОнун "Манас" аскердик базасы 2014-жылдын 14-апрелине чейин АКШнын карамагында болгон. Мунун менен катар Кыргызстан 2003-жылы 22-декабрда терроризмге каршы күрөшүү максатында Кант шаарында Орусиянын аскердик базасынын жайгашуусуна да макулдук берген. Кыргыз Републикасы бул эки чоң державанын аскердик базаларын жайгашуусуна уруксат бергени [162, 442] Кыргызстан аймагынын геосаясий жайгашусу регионалдык коопсуздукту сактоодо чоң мааниге ээ экендигин билдирет.

АКШнын жетекчилигиндеги НАТО жана Кыргызстандын жетекчилеринин ортосунда «Манас» аэропортун аскердик максаттарда колдонуу, ошондой эле атайын техниканы жана азык-түлүктөрдү Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан аркылуу Афганстанга ташып алып баруу үчүн транзиттик жол катары пайдалануу келишими түзүлгөн. Айрым кыргыз аналитиктеринин ою боюнча бул Кыргызстандын экономикасына өзгөчө пайда келтирген. Кыргызстан Афганстандагы терроризмге каршы күрөшүү үчүн Американын аскердик базасынын жайгашуусуна макулдугун берип, Афганстанды түздөн-түз колдоп келгенин билдирет. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин маалымат кызматынын билдирүүсүндө Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Руслан Казакбаев АКШнын Вашингтон шаарында иш сапарынын учурунда АКШнын Мамлекеттик катчысынын Түштүк жана Борбордук Азия

маселелери боюнча жардамчысы Роберт Блейк менен кезигүүсүндө, Афганстандагы кырдаалды жана АКШнын Өкмөтүнүн ал өлкөнү Кыргызстандын экономикалык мейкиндигине интеграциялоо аракетин, Кыргызстанда өндүрүлгөн товарларды Афганстанга ташуунун көлөмүн көбөйтүү, ошондой эле Афганстан Ислам Республикасынын экономикасын калыбына келтирүү аракеттерине КР активдүү катышуусу сыяктуу маселелер көтөрүлүп, талкууланган.

Афганстан менен Кыргызстан жаңы түзүлгөн өз ара мамилесинде тышкы саясатты негиз тутуп, эки тараптуу жана регионалдык кызматташтыктын бекемделишине көптөгөн аракеттерди кылып келет. Эки өлкөнүн өз ара мамилелериндеги кайраттуулугу регионалдык жана дүйнөлүк мамилелерине өз таасирлерин тийгизип жаткандыгы шексиз. Эки өлкөнүн өз ара кызматташтыгында эч кандай олуттуу чектөөлөр жок.

2013-жылдын 10-октябрында Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан “Афганстан – 2014: Афганстан Ислам Республикасындагы кырдаалдын өнүгүү келечеги, Афганстандан Коопсуздукка көмөк көрсөтүүчү эл аралык күчтөрдүн негизги аскердик контингенттеринин алынып чыгышына байланыштуу Борбордук Азияда коопсуздуктун чакырыктары жана коркунучтары” [110] деп аталган эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн. Конференцияга дүйнөнүн 24 өлкөсүнөн 130дан ашык эксперттер, саясат таануучулар жана ар кандай эл аралык уюмдардын, тышкы иштер министрликтердин, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн өкүлдөрү катышышкан. Конференция Борбордук Азия аймагында Афганстандан эл аралык коалициялык күчтөрдүн чыгарылып кетишинен кийинки учурда пайда болгон коопсуздуктун жаңы чакырыктарына жана коркунучтарына каршы аракеттерди жалпы иштеп чыгуунун кадамы катары бааланган.

Афганстан 2001-жылы жаңы бийлик системасынын түзүлүшүнөн кийин Орто Азия мамлекеттеринин ортосунда өзүнүн түндүк кошуналары менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө аракет жасаган. 2013-жылдын 19-декабрь

айында Орто Азиянын Түркмөнстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан жана Казакстан мамлекеттеринен келишкен элчилер жана ошондой эле 30дан ашуун өлкөлөрдүн маданий чоң уюмдардынын өкүлдөрүнүн катышуулары менен сүйлөшүүлөр” Афганстандын демилгеси менен Афганстандын стратегиялык изилдөөлөр институту тарабынан Кабул шаарында өткөрүлгөн. Бул конференциянын катышуучулары Орто Азия өлкөлөрүнүн Афганстан менен болгон мамилелерин жана маданий байланыштары регионалдык өлкөлөрдүн интеграциясы процессинде маанилүү деп эсептешкен. Афганстан жана Орто Азия өлкөлөрүнүн маданий окшоштуктары Афганстанда тынчтыкты орнотуу маселеси жана жогоруда аталган өлкөлөрдүн милдеттерин талкуулоо, аталган отурумдун эң маанилүү бөлүктөрүнөн болгон. Кыргыз Республикасынын Афганстандагы элчиси Авазбек Абдуразаков: “Кыргызстан Афганстандын согуштан кийинки жөнгө салуу көп тараптуу эл аралык стратегиясын колдойт. Албетте бүгүнкү өтө маанилүү айтылып өткөн сөздөрдү Кыргыз Өкмөтүнө жана кыргыз калкына жеткизем”, – деп билдирген. Адистердин айтуусу боюнча Афганстан Орто Азия жана Түштүк Азия мамлекеттеринин ортосунда көпүрө сымал болушу жана келечекте өзүнүн ички маселелерин чечүү максатында, бул өлкөлөр менен болгон маданий мамилелери аркылуу экономикалык борборго айлана алат.

12-август 2016-жылы, Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Афганстан Улуттук коопсуздук кеңешинин катчысы, Афганстан Ислам Республикасынын Президентинин коопсуздук маселелери боюнча кеңешчиси Мохаммад Ханиф Атмар менен жолугушуп [107], өлкөлөр ортосундагы саясий карым-катнаштын деңгээлин жогорулатуу менен бирге соода-экономикалык жана маданий гуманитардык байланыштарды мындан ары өнүктүрүү, ошондой эле коопсуздук чөйрөсүндө кызматташтыкты активдештирүү эки тараптын тең кызыкчылыктарына жооп бере тургандыгы талкоого алган. Президент Алмазбек Атамбаев жана Афганстан Улуттук коопсуздук кеңешинин

катчысы ошондой эле эки өлкөнүн Мамлекет башчыларынын ортосунда мурда жетишилген келишимдерге ылайык Чоң жана Кичи Памирде жашаган этникалык кыргыздардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу боюнча чараларды да талкуулашган.

Афганстан өзүнүн географиялык жайгашуусунан улам Орто Азиялык өлкөлөргө жакын жайгашып, бүгүнкү күндө регионалдык процесстеринин негизги мүчөсү болбосо дагы, жок дегенде өзүнүн олуттуу таасирин көргөзө алат.

*Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын кызматташуусунун перспективдүү жааттары:*

- коопсуздукту камсыздоо (терроризм, наркотрафик, диний радикализмди жайылтуу жана б.у.с. менен күрөшүү);
- энергетика (Афганстанга импорттоо);
- жүктөрдүн транзити жана транспорттук кызматтар;
- билим берүү (саясат таануу, медицина, бажы тармагы, туризм ж.б. у.с.)
- куруучулук жана тигүүчүлүк бизнестери.

Кыргызстан узак мөөнөттүн аралыгында Афганстан менен эки тарапка тең пайдалуу, эң маанилүү жана артыкчылыктуу багыттарда кызматташууга өз даярдыгын билдирип келген. Аталган кызматташуу энергетика өнөр жайын, транзит жана жүктөрдү ташуу, адистерди ар кандай тармактарда окутуу, электр энергиясын сатуу жааттарын өзүнө камтыйт.

Бүгүнкү кырдаалда, Афганстан жана Кыргызстан ортосунда коопсуздукту камсыздоо - эң негизги маселелерден, Кыргызстан Афганстан менен эффективдүү бирге аракеттешүү үчүн биринчи кезекте өлкө ичиндеги саясий туруктуулукту камсыздоосу. Экинчиден, учурдагы кырдаалдан улам Кыргызстан азыркы убакта Афганстан менен болгон өз ара аркеттешүүсүндө билим берүү жана гуманитардык жааттарга көңүл буруусу зарыл. Афганстанга кесиби куруучу, мугалим, медик жана экономист болгон жумушчуларды жөнөтүү жана кызыктырган тармактагы

адистер менен алмашуу. Кыргыз Республикасы жана Афганстан Ислам Республикасы ортосунда кызматташтыкты өнүктүрүү потенциалы байкалып келет, бирок аталган мамилелердин ишке ашуусу Афганстандын стабилдүүлүгүнө байланыштуу болуп келет.

3-ноябр 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин милдетин аткаруучу Сооронбай Жээнбеков, Шанхай Кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчылар кеңешинин алкагында Афганстан Ислам Республикасынын Аткаруу бийлигинин башчысы Абдулла Абдулла менен жолугушуп, кыргыз-афган эки тараптуу кызматташтыгынын учурдагы абалы жана келечегин талкуулаган. Сооронбай Жээнбеков Кыргызстан Афганстанда жана жалпы Орто Азиядагы тынчтыкты, туруктуулукту жана коопсуздукту чыңдоого багытталган аракетин колдоого аларын билдирген.

Сооронбай Жээнбеков эки тараптуу жолугуда: «Афганстан делегациясы бүгүн Шанхай Кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчылар кеңешинин 15-жыйынына катышкандыгына кубанып турам. Биздин ортобузда эл аралык жана аймактык уюмдар алкагында конструктивдүү кызматташтык орун алган, эл аралык уюмдар алкагында негизги эл аралык маселелер боюнча эки өлкөнүн пикирлери үндөшүп турат»– деп эки өлкө саясий мамилелерине өзгөчө маани берген. Афган өкмөтү дүйнөлүк коомчулуктун колдоосунда эл аралык терроризмге, диний экстремизмге жана баңгизат өндүрүүгө каршы күрөшүүдө. Сооронбай Жээнбеков ишениминде, Кыргызстан менен Афганстан аймактагы коопсуздукту камсыздоо, мыйзамсыз курал, баңгизатты сатууга, терроризм жана экстремизм көрүнүштөрүнө каршы күрөшүүдө кызматташтыкты чыңдоого даяр.

Афганстандын Аткаруу бийлигинин жетекчиси Абдулла Абдулла Сооронбай Жээнбековду Шанхай Кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчылар кеңешинин 15-жыйынынын ийгиликтүү өтүшү менен куттуктап, Афганстан ШКУга толук кандуу мүчө болууга

ынтызар экендигин билдирген. Анын пикиринде, мындай саммиттер аймакта жайгашкан өлкөлөр ортосундагы актуалдуу маселелерди талкуулоо үчүн мыкты аянтча болуп саналат.

Чындыгында, тышкы саясатты аныктаган эл аралык система, пикир алмашуу (рационализм) идеализмдин негизин аныктаган Гуго Гроцийдин айтымында: мамлекеттер, башка мамлекеттердин пайдасына көңүл бурбастан; эч кандай өздөрүнүн пайда жана талаптары боюнча арекет кыла алышпайт. Мамлекеттер, коомчулук басымдын натыйжасында, адамдар сыяктуу маанайлык нормаларга баш ийүүгө мажбур. Гуго Гроцийдин ою боюнча мамлекетти башкарган “эл аралык коомчулук” [143, 299] болуп эсептелет. Эл аралык коомчулук ар дайым кызматташтыкты негизге алат.

**Парламенттик мамилелер.** Демократиялык парламенттик системада парламент элдердин эркин добушу менен шайланып, эл үчүн башкаруу бийлигин добушту жана контролду идеалдуу деп билет. Мамлекеттин жалпы саясий тандоосунда негизги ролду ойнойт. Ошондой эле өлкөнүн эл аралык деңгээлде мамилелерин кубаттайт. Өзгөчө бүгүнкү күндө региондо да баш көтөргөн эл аралык терроризм, экстремизм, баңги зат өндүрүү жана мыйзамсыз ташуу баш аламандыктары жана экономикалык кызматташтык маселеси өлкөлөр арасындагы кызматташтыкка, өзгөчө парламенттер арасында өз ара диалогго муктаж.

Стамбул процесси Өкмөт башчылары жана Өкмөт мүчөлөрүнөн куралган “Азия жүрөгү” уюму Азиянын жүрөгүндө жайгашкан өлкөлөрдүн парламенттери арасында терроризм, баңги зат өндүрүүгө жана экстремизмге каршы күрөшүү үчүн өз ара диалог жүргүзүүгө умтулган. Өлкөлөр бири-бири менен чын жүрөктөн кызматташтык кылуу жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын таануу региондо туруктуулукту камсыз кылууда эң ишенимдүү жол боло алат.

Кыргыз жана Афган Республикаларынын парламенттеринин арасында расмий түрдө карым-катнаштар жүргүзүлүп, регионалдык маселелер боюнча таасирдүү иш-аракеттер болууда. 2013-жылдын 13-ноябрында

Бишкекте Жогорку Кеңеш менен НАТОнун Парламенттик Ассамблеясы тарабынан уюштурулган Роуз Роттун (Rose Roth) «Афганстан жана региондун келечеги: ааламдашуу кызматташтыгы» темасындагы 84-семинары өткөн. Афганстан Ислам Республикасынан Улуттук ассамблеясынын Волеси Жирга (Калк Кеңешинин) төрагасынын биринчи орун басары Мирваис Ясини башында турган парламенттик делегация Бишкекке келип, НАТОнун Парламенттик ассамблеясынын (NATO-parliamentary assembly) отурумуна катышкан. Бул 3 күндүк отурумда НАТОнун Парламенттик ассамблеясы жана ЕККУга мүчө-мамлекеттердин парламенттик делегациялары, эксперттер, ЖККУ, БУУ, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Семинардын алгачкы күнүндө КР Жогорку Кеңешинин төрагасы Асылбек Жээнбеков, НАТОнун Парламенттик ассамблеясынын төрагасы Хью Бейли, КР вице-премьер-министри Токон Мамытов иш-чаранын катышуучуларына кайрылуу сөздөрүн сүйлөгөн [116].

Мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда жана аны ишке ашырууда парламенттердин ролу жогору болгондугуна байланыштуу бул жолугушуунун форматы кыйла маанилүү. Жалпысынан Роуз Рот семинарынын аянтчасы НАТОго мүчө-мамлекеттердин жана эл аралык маанилүү маселелер боюнча өнөктөш-өлкөлөрдүн депутаттары менен эксперттеринин деңгээлинде ачык пикир алышууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мындай ыкма парламенттер аралык мамилелердин чыңдалышына жана маанилүү маселелер боюнча бирдиктүү көз караштардын иштелип чыгышына түрткү берет.

Андан мурда да, 2013-жылдын сентябрында Кыргызстандын парламенти алгачкы ирет ЖККУ Парламенттик ассамблея Кеңешинин көчмө жыйынынын өткөрүп, Афганстандын Улуттук ассамблеясынын Волеси Жирга (Калк Кеңешинин) төрагасынын биринчи орун басары Салех Салжуктун катышуусунда афган маселелери талкууланган [116]. Афганстан Ислам Республикасы байкоочу катары катышкан ШКУнун Парламенттер

аралык асамблеясынын жыйындарында регионалдык коопсуздук мамселелерин талкуу жүргүзүү жана эки тараптык парламенттик өнүктүрүп өз ара пикир алмаштырууга көңүл буруш керек.

2014-жылдын 25-июнунан баштап июль айына чейин Афганстандын Мешрану Жирганын (Ак сакалдар Кеңешинин) эл аралык мамилелер бөлүмүнүн башчысы Нисар Ахмад Харыстын жетекчилигинде 4 сенатордон турган делегация расмий сапар менен Кыргызстанга келген. Бул иш сапарда Жогорку Кеңештин төрагасы А. Жээнбеков, Жогорку Кеңештин Тышкы иштер мамилелери, Адам укуктары, Конституциялык мыйзам чыгаруу жана мамлекеттик түзүлүш, Экономикалык жана фискалдык комитеттеринин башчылары менен жолугушуп, эки өлкөнүн парламеттик мамилелерин күчөтүү жана кызматташуу тууралуу пикир алышуу болгон [6]. Кыргызстан менен Афганстан мамлекеттеринин саясий мамилелеринде жана өз ара кызматташууларында өлкөлөрдүн эл өкүлчүлүктөрү катары парламенттик карым-катнаштардын ролу абдан маанилүү.

**Экономикалык жана соода-сатык мамилелер.** Афганстан жана Кыргызстан мамлекеттери өз ара соода-сатык жана экономикалык кызматташтыгын өнүктүрүү тармактарында иштешүүдө. Эки өлкөнүн өкмөттөрү соода, энергетика, Улуу Жибек жолун кайрадан жандантуу, экономика багытындагы ишкерлердин билимин жогорулатуу жана тажрыйба алмашуу тармактарында иштешүүдө. Кыргыз Республикасынын Соода министрлигинин маалыматы боюнча 2014-жылдын 20-майда Кыргызстан жана Афганстандын соода-сатык өлчөмү 1 миллион АКШ долларын жана январь айынан август айына чейин 15720,2 АКШ долларын түзгөн. Ошондой эле 2015-жылдын статистикасына көңүл бурсак, бул көрүнүш 7955,1 АКШ долларын түзгөн [10]. Азыркы учурда эки өлкөнүн ортосундагы соода-сатык жана экономикалык кызматташтык абдан төмөн болуу менен бирге, Орто Азияны Түштүк Азияга соода-сатык жана транзиттик байланыш жааттарда бириктирүүчү эң маанилүү экономикалык мейкиндик катары болуп саналат. Индия, Пакистан жана Иран

мамлекеттери өздөрүнүн экспортун Орто Азияга Афганстан аркылуу жөнөтүп келишет. Кыргызстан жана Афганстандын соода-сатык жана экономикалык мамилелери, эки тараптык транспорт системасынын болбогондугунан улам басаңдап келет. Эки өлкө өздөрүнүн достук мамилелеринин негизинде аталган транзиттик жолду пайдалуу түрдө колдоно алышат. Бул маселени башка жактан карап көрсөк, Афганстан менен Кыргызстандын товарларын экспорттоо маселесинде ыңгайлуу соода-сатык жайы катары да боло алат. Ошону менен бирге Афганстан эң жакын жайгашкандыктан, Кыргызстандын товарларын Түштүк Азия мамлекеттерине экспорттоодо эң арзан, жакын транзит жолу болуп саналат. Бактыга жараша, Кыргызстандын Парламенти Афганстанды Орто Азиянын Экономикалык Кызматташтык Уюмуна (ЭКУ) болгон мүчөлүгүн кабыл алды.

Экономикалык адистердин айтымында, Афганстан келечекте геосаясий жана геостратегиялык көз караштан Орто Азия жана Түштүк Азия мамлекеттеринин ортосундагы экономикалык байланышуулардын эң негизги фактору болуп саналат. 2014-жылдын ноябрь айында Бишкек шаарында “Улуу Жибек жолу мамлекеттеринин өнүгүүсү” аттуу конференция өткөрүлгөн. Аталган конференцияда Афганстан Ислам Республикасы тарабынан делегация катышкан. Улуу Жибек жолунда жайгашкан өлкөлөрдүн темир жол байланышына кошулуусу деңиз мейкиндигине чыгууга шарт түзөт, анткени бул кадам эркин соода-сатык, өлкөлөрдүн өнүгүүсү, мүчө болгон өлкөлөрдүн өндүрүп чыгарган товарларынын көбөйүшүнө ыңгайлуулукту пайда кылуусуна жана дүйнө тынчтыгына өз салымын кошо алат.

Орто Азия жана Түштүк Азия өлкөлөрүнүн арасындагы экономикалык долбоорлордун бири CASA-1000 долбоору болуп саналат. Кыргызстандан жана Тажикстандан Афганстанга жана бул өлкө аркылуу Пакистанга CASA-1000 долбоорунун алкагында 1300 МВт электр [80] жарыгын экспорттоо кызматташтыгы өзгөчө мааниге ээ болуп, анын 1000 МВты

Тажикстандан жана 300 МВты Кыргызстандан болуп, 2018-жылга чейин пландалган. Бул долбоордун жалпы чыгымы 953 миллион долларды түзөт. Бул төрт өлкө мамлекеттик деңээлде өз ара кеңеш куруп, долбоорду ишке ашыруу максатында кызматташтыкты күчөтүү болуп саналат. Бул кеңеш долбоор менен байланыштуу стратегиялык маселелерин талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон чараларды жана бул планды ишке ашыруу үчүн кабыл алынат деп кепилдик берет. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Энергия боюнча комитети электр энергиясын өткөрүү жана соода-долбоору келишимине макулдук берген [82]. Кыргызстандын улуттук электр тармагынын директорунун айтымында, бул өлкө CASA-1000 долбоорун ишке ашыруу үчүн 200 млн долларга муктаж. CASA-1000 долбоорун Дүйнөлүк банк, ЭкоИсламик банкы жана Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) тарабынан каржыланат. Афганстандын Аткаруу бийлигинин жетекчиси Абдулла Абдулла эки тараптуу кызматташтыкка тийиштүү билдиргендей, эки тараптуу мамилелерди тереңдетүү максатында соода-экономикалык кызматташтык боюнча кыргыз-афган өкмөт аралык комиссиясы түзүлүшү ыктымал. 3-наябр 2016-жылы, КРнын Премьер-министрдин милдетин аткаруучу Сооронбай Жээнбеков АИРнын Аткаруу бийлигинин башчысы Абдулла Абдулла менен жолугушусунда эки өлкө ортосунда соода-экономикалык, маданий-гуманитардык жана айыл чарба жаатында көп багыттуу долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүндүгүнө ээ экендигин тастактаган. «Суу-энергетикалык тармакта CASA-1000 долбоору уникалдуу болуп саналат. Кыргызстан менен Афганстандын өз ара энергетика тармагында эки тараптуу кызматташууну чыңдоого шарт түзөт».

CASA-1000 долбоору ишке ашса, Кыргызстан 1 киловатт электр энергиясынан 3,5 сомдон пайда көрөт. Кыргыз Республикасынын экс-премьер-министри Темир Сариевдин айтымында, эгер Кыргызстан – Тажикстан – Афганстан – Пакистан өлкөлөрүнүн ортосунда ишке ашыруу пландаштырылып жаткан CASA-1000 долбоору ишке ашса, анда

Кыргызстан ар бир киловатт электр энергиясын 9 АКШ центи менен сатат. Азыр CASA-1000 долбоорун ишке ашыруу боюнча Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан жана Пакистан өкмөттөрүнүн ортосунда сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Анда ар бир мамлекеттин үлүшү 25%дан болору каралууда. Эгер бул долбоор ишке ашып калса, Кыргызстан, Тажикстан аркылуу электр энергиясын Афганстан жана Пакистанга бир киловатын 9 центтен сатат. Анын 4 центи транзитке төлөнсө, 5 центи же 3,5 сом [77] таза киреше алынат.

Орто Азия жана Түштүк Азия өлкөлөрүн соода-сатык жана экономикалык жактан кызыктырган долбоор - темир жол куруу долбоору. Кытайдан баштап Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан жана Иран аркылуу ачык деңизге чыгуу. 2014-жылы декабрь айында Кытай, Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан, Иран өлкөлөрү ортосунда темир жол куруу демилгесине Душанбе шаарында кол коюлган [114]. Бул темир жол Кытайдын Кашгар шаарынан баштап, Кыргызстанга өтүп, андан ары Тажикстандан Афганстан жана Иран менен байланышат. Аталган жолдун узундугу 2100 км, анын 1150 км Афганстандын территориясынан өтүп, дүйнөлүк Жибек жолунун бир бөлүгүн түзөт [99]. Бул долбоор региондогу өлкөлөрдүн соода-сатык жана экономикалык жактан өсүшүнө түздөн-түз таасир тийгизүүсү үчүн өлкөлөр өз үлүшүн кошуусу зарыл.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин басма сөз кызматынын билдирүүсүнө көңүл бурсак, 2015-жылдын 19-декабрында Тегеранда Кыргыз Республикасынын Ирандагы элчиси А.Осмоналиев Иран Ислам мамлекетинин тышкы иштер министринин орун басары Бирахим Рахимпур менен жолугуушусунда 2016-жылы өлкөлөр аралык кызматташтыкты активдештирүүнүн зарылдыгы, ошондой эле энергетика, айыл чарба жаатында, Кытай – Кыргызстан – Тажикстан – Афганстан – Иран маршруту боюнча темир жол куруу маселеси талкууландыгы, регионалдык темир жол долбоорун жүзөгө ашырууга түрктү болгон. 2014-жылы 16-февралда Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри

Эрлан Абдылдаев Афганстанга болгон иш сапарында АИРнын экс-президенти Хамид Карзай менен жолугуушусунда CASA-1000 долбоору, темир жол долбоору сыяктуу регионалдык долбоорлорду ишке ашыруунун маанилүүлүгүн баса белгилеп [106], эки өлкө тарабынан да кызматташтык болорун билдирген.

Кыргызстан менен Афганстан ар кандай соода, энергетика жана Улуу Жибек жолун кайрадан жандантуу тармактарында, экономика багытындагы ишкерлердин билим деңгээлин жогорлатуу жана тажрыйба алмашуу иштерин жүзөгө ашырып келет. Автотранспорт, темир жолдорунун жана аба каттамынын жоктугунан улам, экономикалык өнүгүү катаал абалда турат. Регионалдык өлкөлөр аталган маселелерди чечүү үчүн көптөгөн аракеттерди жасап, келишимдерге кол коюулары Кыргызстан менен Афганстандын ортосундагы байланыштардын өнүгүүсүнө дагы өз салымын кошкон.

2001-жылдан баштап, Кыргызстандагы көп сандаган логистикалык компаниялар НАТО күчтөрү үчүн азыктарды ташып иштей баштаган [2]. Ал логистикалык фирмалар: “Diesel Technic”, “Транзит триста двенадать”, “Каскад”, “Каганат Строй”, “Кроно Транс”, “Костомс Карго Сервис”, “Нагаро”, “Азия”, “Муфан”, “Адана Экспресс”, “Айдоочу”, “Ала-Тоо Экспресс”, Кумарел”. Бул прогресс кыргыз коомунун өкүлдөрүнүн НАТОнун аскердик мүлкүн Афганстанга ташууга шарт түзгөн. Андан тышкары кыргыз жарандары НАТОнун Афганстандагы базаларында жана айрым жеке аба каттамдарына эмгектенишүүдө. Эки өлкө элдеринин бири-бирине болгон карым-катнаштары мамлекеттик деңгээлдеги чыныгы мамилелердин түзүлө баштаганына жана элчиликтердин ачыла баштаганына өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Афганстандагы элчилигинин маалыматы боюнча 2015-жылы Афганстандын дээрлик бардык аймактарында бир кыйла татаал болуп, саясий, каржылык, экономикалык, коомдук коопсуздук, ал тургай адамдардын өлүмүнө алып келген жаратылыш

кырсыктарынын санынын өсүшү экономикалык жактан зыян алып келиши [7] айтылат. Бул терс көрүнүштөр Кыргызстандын чет өлкөлөр жана Афганстан менен соода-экономикалык алмашуу көлөмүнө таасирин тийгизген. 2015-жылдын март – июнь айларындагы мезгил үчүн Афган бажысы боюнча эки өлкөнүн ортосундагы соода алмашуунун көлөмү гана 12,87 млн АКШ долларын түзгөн. Афганстанда иштеп жана ишкердик кылган ишкер кыргыз жарандарын саны көбөйгөн.

2014-жыл ичинде Афганстанга Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсү 23,8 млн долларды түзгөн, эми бул көрсөткүч 2013-жылга караганда жогору деңгээлди көрсөтөт. Анын ичинде 77,8% экспорт болуп 23,2 млн долларды түзгөн. Ал эми Кыргызстандын импорту болсо 0,6 млн доллар. Кыргызстанга импорттолгон негизги товар: кургатылган жүзүм, аң терилери, сурьма кенинен жана аралашма металлдардан жасалган, тик учак жана башка учак бөлүктөрү. Негизинен Кыргызстандан: мунай азыктары (керосин, бензин) тамак-аш, самын, жуугуч каражаттар, кара металл жана алардан жасалган буюмдар, эмерек жана жабдуулар экспорттун дээрлик 90% ын түзгөн [7]. Кыргыз жана Афган Республикаларынын тышкы соода жана экономикалык кызматташтыгын өнүктүрүү максатында эки тараптуу иш-аракеттер, жолугушуулар өткөрүлүүдө.

Кыргызстан менен Афганстандын ортосундагы экономикалык жана соода-сатык мамилелери өнүктүрүү муктаждыктары:

– экономикалык жана соода-сатык жаатындагы кызматташтыкты өнүктүрүү;

– инвестиция чөйрөсүндө эки өлкөнүн бирдикте иш алып баруусу;

– эки өлкөдө тең соода-сатык палаталарды жана өкүлчүлүктөрдү ачуу;

– эки өлкөнүн соода жүктөрүн өткөрүүдө керектүү жеңилдиктерди түзүп берүү;

– регионалдык экономиканын өнүгүүсү үчүн ар бир өлкө өз салымдарын кошуу;

– “CASA-1000” долбооруна эки тараптуу колдоо көрсөтүү;

– эки өлкөнүн ортосунда экономикалык жана соода комиссиясын түзүү;

– Улуу Жибек жолу демилгесине эки жана көп тараптуу колдоо көрсөтүү.

Афганстандын тышкы иштер экс-министри Зарар Ахмад Усманинин айтымында, Кабул жана Бишкек аймактык деңгээлдеги кызыкчылыктарын камсыздоо боюнча атайын комитеттин түзүлүшүнө муктаж. Ал: “Жакынкы арада өкмөттөр арасындагы экономикалык, соода-сатык жана техникалык маселелерди камсыздаган атайын комитет түзүлөрүнө жана аталган комитет аркылуу эки өлкө кызыкчылыктарын толугу менен камсыздалышы керек” [7], – деп айткан. Афганстан, Кытай – Кыргызстан – Тажикстан – Афганстан – Иран темир жол долбоору аталган өлкөлөрдүн күн тартибинде турат. Афганстандын Орто Азия мамлекеттери менен болгон саясий жана экономикалык мамилелеринин өнүгүүсү үчүн эң маанилүү маселе катары өлкөдө коопсуздукту орнотуу болуп келет. Орто Азия өлкөлөрү ар дайым Афганстандан кооптонот. Эгер Афганстанда коопсуздук орнотулуп, ишкердик ишенимин өзүнө тарта алса, жакын келечекте Орто Азия менен Түштүк Азия өлкөлөрү экономикалык жана соода-сатык карым-катнаштарга күбө болот. Кыргыз Республикасынын Афганстан менен болгон эки тараптуу мамилелеринде экономикалык, соода-сатык, Айыл-чарба, курулуш, текстиль жана мебельди экспорттоодо эки тараптык мамилелерди өнүктүрүү маселелерине көңүл буруу зарыл.

**Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын ортосундагы кол коюлган макулдашуулар жана протоколдордун тизмеси:**

1. 1999-жылдын 12-ноябрында КР менен АИР ортосунда «Дипломатиялык мамилерлердин түзүлүүсү жөнүндө келишимге» Бишкек шаарында кол коюлган.

2. 2002-жылдын 27-мартында КР менен АИР ортосунда “Өз ара кызматташтык түшүнүү жөнүндө меморандумга” Кабул шаарында кол коюлган [7].

3. 2014-жылдын 16-февралында, АИР жана КР Тышкы иштер министрликтеринин ортосундагы эки тараптуу кеңешүү протоколуна аталган мекеменин өкүлдөрү Кабул шаарында кол коюшкан.

4. 2008-жылдын 22-январында КР Каржылык чалгын кызматы жана АИР Каржылык иш-чара  жана отчетторду анализдөө борборунун ортосундагы кылмыш жолу менен алынган кирешени легалдаштыруу жана аны адалдоо жана терроризмди каржылоого каршы иш-аракеттер тууралуу меморандумга КЭРнын Санья шаарында кол коюлган [7].

5. 2014-жылдын 16-февралында АИР Тышкы иштер министрлиги жана КР Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык Академиясынын ортосундагы кызматташтык келишимине” Кабул шаарында кол коюлган.

6. 2014-жылдын 16-февралында АИР Тышкы иштер министрлигинин жана КР Тышкы иштер министрлигинин ортосундагы мамилелерди бекемдөө жана саясий кызматташтык келишимине” эки өлкөнүн аталган мекемелердин министрлери Кабул шаарында кол коюшкан.

7. 2013-жылдын 6-мартында КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети жана АИР Улуттук коопсуздук боюнча башкы башкармалыгы өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык жөнүндө меморандумга Кабул шаарында кол коюшкан.

8. 2014-жылдын 27-январында АИР Мамлекеттик өзгөчө кырдаалдар агенттиги жана КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык жүргүзүү жөнүндө меморандумга” Кабул шаарында кол коюлган [7].

9. Афганстан, Кыргызстан, Тажикстан мамлекеттери Афганстанды кошуу жана жүргүнчүлөрдү, траснпорттук каражаттарды чек-ара жүк ташуу жаатындагы 3 тараптык Орто Азиянын регионалдык экономикалык

кызматташуу (Border Transport Facilitation Agreement - CBTA) протоколуна [20] Тажикстан 2011-жылы 23-ноябрда, Афганстан 2011-жылы 10-декабрда жана Кыргызстан 2013-жылы 23-июлда кол коюшкан.

10. 2015-жылы 17-мартта “Кыргызстандан жана Тажикстандан Афганстанга жана Пакистанга электр жарыгын экспорттоо (CASA-1000 долбоору) келишимине” 4 өлкөнүн өкүлдөрү тарабынан Стамбул шаарында кол коюлган.

11. 2014-жылы декабрь айында Кытай, Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан, Иран өлкөлөрү ортосунда темир жол куруу демилгесине Душанбе шаарында кол коюлган [114].

12. 2014-жылы 29-ноябрда Афганстан, Кыргызстан жана Тажикстандын ортосунда өз ара үч тараптуу макулдашуу менен баңги зат өндүрүүгө каршы күрөшүү, маалымат алмашуу жана билим берүү тармактарында кызматташуу үчүн Дүйшөмбү шаарында кол коюлган [95].

Ошондой эле террорчулукка, диний экстремизмге жана баңги зат өндүрүүгө каршы күрөшүү, укук коргоо органдарынын багыттары боюнча эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдерге кол коюу тиешелүү болуп эсептелет. Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын Өкмөттөрү ортосунда төмөнкү макулдашууларды аткаруу долбоорлоруна кол коюу иш-аракеттери болууда [7]:

1. «Саламаттык сактоо жана медициналык илимдер тармагында кызматташуу»;

2. «Соода, өнөр жай, экономикалык кызматташтык жөнүндө»;

3. «Айыл, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөр жай тармагында кызматташуу жөнүндө»;

4. «Билим берүү тармагында кызматташуу жөнүндө»;

5. «Киреше жана капитал салыктарына карата кош салык салууну болтурбоо жана салык төлөөдөн качууну алдын алуу жөнүндө» эки тараптуу иш-аракеттер жасалууда.

**Маданий-гуманитардык мамилелер.** Кыргыз жана афган элдеринин маданият, тарых жана цивилизация жааттарындагы жалпы окшоштуктары жана кызыкчылыктары эки өлкөнүн дипломатиялык мамилесинин түзүлүүсүндөгү негизги фактор болуп саналат. Эки өлкөнүн түрдүү тармактагы мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бирге илим-билим жана адабият чөйрөсүндө биргелешип иш алып барууга аракет жасалып келет.

Советтер Союзунун мезгилинде Афганстан 10 жылдай анын мүчөсү болуп турган учурда афгандык жаштар СССРге, ошондой эле Кыргызстанга билим алууга, семинарга жана курстарга катышуу максатында келип турган. Бүгүнкү күндө алардын көбү Афганстандын мамлекеттик органдарында иштейт. Афганстанда ички согуш болгондуктан, айрымдары Бишкекте калып, өз үй-бүлөлөрү менен жашашат.

Афганстан эли 30 жылдай жарандык согуштун барымтасында болуп келди. Көптөгөн мектептер бузулуп, натыйжада жаштар окуудан ажырап калган. Өзгөчө, талибандардын убагында кыздардын 100 пайызы билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн четтетилди. Талибан режими кулагандан кийин бардык аялдарга жана эркектерге мектептердин жана университеттердин эшиги ачылды. 2001-жылдан кийин Афганстан калкы чет өлкөлөргө барып билим алууга көп аракет кыла баштады. Алар чет өлкөдө окуу мүмкүнчүлүгүнө гана ээ болбостон, чет мамлекеттердин элдери менен мамилелерин өнүктүрүүгө да өбөлгө түзүп, чет өлкөлөрдүн иш тажрыйбаларына ээ болуп, өз өлкөлөрүнө кайтып, пайда алып келишүүдө. Афган студенттеринин Кыргызстанга келиши жана университеттер менен мамилелерди түзүшү, расмий структуралардын эмес, студенттердин өздөрүнүн аракеттери. Бул нерсенин себеби болсо, Афган эли согушту каалабастан, илим-билим алуу менен ийгиликке жетүүнү каалаганын тастыктайт.

Афганстан Ислам Республикасынан келген студенттердин жана магистранттардын статистикалык маалыматтары төмөнкү таблицаларда көрсөтүлдү.

**1-таблица. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Афган студеттеринин саны (2015-2016 окуу жылы боюнча) [2]:**

| **Жогорку окуу жайлары** | **Афган студенттери саны** | | |
|---|---|---|---|
| | **Балдар** | **Кыздар** | **Баары** |
| Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети; | 3 | | 3 |
| К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети; | 5 | 1 | 6 |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университети; | 67 | 10 | 77 |
| Жалал-Абад шаарындагы Экономика жана ишмердүүлүк университети | 3 | | 3 |
| Эл аралык «Ататүрк – Ала-Тоо» университети; | 4 | 1 | 5 |
| И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы; | 1 | | 1 |
| Орто Азиядагы Америка университети; | 31 | 86 | 117 |
| ЭККУнун Бишкектеги Академиясы; | 7 | 1 | 8 |
| Ош мамлекеттик университети; | 1 | | 1 |
| Жалал-Абад мамлекеттик университети; | 3 | | 3 |
| Кыргызстан Эл аралык университети; | 3 | | 3 |
| **Баары** | **128** | **99** | **227** |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөн малыматтарга караганда бүгүнкү күндө Кыргызстандын ЖОЖдорунда 227 Афганстанн Ислым Республикасындан келген студенттер бакалавр, магистратура жана аспирантура бөлүмдөрүндө билим алып жатышат.

Ошондой эле Кыргыз-Түрк Манас Университети жыл сайын Афганстандан судент кабыл алуусу менен Кыргызстан менен Афганстандын маданий мамлелерине өзгочо салымын кошуп келет.

**2-таблица. Кыргыз-Түрк “Манас” университетиндеги 2016-жылдагы афган студенттердин саны [2]**:

| **Багыттары** | **Эркек** | **Кыз** | **Баары** |
|---|---|---|---|
| Экономика | 8 | 0 | 8 |
| Филология (Англис тили, адабияты) | 0 | 1 | 1 |
| Эл аралык мамилелер | 6 | 0 | 6 |
| Инженердик-программалык | 4 | 0 | 4 |
| Экология жана айлана-чөйрөнү таануу | 1 | 0 | 1 |
| Финансы-кредиттик | 1 | 0 | 1 |
| Коомчулук менен байланыш | 1 | 0 | 1 |
| Менеджмент | 2 | 0 | 2 |
| Журналистика | 2 | 0 | 2 |
| Даярдоо (тил үйрөтүү) курсу | 42 | 9 | 51 |
| **Баары** | **67** | **10** | **77** |

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Кабулдагы элчилиги 14 афган студентти билим алуу максатында Кыргыз-Түрк «Манас» университетине жөнөткөн [7]. Буга кошумча Афганстан Ислам Республикасынын Бишкектеги элчилиги дагы КТМУ менен өз ара мамилеси негизинде Афганстандан жыл сайын 10 деген студеттердин келүүсүнө себеб болууда. Афганстан Ислам Республикасынын Бишкек шаарындагы элчилиги тарабынан афган студенттерин Кыргызстандагы окуу жайларына киргизүү иш-чараларында көптөгөн аракеттер жасалган: ректорлор менен иш мамилелери түзүлүп, контракт маселесинде кичине болсо да жеңилдиктер каралуусун суранган. Бүгүнкү күндө эки өлкөнүн ортосунда көптөгөн окуу жайлары менен кесиптештик, достук мамилелер түзүлүүдө.

**3.таблица. Орто Азиядагы Америка университетиндеги 2016-жылдагы афган студенттердин саны [2]:**

| **Багыттары** | **Эркек** | **Кыз** | **Баары** |
|---|---|---|---|
| Тил үйрөнүү даярдоо курсу | 3 | 9 | 12 |
| Экономика | 8 | 17 | 25 |
| Антропология | 1 | 8 | 9 |
| Эл аралык мамилелер жана салыштырма саясат | 7 | 27 | 34 |
| Программалык инженерлиги | 6 | 7 | 13 |
| Журналистика жана массалык маалымат байланыштары | 1 | 6 | 7 |
| Эл аралык жана бизнес укугу | | 1 | 1 |
| Социология | 1 | 4 | 5 |
| Бизнес башкаруу | 2 | 4 | 6 |
| Психология | 2 | 3 | 5 |
| **Баары** | **31** | **86** | **117** |

3-таблицада Орто Азиядагы Америка университетинин афган студенттерин окууга акысыз кабыл алуусу, Кыргызстан менен Афганстандын илим-билим тармактарындагы мамилелерине өз салымын кошорун төмөнкү таблицада тастыктайт.

**4-таблица. Бишкек шаарындагы Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Академиясында (2006-2016ж.ж.) афган магистранттарынын саны [5]:**

| Жылы | Саясат таануу, коопсуздукту изилдөө | | Экономикалык башкаруу жана өнүктүрүү | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек | Кыз | Эркек | Кыз | |
| 2006-2007 | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 |
| 2008-2009 | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 |
| 2009-2010 | 2 | 1 | 0 | 0 | 3 |
| 2010-2011 | 0 | 2 | 0 | 0 | 2 |
| 2011-2012 | 4 | 0 | 0 | 0 | 4 |
| 2012-2013 | 2 | 1 | 2 | 3 | 8 |
| 2013-2014 | 3 | 1 | 1 | 1 | 6 |
| 2014-2015 | 3 | 0 | 1 | 0 | 4 |
| 2015-2016 | 4 | 0 | 3 | 1 | 8 |
| **Бардыгы** | **25** | | **12** | | **37** |

Таблицанын жыйынтыгы боюнча Бишкек шаарындагы Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ) Академиясы тарабынан «саясат таануу, коопсуздукту изилдөө, экономикалык башкаруу жана өнүгүү» сыяктуу кесиптерде, Афганстан бул уюмга мүчө болбосо да, 2006-2016-жылдарын аралыгында магистратура бөлүмүндө Афганстандык 37 студенттин билим алуусуна мүмкүнчүлүк берилген. Алардын ичинен 25 эркек, 12 кыз болгон.

Белгилей кетүүчү нерсе, жогоруда аталган университеттер афган жана кыргыз элдеринин достук мамилелерин түшүнүү менен афган жарандарын окууга кабыл алышат. Өзгөчө маанилүү нерсе университеттердин окутуучулары афган студенттерине билим берүүдө жана Афганстанга кадрларды даярдоодо чоң мааниге ээ. Афганстандын экс-президенти Хамид Карзай 2010-жылы Стамбул шаарында Кыргыз Республикасынын убактылуу экс-президенти Роза Отунбаева менен жолугушуусунда, жаш

афгандардын инженерия жана техникалык кесипке ээ болууга көмөк көрсөтүшүн өтүнгөн, демек, эки өлкөнүн илим-билим тармактарындагы мамилелеринде өлкө башчылары да өз салымын кошуп келатышат. Афганстан студенттери эки өлкөнүн арасында билим берүү тармагындагы байланыштардын кеңейишин каалайт.

Ошондой эле 2014-жылдын 17-февралда Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Э. Абдылдаевдин Афганстанга болгон расмий иш сапарында Афганстандын экс-президенти Хамид Карзай менен болгон жолугушууда афгандык студенттердин Кыргызстанда билим алуусу жана профессионалдуу кадрларды даярдоо маселелери талкууланган [112]. Кыргызстанга региондон же Афганстандан келген студенттер, жалгыз гана бакалавр же магистр билим деңгээлине ээ болбостон, көптөгөн өлкөлөрдүн студенттери менен бирге окугандыктан, бири-биринин маданий, экономикалык коомдук өзгөчөлүктөрү менен таанышышат. Дал ушул билим гранттары региондогу өнүгүү, интеграциялоо жана бирге жашоочулукка пайда алып келерине чоң үмүт берет. Бул жагынан, эки өлкөнүн ортосунда маданий-гуманитардык кызматташтыкты түзүү жана жандандыруу үчүн аймактарды аныктоо максатында эки өлкөнүн тийиштүү министрликтеринин жана бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү деңгээлинде жолугуушулар пайдалуу болот. Кыргызстан менен Афганстан ортосундагы билим берүү жана гуманитардык байланыштарды эки өлкөнүн жогорку окуу жайларын мамилелерин институтташтыруу аркылуу өнүктүрүү жана ошону менен бирге Афганстандагы эмгек рыногунун талаптарына тийиштүү инженердик жана куруучулук кесиптерди даярдоо эки мамлекеттин маданий-гуманытардык мамилелеринде эң эле керектүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасы менен Афган Ислам Республикасынын Саламаттык сактоо министрликтери Кыргызстанда саламаттыкты сактоо тармагында топтогон тажрыйбасын алмаштыруу жана кызматташтыкты өнүктүрүү, КР Медициналык академиясында афган дарыгерлерин жана

студенттерин клиникаларда жана медициналык борборлордо окуткандыгын белгилей кетүү керек; Афганстандагы клиникаларда жана ооруканаларда медициналык иш тажрыйба алмашуу үчүн кыргыз дарыгерлер эки өлкөнүн улуттук ооруканаларынын ортосундагы кызматташтыктын узак мөөнөттүү мамилелерин түзүү; Афган тарап мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде Кабул шаарында "Кыргыз-Афган" ооруканасын курууга абдан кызыкдар экендиги [20] эки өлкөнүн өкмөттөрүн ниетинде турат.

Кыргызстан региондогу өлкөлөрдүн жаштары билим алган өлкө болуп, Бишкек шаары маданият жана студенттер үйүнө айланды. XXI кылымда эң таасирдүү кызматташтык жана иш-аракеттер бул илим-билим жана маалымат алмашуу болуп саналат. Ошондой эле ондогон жылдар согуш отунда жашаган Афганстан сыяктуу өлкөлөр жогорку билим берүүнү өнүктүрүүгө умтулууга аргасыз. Кыргыз Республикасы бул жааттарда Афганстан менен кызматташтыкта болуп, өз салымын кошо алат.

2013-жылдын 16-20-декабрь күндөрүндө Афганстан Ислам Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин орун басары жетектеген 11 мүчөдөн турган афган делегациясы Кыргызстанга келген. Афган делегациясы Кыргыз өкмөтүнүн Билим берүү жана маданият министрлиги менен биргелешип тажрыйба алмашуу жана мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүү багыттарында иштешкен, аталган система алгачкы жолу Орто Азияда, тагыраак айтканда, Кыргызстанда ишке ашкан. Кыргыз Республикасы мектепке чейинки билим берүү системасын мыйзамдуу түрдө кабыл алган.

Бул иш сапар "Ага Хан" фондунун алкагында билим берүү системасын коргоо жана өспүрүм кыздарды окутуу программасынын бир бөлүгү болгон жана дал ушул программа Афганстанда Канада Өкмөтү менен биргелешип, өспүрүм кыздарга билим жана тарбия берүү системасын өнүктүрүү жаатында иш жүргүзөт. Афганстандын бир нече аймактарындагы өспүрүм кыздар үчүн жеткиликтүү билим алуу жана окуу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу процесси стабилдүү түрдө иш жүзүнө ашып

келет. Өнүктүрүү программасынын негизинде мектепке даяр болгон кыздардын көбөйүшү бул программанын Афганстандагы окуучуларга тийгизген таасирдин жана жетишкендиктердин көрсөткүчү болуп саналат. Бул делегациянын Кыргызстанга келүүсү региондогу өлкөлөр менен бир мезгилде тажрыйба алмашуунун негизинде ишке ашууда.

“Ага Хан” фондунун өнүгүү түйүнүнүн дүйнөлүк дипломатиялык диний өкүлү Кыргыз Республикасына жана Афганстан Ислам Республикасына карата: “Билим берүү жана тарбия, өзгөчө алгачкы окуу мезгилинде үй-бүлөлөргө, коомдорго жана өкмөттөргө, инвестициялоого көмөк көрсөтүүдө, экономиканын өсүшүнө, узак мөөнөттүү стабилдүүлүккө жана Орто Азиянын өркүндөшү үчүн өтө маанилүү деп эсептелет. Орто Азия – региондук сүйлөшүүлөргө жана билим, тарбия жана кызмат багытындагы кызматташтыкта кеңири мүмкүнчүлүктөрү бар аймак болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын улуттук тажрыйба топтоо программасы «Инстрим» жаштык фонду БУУ балдар фондунун (Юнисеф) техникалык колдоосу менен бирге Кыргызстандагы Улуу Британия элчилигинин коопсуздукка жана туруктуулукка көмөк көрсөтүү, чыр-чатактарды алдын алуу фонду аркылуу каржылануудa, 175 мектеп окуучуларын жана студенттерди таасирдүү байланыш, презентациялоо, ораторлук чеберчилик, менеджмент кесиптерин үйрөтүп, тажрыйба топтоого даярдоодо. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билдирүүсүндө программада мектеп бүтүрүүчүлөр, борбордогу жана региондордогу студенттер, ошондой эле Афганстандан келип, Кыргызстанда жашап турган 19 качкын студент катышкан. Афгандык катышуучулардын бири – Бенафша Мухаммад Хусейин билдиргендей, бул программа ага эртеңки жарык келечекке ишенүүгө жардам берет: «Жумуш табуу абдан кыйын, анткени жумуш берүүчүлөр жумушка качкындарды же тажрыйбасы жок жаштарды алгысы келбейт. Мен ойлойм, бул программа бизге кайсы кесип ылайык экенин, кайсы жумуш жагарын билүүгө жана мага керектүү билим жана

тажрыйбаларды алууга жардам берет» [108]. Бул улуттук тажрыйба топтоо программасынын алкагында потенциалдык жумуш берүүчүлөрдүн стажерлорду жумушка алуу тууралуу жарыя берүү мүмкүнчүлүгү бар.

Кыргызстан менен Афганстандын илимий-маданий мамилелеринин өнүгүүсүн эске алуу менен бирге, маданий дипломатияга да көбүрөөк көңүл буруу керек. Эки өлкөлөнүн ынтымагы интеграциялоо процессинде чоң роль ойнойт. Келечекте “маданий жумалык” өткөрүү процесси эки өлкө тараптан тең олуттуу түрдө каралышы керек. Бүгүнкү күндө аалымдардын жана устаттардын сабак берүүлөрү, тажрыйба алмашуулары; маданий жана достук мамилелерин түзүлүшү; афган окуучуларынын Кыргызстандагы окуу жайларына кирүүсү; искусство жана маданий концерттердин өтүшү – эки өлкөнүн кызматташтыгына ылайыктуу сфера түзүп жатат.

Афганстан Ислам Республикасынын өкмөт мүчөлөрү жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү Кыргызстандагы окутуу семинарларына жыл сайын ондогон киши катышат. Кыргыз Республикасы Афганстандан келген өкмөт мүчөлөрүнө жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнө көптөгөн окутуу семинарларды өткөрдү, аталган семинарлар бул өлкөдө кадрларга мүмкүнчүлүк түзүп берүүдө жана аларды даярдоодо чоң ролу бар экендиги анык.

Кыргызстанда 2013-жылдын май айынан 2015-жылдын июнь айына чейин жыл сайын Афганстан Ислам Республикасынын Каржы министрлигинен 150 бажы кызматкерлери Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ) Бишкектеги окуу жайында билим алышат [1]. Ошону менен бирге Афганстандын Коргоо министрлиги, Ички иштер министрлиги жана Генералдык прокуратурасынын кызматкерлери, Парламенттин жана Жогорку Соттун мүчөлөрү Кыргызстанда өткөн ар кандай конференцияларга жана семинарларга катышуу максатында иш сапарлары менен келип турушат, бул көрүнүш эки өлкөнүн жакшы мамилелеринин көрсөткүчү болуп саналат.

Ошондой эле 2013-жылдын 19-25-ноябрь күндөрү Афганстандын маданий коомчулугунун активдүү 15 айымы Бириккен улуттар уюмунун өнүктүрүү программасы (БУУӨП-UNDP) жана Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү агенттигинин демилгеси (КРӨАД) [101] менен коомдук кол өнөрчүлүктү жакшыртуу жана жергиликтүү экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү бекемдөө боюнча катышуу максатында Кыргызстанга расмий сапар алышып, Кыргыз Республикасынын маданий коомчулугунун айымдары менен биргелешип, илимий жана изилдөө семинарларына жана конференцияларга катышкан. Региондогу маселелерди сүйлөшүүлөр аркылуу жакшы мамилелерди түзүп жана бири-бири менен тажрыйба алмашып, маселелерди чечүүгө болот деген натыйжага келишкен. Афган айымдарынын Кыргызстанга болгон сапарында Бишкек жана Ош шаарларын кыдырып, кыргыз айымдары менен жолугушуп, ар түрдүү кызматташуулар жаатында, мисалы, кол өнөрчүлүк кызматташтыгы жөнүндө [1] пикир алмашышкан.

Кыргыз Республикасында коомдукту мобилдештирүү боюнча иш-аракет 1998-жылы башталып, Кыргызстан айымдарынын көйгөйлөрүн чечүүдө олуттуу тажрыйба болуп саналат. Өзгөчө айыл жергесинде жашаган аялдардын турмушу жөнүндө маалымат бирилет. Иш сапардын жүрүшүндө афган жана кыргыз айымдары турмуштук маселелерди чечүү боюнча өз ара тажрыйба алмашышкан. Афган айымдары 40 жылдан бери өлкөдө ички согуштардан улам көптөгөн жоготууларга учурап, мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Алардын кыргыз айымдары менен болгон өз ара мамилелери жана карым-катнаштары албетте өз жашоолорунда жана Афганстандын турмушуна жаңылыктарды алып келерине ишеним бар.

**Кыргызстан менен Афганстан мамлекеттери ортосунда спорттук иш-чаралар.** Бүгүнкү күндө спорт дүйнөдөгү эң маанилүү иш-чаралардын бири, себеби өлкөлөр бири-бирине болгон мамилесин бекемдөө үчүн спортту колдонушат. Спорт, чындыгында, коомдук мамилелердин өсүшүнө, теңдикке жана адамдардын бири-бирине жакындоосуна себеп болуп келет.

Спортто, мисалы футболдо, команданын мүчөлөрүнүн арасында өз ара атаандаштыктын жоктугунан улам, команда жеңишке жетише албайт. Командадагы оюнчулар жана көрүүчүлөр арасында, ал турсун өлкө тараптан уюштурулган координация коллективдик маанайдын көтөрүлүшүнө себеп болот. Афганстан менен Кыргызстан ортосундагы достук мамилени жакшыртуу үчүн жыл сайын эки өлкөнүн футбол командалары арасында чемпионат уюштуруу өзгөчө мааниге ээ.

Афганстандын улуттук футбол командасы Орто Азиянын деңгээлиндеги команда болуп саналат, Азия футбол конфедерациясынын (AFK) бөлүмүндө, Азиянын түштүк тарабында жайгашат. Бул команда Афганстандын футбол федерациясынын алкагында 1933-жылы куралып, 1948-жылы Эл аралык Футбол Федерациясына (FIFA) мүчө болгон. Афганстандын улуттук футбол командасы бир нече жолу Кыргызстандын улуттук футбол командасы менен таймаш өткөргөн. Бул иш-чаранын максаты эки өлкөнүн ортосунда маданий карым-катнаштарды түзүү жана аларды бекемдөө болуп саналат. Афган жана кыргыз спорт уюмдарынын максаты – биргелешип, улак тартыш (бозкеши), футбол матчтары, дзюдо ж.б. спорттун түрлөрү боюнча спорттук машыгуу лагерин түзүү болуп саналат [6]. Афганстандын улуттук футбол командасынын Кыргызстандын улуттук футбол командасы менен болгон алгачкы таймашы 2003-жылдын март айында Бишкек шаарында өткөрүлүп, Афганстандын командасынын Кыргызстандын командасын 2:1 эсебинде жеңүүсү менен аяктаган. 2008-жылдын май айында өткөрүлгөн АФКнын чакырык кубогун жеңүү турнири Бишкек шаарында өтүп, эки өлкөнүн улуттук футбол командалары таймашып, оюн 1:0 эсебинде Афганстандын пайдасы менен аяктаган.

2013-жылы Афганстандын кыздар футбол командасы Азия өлкөлөр арасындагы турнирге Бишкекке келишип, өлкөлөрдөн катышкан командалардын арасында 3-орунга ээ болушкан. 2014-жылдын 13-апрелинде Афганстан тараптын демилгеси менен Дубай шаарындагы Аль-Мактум стадионунда Афганстан жана Кыргызстан улуттук футбол

командалары арасында достук чемпионаты өткөрүлгөн [75]. Афганстан тарабынан Дубай шаарында өткөрүлгөн таймаштын максаты – бул эки өлкөнүн улуттук командаларын АФК чакырык кубогун жеңүү үчүн бул чемпионатка көбүрөөк даярдануусу болду [88]. 2015-жылдын 30-мартында 30 оюнчудан түзүлгөн Афганстандын футбол командасы Кыргызстандын улуттук командасы менен Ош шаарында ойноо максатында Бишкекке келишти, бирок аба ырайынын бузулушунан улам таймаш өткөрүлбөй, кайрадан Афганстанга кайтышкан.

2015-жылдын 16-ноябрында Тажикстандын Худжанд шаарында Кыргызстандын жана Афганстандын хоккей боюнча курама командаларынын оюну 2:2 эсеби менен аяктаган Кыргызстан командасынын машыктыруучусу Андрей Полховский жана Афганстан командасынын машыктыруучусу Абдул Разак Мамрак болгон.

Афганстандын 22 спортчусу аймактык көк бөрү мелдешине жана башка спорттук оюндарга катышуу үчүн 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусуна келишкен. Атчандардын мелдеши (көк бөрү) мелдешке катышуучу өлкөлөрдүн командалары аркылуу өткөрүлүп, Афганстандын көк бөрү командасы 3-орунга ээ болуп, акчалуу сыйлык менен кайтышкан.

Ошол эле жылы көк бөрү оюнуна – 16, алыш таймашына – 4, эр эңиш таймашына – 4, казак күрөшкө – 5 спортчу, машыктыруучусу жана башка өкүлдөрү менен 32 адамдан турган афган делегациясы келген. Бул оюнга Азербайжан, Австрия, Белоруссия, Бразилия, Германия, Казакстан, Монголия, АКШ, Тажикстан, Түркмөнстан ж.б мамлекеттерден келгенделегациялар катышкан. Анын ичинде афган жана кыргыз спортчуларынын арасында өткөрүлгөн достук таймаштар эки тараптуу мамилелердин бекемделишине гана эмес, аймактык интеграциялык процесске да өз пайдасын тийгизет. Спорттук оюндарга катышуучу өлкөлөрдүн жарандарынын мамлекеттерге кирип-чыгуусу өкмөттөр

деңгээлиндеги мамилелердин бекемделишине оң таасирин тийгизип, региондогу көптөгөн кызматташуулардын өнүгүүсүнө себеп болот.

**Кыргызстандагы афгандык качкындар.** Афганстанда отуз жылдай созулган жарандык согуш, миллиондогон афгандарды өз өлкөсүнөн башка өлкөлөргө көчүүгө мажбур кылды. Миллиондогон афгандар Иран, Пакистан сыяктуу коңшу өлкөлөргө көчүп кетишти, ошондой эле Кыргызстанга да келишкен афгандыктар жок эмес. Ал эми кыргыз жана афган элдеринин орток маданияты жана дини болгондуктан, Кыргызстандын жакшы кабыл алуусуна өбөлгө болду.

2002-жылдын 25-март айында Кыргыз Республикасынын 44-токтомуна ылайык качкындар жөнүндө мыйзамы кабыл алынган [14, 194]. Бул мыйзамда качкындардын качкын деген статусунан ажыратуу менен качкындардын жоопкерчили менен милдеттерин, экономикалык жана социалдык кепилдик укугун коргоону аныктайт. Кыргыз Республикасы баардык качкындардын рассасына, жынысына, динине же кайсы өлкөдөн экендигине карабастан бирдей укукта болушун камсыздайт.

2003-жылдын 4-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 188-токтомуна ылайык башпаанек каалагандарга [14, 203], төмөнкүдөй шарттар аныкталган: Кыргыз Республикасында кабыл алынган качкын Кыргыз Республикасынын жараны болбостон, жалгыз гана башпаанек алууга аракеттенген адам. Улуту, дини, саясий көз карашы жана өзүн-өзү коргоого колдоо албаган, улуттардын ортосунда куралдуу чыр-чатактар жана пикир келишпөөчүлүктүн олуттуу коргоочусу болбогон белгилүү бир топтор менен иштөөнү улантып жүргөн же өз өлкөсү тарабынан колдоого алынбаган, Кыргызстан аймагында башпаанекке ылайык адам деп кабыл алынат.

Кыргызстанда афган качкындары базарларда жана көчөлөрдө кездешет. Алар өзүн жана үй-бүлөсүн багуу үчүн күн сайын аз болсо да иштешет. Өзүнүн жөнөкөй жашоолорунда бөтөнчүлүктү сезбей, Афганстанда жашагандай жашаганына кубанычтуу. Афган качкындары

кыргыз калкы менен өтө жакшы мамиледе күн өткөзүп келет. Өздөрүнүн каада-салттарын кармап, күндөгүдөй жашоо менен жашашат. Кээде үйлөнүү той жана башка каада-салттарын өткөргөндө, кыргыз жарандары ар дайым конок болуп кетишет.

Афган качкындарынын балдары мамлекеттик жана жеке менчик университеттерде билим алууда. Жалпы достук жана БУУнун борборлорунун колдоосунун негизинде афган качкындарынын балдарына билим берүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн, бирок тилекке каршы азыркы учурда финансылык жардам болбогондугуна байланыштуу убактылуу жабылган. Ошондой эле качкын аялдар үчүн атайын орто окуу жайларында визажист, тигүүчүлүк ж.б профессионалдуу курстарды үйрөтүү ниеттери бар. Бирок ишке ашпай келет. Азыркы убакытта афгандыктар Кыргызстандын ар кайсы областтарында жашашат. Алардын саны миң кишиден ашып, 400 үй-бүлөнү түзөт. Алардын көбү Бишкек шаарында (Чүй областында) [153] жашашат.

Афган качкындарынын Кыргыз Республикасына келишинин себеби 1990-жылдары Афганстанда “Талибан” кыймылынан улам өлкөдөгү афган элинин жашоосуна коркунуч келтирди. Саясий жаатта аскер адамдары, Наджибулланын бийлигиндеги өкмөт адамдары жана жогорку билимдүү аялзаты куугунтукка учурашты. Кыргызстан географиялык жактан Афганстанга жакын жайгашкандыктан, биринчилерден болуп, 1996-жылдан баштап, 1951-жылдагы Женева Конвенциясынын жана 1967-жылдагы Нью-Йорк Протоколунун негизинде качкындарга атайын статус [44, 1;48] бере баштады.

2001-жылдын 1-июлуна чейин КР Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Миграция департаментинде катталган афгандардын саны 2266 адамды түзгөн. Ошол эле жылы коңшу өлкөлөрдөгү миграциялык катаал текшерүүнүн жана качкындарды чектөө саясатынын негизинде Кыргызстанда афган качкындарынын саны көбөйгөн. Мисалы, Тажикстандын катаал саясатынын кесепетинен улам, афган качкындарын

каттоо убактылуу токтотулгандыктан [44, 48], алар Кыргызстанга келишкен. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Миграция департаментинин каттоосунда төмөнкү улуттагы афгандык качкындар катталган: тажиктер, пуштундар, хазарлар жана өзбектер.

Кыргыз Республикасынын социалдык сурамжылоонун негизинде, төмөнкү маалыматтар дайындалды [44, 47]:

**5-таблица. Качкындардын Кыргыз Республикасына келген мөөнөттөр**

| Келген жыл | Респонденттердин саны | Департаментте катталгандардын саны |
|---|---|---|
| 1985-1994-жж. | 44 а. / 23 % | 118 а. / 31 % |
| 1995-ж. | 25 а. / 13 % | 34 а. / 9 % |
| 1996-ж. | 32 а. / 16 % | 57 а. / 15 % |
| 1997-ж. | 36 а. / 18 % | 58 а. / 15 % |
| 1998-ж. | 31 а. / 16 % | 73 а. / 20 % |
| 1999 ж. | 22а. / 11 % | 28 а. / 7,5 % |
| 2000-2001-жж. | 6 а. / 3 % | 7 а. / 1,5 % |
| Баары: | 196 а. | 375 а. |

Ал эми Кыргыз Республикасында, “качкын” статусун алыш үчүн атайын каттоодон өтүү керек. Миграция кызматы аларды көзөмөлдөп, 6 ай сайын кайрадан каттоодон өткөрүп турат. Афган эли БУУнун Качкындар комитети тарабынан медициналык жардамга, дары-дармек менен камсыз болууга, билим алууга жана ошондой эле эмгектенүү укуктарына ээ болгон. Кыргыз Республикасындагы Кызыл Жарым Ай коому ар дайым өзгөчө кырдаал учурларда медициналык жана материалдык жардамын көрсөтүп келет. Мындан тышкары, көп балалуу аялдарга, майыптарга, жумушсуздарга бир жылда бир ирет олуттуу жардамын берип келет. Кыргызстан демократиялык мамлекет катары демократиялык принциптерге негизденип, афган качкындарын кабыл алган.

**6-таблица. Качкындардын укуктары [44, 47]:**

| Негизги укуктар | Укук жана колдонуу мүмкүнчү-лүгү бар | Укук бар, бирок мүмкүнчүлүк жок | Укук да, мүмкүнчү - лүк да жок | Жооп берүү кыйын | Жы-йынтык |
|---|---|---|---|---|---|
| Медициналык кызмат алуу укугу | 20 (10 %) | 98 (50 %) | 77 (39,5 %) | 1 (0,5 %) | 196 |
| Билим алуу укугу | 13 (7 %) | 102 (52 %) | 79 (49 %) | 2 (1 %) | 196 |
| Иштөө укугу | 3 (1,5 %) | 51 (26 %) | 141 (72 %) | 1 (0,5 %) | 196 |

18-июн 2011-жылы, Орто Азия жана Афган аялдарынын Бишкек шаарында болуп өтеөн экономикалык симпозиумунда, лидер аялдар өз ара чогулуп, саясатта, бизнесте кантип ийгиликке жетишүү керектигин талкуулашган. Аялдардын тең укуктуулугу жагынан алганда Кыргызстан демократияоык өлкө болгондуктан мисал өлкө болуп саналат. Аймакта жалгыз гана КРнын президенти Роза Отунбаева аял болуп иш чараны ачып берип, кайсы коом болбосун аял чоң күч экенин белгилеген. АКШнын мамлекеттик катчысынын орун басары Роберт Блэйк: “аялдар басымдуулук кылган коомчулук калыс, таза жана прогрессивдүү болот”. Адистердин айтымында, аялдардын тең укуктуулугу боюнча маселе Түркмөнстан менен Афганстанда курч турат. Бул өлкөлөрдө аялдардын саясатка, бизнеске аралашууга укуктары чектелген.

Афганстанда аялдардын негизги көйгөйлөрүндөн коопсуздук жана каалаган ишин жасоого эркиндиги жок екендиги турат. Бирок, 2001-жылдан мурда аларга иштөөгө, үйдөн чыгууга уруксат берилген эмес. Афгантандан келегн Мариам Алими: “Бүгүнкү күндө Афганстанда аялдардын абалын

жакшыртуу үчүн көп идеяларыбыз бар...” [118] Афгандык аялдардын Кыргызстанга келип башка делегация өкүлдөрү менен диалогу албетте алардын дүйнө карашына жана өз жашоо шарттарынын жакшыртууда Кыргыз Республикасынын салымы чоң.

Жыйынтыктап айтканда Кыргыстан менен Афганстан мамлекеттери өз ара дипломатиялык-саясий мамилелерин өнүктүоүү боюнча кызматташып келишет. Эки өлкөнүн саясий мамилелерин бекемдүүлүсү регионалдык биргелешүүгө алып барат деген ойдамын.

“Слово Кыргызстана” гезитинин кабарчысы Кифаят Аскерова Афганстан Ислам Республикасынын Бишкектеги өзгөчө жана толук ыйгарымдуу элчиси, Нурмухаммад Каркин менен суроо-жооп кылганда:

- Кыргызстан жана Афганстан ортосундагы мамилелер жана Афганстандын карапайым элинин кыргыз элине болгон мамилеси кандай?

- Эки өлкөнүн дин, маданият, каада-салт жана байыркы тарыхый мамилелер бириктирет жана бул факторлор эки тараптык мамилелердин келечектеги өнүгүүсүнө себеп болот. Кыргызстан менен Афганстандын өз ара мамилелери абдан жакшы, жакынкы келечекте жакшы мамилелерибиздин пайдасын көрөөрбүз деген ой бар. Афганстан Ислам Республикасынын Бишкектеги элчилигинин ачылышынан улам, соода-сатык, маданият, илим, билим берүү, транспорт жана транзит сферасында, кабар алмашуу, терроризм, баңги затты мыйзамсыз өндүрүү, колдонуу жана сатуу менен күрөшүү, эл аралык мейкиндикте эки тараптык мамилелерди координациялоо сымал жааттарда ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Эки өлкө арасында адис жана мугалимдердин алмашуусу, айыл чарба жана кол өнөрчүлүк продукциясын көргөзмөлөргө алып чыгуу жана ошондой эле, концерт жана спорттук машыгууларды уюштурууга мүмкүнчүлүк бар экенине биз кубанычтабыз. Кыргызстан Афганстанга кадр даярдоо маселесинде, өкмөт, бейөкмөт уюмдарынын ишкерлерине көптөгөн курс жана тренинг өткөрүп берди. Тагыраак айтканда, жыл сайын Афганстандын баажы ишкерлери бул

жакта билим алып турат. Мындан сырткары, афган студенттер, Кыргызстанда алган билимдери менен Афганстанга барганда пайдасын тийгизет деген үмүттөр бар.

### 2.3. Кыргыз жана Афган мамлекеттеринин кызматташтыгында Улуу Жибек жолунун мааниси

Кытайдан баштаган Улуу Жибек жолу кылымдар бою Батыш менен Чыгыштын арасында маданият жолу болуп, жалгыз гана соодагерлер эмес, тарых, дин, илим-билим, искусство жолу болгондуктан, ар түрдүү расалардын, элдердин жана жамааттардын бири-бирин таанууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Чындыгында, Улуу Жибек жолу адамзат тарыхындагы маанилүү маданият жолу болуп саналат. Дүйнөнүн цивилизация борборлорунан болуп саналган Кытай мамлекетин Орто Азия, Жакынкы Чыгыш, Африка жана Европага байланыштырган кербен жолу боюнча соода-сатык көлөмүндө жибек олуттуу үлүшкө ээ болгондуктан, “Жибек жолу” атагын алган. Жибек жолу Индиядан баштап, Иранды жана Афганстандын түндүгүн аралап, Памир өрөөнүндөгү Таш-Мунарага чейин жеткендиги айтылат. Ал убакта Таш-Мунара Кытай товарлар менен Анатолия, Иран, Афганстан жана Орто Азияда өндүрүлгөн товарлар алмаштырылган соода-сатык жана маданият борбору болгондугу тарыхый булактарда баяндалат. Улуу Жибек жолунун Кытайдан башталган шаардын аты “Хи’ан” (Кытайдын мурунку борбору) [138, 19] б.з.ч. 206-220-жылдары Хан династиясы бийликте турган учурга [156, 50] таандык. Жибек Жолу чыгыштан батышка бүткүл Азияны үч жылдык [23, 100] убакытта басып өтүүгө мүмкүн болгон тарыхый жол.

Тарыхта Батыш өлкөлөрү узак убакыттар бою Индия, Иран, Кытай тууралуу эч нерсе билишкен эмес. Кытайлыктар дагы Европанын өнүккөн өлкөрү тууралуу эч кандай кабары болгон эмес. Бул регион Гималай, Памир жана Тянь-Шань тоолору менен тосулуп турган. Бирок II кылымда Кытайлык саякатчы Счан Цзян Алай тоосун жана чөлдөрдү басып өтүп, Ферганага чейин барып, андан кийин Афганстандын түндүк аймагы жана

Парфия (Искендер командачысы Селевки Енен Эрсек шахын Түрманистан географиясында 470 жыл жашаган Парфия Түрк мамлекети, 224-жылы талкаланган) жолу менен Батышка барган. Кытайга кайтып келген Счан Цзян Батыш өлкөлөрүнүн байлыктары жана маданиятынан сөз кылган. Бул саякатчынын аркасында Кытайлык соодагерлер товарларын Батышка сатуу үчүн топтолуп, узак жолго аттанышкан.

Улуу Жибек жолунун тарыхында көптөгөн кылымдар бою Кытай Орто Азия жана Түштүк Азия, Африка жана Европа өлкөлөрү менен соода-сатык байланыштарын жүргүзүп келген. Чыгыштын жибеги жана кагазы сыяктуу товарларын Батышка таанытуу менен катар, Азиянын жаңгагы, анары жана Африканын анжыр сыяктуу өсүмдүктөрүн Чыгыш ааламына тааныткан. Улуу Жибек жолу өткөн аймактарда экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн [138, 21]. Батыштан келген кербендер Иран аркылуу Мерв шаарынан Аму-Дарыядан өтүп, Алай тоо кыркаларын аралап Чыгыш Түркстанга чейин жеткен. Экинчи жол болсо, Мервдан Бухара, Самарканд, Худжант аркылуу Ферганага, андан кийин Ош жана Өзгөн шаарларына кирип, Яссы дарыясы аркылуу Теңир-Тоо жана Ат-Башыга чейин жеткен. Бул жерден соода кербендери Чыгыш Түркстан жолу менен, башка бир бөлүмү болсо Ысык-Көл аркылуу Кытайга кеткен [23, 102]. Улуу Жибек жолу дүйнөдө эң узун соода-сатык жолу болуп, азыркы учурда аймакта эң маанилүү жана заманбап долбоор болуп эсептелет. Афганстан бул жолдун ортосунда жайгашкан. Бул жолдун өзгөчөлүктөрү:

*Биринчиден,* Улуу Жибек жолу Кытай менен Римдин ортосунда соода-сатык жолу азыркы учурда Кытай менен Батыштын ортосундагы мамилелерди түзүүгө өбөлгө боло алат. *Экинчиден,* Улуу Жибек жолу соода-сатык көпүрөсү болуп, Орто Азия, Түштүк Азия жана Батыш Азияны өзүнө камтыйт. *Үчүнчүдөн,* Улуу Жибек жолу экономикалык жактан гана эмес, элдердин арасында маданий мамилелердин түзүлүшү жактан өзүнчө маанилүү. *Төртүнчүдөн,* кылымдар бою элдердин орток эстелиги болуп, Улуу Жибек жолунун символу - бул “төө кербендери” жана Улуу Жибек

жолунун аталышын Пекин, Бишкек, Кабул, Стамбул, Душанбе, Ташкент, Ашгабат, Тегеран ж. б. бардык чоң жана кичине шаарлардан кездештирүүгө болот. Ричард Н. Френин (Richard N. Frye) “Орто Азия” аттуу чыгармасында: “VI кылымдагы Орто Азиянын өзгөчө маданиятынан сөз кылууга мүмкүн” [148, 60],– деп жазганы тарыхтагы Улуу Жибек жолунда пайда болгон байлыктарды эске түшүрөт. Улуу Жибек жолу батыш менен чыгышты соода жана маданий жактан [164, 303] байланыштырып тургандыгы белгилүү. Улуу Жибек жолу кыргыз жергеси аркылуу өткөндүктөн, кыргыздар жалпы Азия мейкиндигиндеги экономикалык, социалдык, маданий турмуштан четте калган эмес [27, 15]. Ал эми бүгүнкү күндө да Орто Азия элдери жана өлкөлөрү дүйнөдөгү ири державалардын кызыкчылыктары дал келген геосаясий мааниси бар экендиги талашсыз. Орто Азия байыртадан Улуу Жибек жолу аркылуу чыгыш менен батыштын ортосунда көпүрө катары кызмат кылган, ар түрдүү элдердин маданий жолугушуусуна күбө болуп келген. Аймактын тарыхый салттуу ролу бүгүнкү күндө региондун геосаясий абалы Түштүк Азия өлкөлөрү менен өз ара кызматташтыкка мүмкүнчүлүк жаратууда. Орто Азия өлкөлөрүндө жаратылыш байлыктары мол, мисалга алсак, энергетика боюнча Орто Азия өлкөлөрүн Чыгыш Азиядагы Персия булуңунун байлыгы менен салыштырууга болот.

Кыргызстан жана Афганстан мамлекеттеринин катышууларынын негизинде регионда ар кандай маданий жана тарыхый демилгелердин пайда болушуна көмөк көрсөтүү жана аларды өнүктүрүүдө өз салымдарын кошуулары абзел.

**Улуу Жибек жолу өзгөчөлүгүнүн Кыргыз жана Афган мамлекеттерин өз ара кызматташтыгына болгон мааниси.** 2006-жылдын 24-июлунда Душанбе шаарында үч өлкөнүн: Тажикстан, Иран жана Афганстан Республикаларынын Президенттеринин жолугушуусунда саясий мамилелер, экономика, соода, маданият, эл аралык биргелешүү жана

регионалдык мамилени жакшыртуу, темир жол долбоору, Борбордук Азиядан электр кубатын алуу ж.б. маселелер сүйлөшүлгөн.

Иран Ислам Республикасы дагы Орто Азия регионуна оң таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле Афганстан Орто Азиянын башка мамлекеттери менен да экономикалык байланыштарды түзүүдө. Атап айтканда, 2007-жылдын 5-6-июлунда Афганстандын жана Түркмөнстандын өкмөт башчылары энергетика, соода, транспорт, күйүүчү май сатып алуу жана эки мамлекет ортосундагы соода-сатыкты, кайра иштетүүнү күчөтүүдөгү мамилени баса белгилешкен.

2010-жылдын 26-январында Түркиянын президентинин демилгеси менен Стамбул шаарында өкмөт башчыларынын жана өкмөттүн бийик даражалуу мүчөлөрүнүн, дүйнөлүк жана региондук уюмдардын катышуусунда Стамбул процесси (Азиянын Жүрөгү) өткөрүлүп, баары бир добуштан Афганстан Азиянын жүрөгү жана азыркы убакта жана келечекте дагы бөлүнбөстөн кала берет деп тыянак чыгарышкан. Афганстан жана коңшу мамлекеттер географиялык-саясий жактан гана эмес, тарыхы, маданияты жагынан бири-бири менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан региондогу коркунучтар жана чакырыктар дагы жалпы маселе [159, 229; 236; 274] болуп саналат.

2014-жылдын ноябрь айында “Жибек жолу өлкөлөрүнүн өнүгүүсү” аттуу конференция эл аралык парламенттик мамилелер комитети жана Кыргыз Республикасынын Илим изилдөө жана стратегиялык институту тарабынан Бишкек шаарында болуп өткөн. Аталган конференцияда Афганстан Ислам Республикасынын ТИМинин Стратегиялык изилдөөлөр борборунун ага илимий кызматкери Мирвайс Балхи Афганстандын өкүлү катары катышкан. Региондун өлкөлөрү Улуу Жибек жолунда жалпы экономиканын, маданияттын өсүшүнө өз таасирин тийгизип, кызматташып келген. Бүгүнкү күндө да Орто Азия өлкөлөрү түштүк Азияга чыгуу максатында Афганстан менен кызматташуусу регионалдык биримдикти пайда кылат.

Экономисттердин пикири боюнча Борбордук Азия менен Түштүк Азия мамлекеттеринин ортосундагы мамилелердин өнүгүүсү Афганстан аркылуу аймактык саясий кысымды азайтууда, Афганстан регионго узак мөөнөттүү стабилдүүлүктү, коопсуздукту кепилдик кыла алат. Кыргызстандын көрүнүктүү профессору, философия илиминин доктору Кусеин Исаев өз китебинде “XXI кылымды чыгыш таануу кылымы” [39, 294] деп атагандай, Афганстандын геосаясий жана геостратегиялык маанилүүлүгү бир канча жыл мурун Борбордук жана Түштүк Азия мамлекеттеринин арасындагы транзиттик соода байланыштарынын жүрөгү болуп саналган экономикалык жактан өнүгүүсүнө негизги себеп болуп саналган.

Афганстан менен Орто Азия мамлекеттеринин сүйлөшүүлөрү 2013-жылдын 19-декабрында Кабулда болгон. Анда Орто Азия мамлекеттеринин элчилери, дүйнөнүн 30дан ашык мамлекеттеринин өкүлдөрү жана көптөгөн маданий, коопсуздук уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Катышуучулар “Орто Азия мамлекеттери менен Афганстандын маданий жана географиялык жакындыгы, аймактын өнүгүүсү жана тынчтыктын сакталуусу үчүн маанилүү деп билишет.” Аймактык биргелешип иштөөдө капитал салууга муктаж болгон катышуучу мамлекеттер соода-сатыкты кеңейтүү, Орто Азия мамлекеттеринин картасы, Афганстанды кайра куруу методу жана коопсуздук тууралуу маселелер талкууга алынган. Бул жыйындын катышуучулары мамлекеттер арасындагы келишимдерди түшүнбөстүккө каршы күрөшүп, Афганстан менен Орто Азия ортосундагы мамилени камсыздоону өтө маанилүү деп билишет.

1991-жылы СССРдин кулашы менен чек аралардын ачылышы, өзгөчө 2001-жылы талибандардын бийликтен кетиши Афганстандын Орто Азия мамлекеттери менен экономикалык карым-катнаштарынын жакшыруусуна алып келген. USAIDдин, Кыргызстандын эл аралык соода-сатык тармагынын, Эл аралык транспорттук ассоциациясынын, Азия өнүктүрүү банкынын, ошондой эле Европанын мамлекеттик өкүлдөрүнөн турган

коопсуздук уюму, башка уюмдар, Афганстан, Пакистан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстан мамлекеттеринин транспорттук компанияларынын демилгеси менен Кыргызстандын борбору Бишкекте “Заманбап транспорт жана логистика” аттуу семинар өткөрүлгөн. Бул семинарга катышкан мамлекеттердин өкүлдөрү жана ишмерлери коммерциялык транзитти көтөрүү жана транспорттук кыйынчылыктарды чечүү тууралуу түшүндүрмөлөрүн беришкен. Экономисттер Түштүк жана Орто Азия мамлекеттерин байланыштырган транзиттик жолдордун географиялык жактан ыңгайлуулугун билдиришти. Афганстандын саясий жана стратегиялык маанилүүлүгү бир канча жыл мурун Орто жана Түштүк Азия регионунун транзиттик жолу деп эсептелген.

***Түштүк Азия камтыган өлкөлөр:*** Пакистан, Индия, Бангладеш, Шри-Ланка, Молдавия, Бутан жана Непал мамлекеттери Индия океанына жана Араб дарыясына кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана дүйнөдөгү калк эң жыш жайгашкан өлкөлөр болуп саналат. Афганстан Орто Азия менен маанилүү транзиттик байланышты жакшыртууга жол ача алат.

***Орто Азияны камтыган өлкөлөр:*** Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Казакстан мамлекеттери (Афганстан менен) бирге 98.02 миллион эли бар , суу, мунай зат, газ жана башка табигый ресурстардын маркети болуп саналат. Экономисттердин айтуусу боюнча Орто Азия менен Түштүк Азия мамлекеттеринин ортосундагы транзиттик байланыштар Афганстан аркылуу өнүгүүсү мүмкүн. Бул аймактагы өлкөлөр өздөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарын саясий мамилелери аркылуу турмушка ашырышат. Пакистан Орто Азия өлкөлөрүнө Кытай аркылуу чыгууга аракеттенет, мунун себеби Афганстан аркылуу Орто Азия өлкөлөрүнө транзиттик жол ачылганда, Индия жана Иран мамлекеттерине да соода жолу ачылат. Анткени бул соода жолу Орто Азияны Түштүк Азия менен байланыштырып, деңизге чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт. Эгер Афганстандын түндүк аймагындагы Хейратан, Ширханбандар жана Акина аркылуу Иранга транзиттик жол ачылса (2014-жылдын декабрь айында

Кытай, Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан жана Иран өкмөттөрү өкүлдөрү тарабынан темир жолу боюнча кол коюлган), бул жол деңиз мейкиндигине чыгууга эң кыска жол болуп эсептелет [130], ошондуктан транзиттик жолго кызыккан мамлекеттердин арасында Афганстандагы стабилдүүлүктү чыңдоо жана орнотуу чоң мааниге ээ болуп саналат.

Учурда Кыргызстан жана Иран мамлекеттери арасындагы экономикалык катнашууну жана транзиттик тейлөөнү уюштуруу жана өнүктүрүү жолдорун издеп келишүүдө. Региондогу өлкөлөрдүн темир жол каттамына байланышуусу, Улуу Жибек жолунун кайрадан жандануусу деңиз мейкиндигине чыгууга шарт түзөт, анткени бул кадам экономикалык жактан өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн демилгеси боюнча жакынкы убакта өз аймагында темир жол куруу процессин баштоого аракеттер болууда. Жогоруда аталган өлкөлөрдүн арасында темир жол куруу Кыргыз Республикасынын деңизге жолдоруна чыгуусуна жана товарларын дүйнөлүк соода-сатык жайларына экспорттоосуна жардам берет [81].

Мамлекеттердин өз ара мамилелери тармактар боюнча ар дайым бирдей боло бербейт. Кээ бир убактарда атаандашуу болсо, кээ бир убактарда кызматташуу болот. Ушул себептен улам регионалдык өлкөлөрдүн кызматташтыгын жана атаандаштыгын изилдөөгө жана анализ жүргүзүүгө муктаждык бар. Тышкы саясат жана экономикалык өсүү жаатындагы муктаждык, регионалдык өлкөлөрдүн бири-бирине жакындоого алып келет. Мисалга алсак, Индия, Пакистан жана Иран өлкөлөрү өздөрүнүн товарларынын рыногун Афганстан аркылуу Орто Азия өлкөлөрүнө сатып жана кара алтынга болгон муктаждыгын керектүү өлчөмдө канааттандыргысы келет. Бул өлкөлөрдүн бири-бирине болгон экономикалык көз карандылыгын жана өз муктаждыктарын камсыз кылуусун жокко чыгарууга мүмкүн эмес.

1998-жылга чейин Индиянын Орто Азия менен өз ара мамилесинде Пакистан “тоскоолдук бойдон калган”. Индия жана Пакистан мамлекеттери

Орто Азиядагы өлкөлөрүнө коңшу эмес, Орто Азия боюнча Дели менен Исламабаддын ортосундагы *“четтелген кичинекей оюн”* (avoidable small game) болгондугун айтууга болот [151, 139]. “Ава” кабар агенттигинин билдирүүсүндө: “Орто Азия, Иран жана Индия мамлекеттери өлкө башчыларынын Тегеранда өткөн “Бештондук кыймылынын” 16-отурумунда Чабахар портундагы соода-сатык, транзиттик жана инвестициялоо үчүн мекемелерди куруу жана кызматташтыкты өнүктүрүү жана кеңейтүү маселелери талкууга алынган. Бул үч өлкөнүн географиялык жайгашуусу үч тараптуу соода-сатык мамилелеринде эң маанилүү фактор болуп саналат.

2005-жылы Индия мамлекети Чабахар портунун өнүгүүсү үчүн Иран мамлекети менен кызматташууда. Индиялык кемелерди порттун аймагында токтотуу жана аларга өздөрүнүн товарларын жүктөө Афганстан жана Орто Азия мамлекеттеринин максаты болуп саналат. Чабахар порту Индиянын Орто Азия мамлекеттери менен болгон пайдалуу соодасына, аймакта жүк ташуусуна Иран жана Афганстан себеп болот. Иран, Индия жана Афганстан мамлекеттери 2003-жылы өздөрүнүн эң биринчи Чабахар портунун өнүгүүсү боюнча келишимге кол коюшкан. Бул тартипте Чабахар порту Кабул жана башка түндүк аймактар менен байланышат. Бүгүнкү күндө бул жолдор колдонууга даяр жана мындан тышкары Чабахар порту Индиянын эң негизги жүк ташуучу транзиттик борборуна айлануусу Афганстандын жана Орто Азия мамлекеттеринин негизги максаты болуп саналат жана ушул жолдорду ачуу зарыл. Анткени Чабахар порту аркылуу Орто Азия өлкөлөрү товарларын тайшый алат. Чабахар порту Индия Океанынын жылуу суу жана Оман булуңундагы эң маанилүү порту болуп эсептелет.

Орто Азия мамлекеттери өзүнүн территориясындагы аскердик базаларды НАТО биримдигине ижарага берип, НАТО бул базалар аркылуу аскердик жүктөрдү Афганстанга ташып атат. Буга карабастан, Иран Афганстан жана Индия мамлекеттери ар бири Америка менен ар кандай жана ар түрдүү мамилелерди түзүшүп, натыйжада өлкөлөрдүн географиялык жайгашуусу алардын экономикалык абалын бирдей

өзгөртүүдө. Тилекке каршы, Пакистан бул кызматташтыкка болгон максаттарга коркунуч келтирет. Пакистан жана Иран өлкөлөрүнүн демилгеси менен *Гуводор* жана *Чабахар* порттору атаандашып, Пакистан Кытайдын жардамы менен Иран, Индия менен Орто Азияга жетүү максатында кызматташтыкка көңүл буруууда. Тарыхта Ош шаары соода-сатык борбору болуп, Орто Азиянын Кытай менен Индияга коридору болуп эсептелген. Пакистандын тышкы саясатындагы эң негизги маселеси анын башкаларга да таасир эткен Индия менен болгон атаандаштыгынан улам келип чыгат. Пакистан Түштүк Азия өлкөлөрүнөн Иран аркылуу Борбордук Азияга чыгууну каалабайт. Ошондуктан Афганстан аркылуу Орто Азия өлкөлөрүнө ачылган жолду террорчулар колдоп, коркунуч пайда кылууга аракеттенет. Бүгүнкү күндө Өзбекстан менен Афганстандын ортосунда (Хайратан-Мазар Шариф) темир жол келишимине 2003-жылдын 8-декабрында Афганстан жана Өзбекстандын тышкы иштер министрлери кол коюшуп, бул долбоор 2012-жылы ишке ашкан [160, 24]. Бул жол Афганстан менен Орто Азия соода-сатык жана экономикалык мамилелерине өз таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле Афганстан Орто Азия мамлекеттеринин Түштүк Азия мамлекеттерине транзиттик байланышуу үчүн Иран мамлекетин Пакистанга альтернативдүү жол катары деңиз мейкиндигине чыгууга пайдаланса болот, анткени Пакистан Афганстанга кооптуу оорчулуктарды келтирүү менен тоскоол болууда.

Афганстан жаңы өкмөттүн түзүлүшү менен коопсуздук, транзиттик, жактан 14 жыл мурунку Афганстан эмес, бүгүнкү күндө 12 порт менен коңшу жана аймактык өлкөлөргө транзиттик жана бизнес жактан ачык. Кыргызстандын экономисттеринин айтымында: "Афганстан өлкөсү азыркы мүмкүнчүлүгү менен Орто Азия өлкөлөрүн кызматташтыкка чакырып жатат. Эгерде Афганстанда жол коопсуздугу жакшырса, биз Орто Азия мемлекеттеринин Афганстан аркылуу Түштүк Азия өлкөлөрүнө жана Ысык деңизге өткөрүүгө колдоо алат" [36]. Бирок, Афганстан коопсуздук жана

инфраструктура маселелерине кандай даражада жооп бере аларын толук билүү зарыл.

Дүйнөлүк банктын доклады боюнча инвестиция тартууда, Экономикалык өнөктөштүк уюмуна мүчө болгон өлкөлөрдөн кийинки баскычта Орто Азия мамлекеттери каралган. Жакынкы арада мунай (мунай) тармагына болгон инвестициянын жакшыртылган түрүн Орто Азия мамлекттеринин жана башка өлкөлөрдүн көңүл борборуна бурууга максат коюуда. Бирок аймакта болуп жаткан саясий атаандаштыктын себебинен улам, аймактын экономикалык биримдиги жабыр тартууда (Афганстан, Пакистан, Индия, Иран жана Сауд Арабиясы менен Борбордук Азия өлкөлөрү, Россия, Кытай чек ара маселесинде келишпестикте болууда). Коопсуздук жана инфраструктура маселелери келечекте Орто Азия менен Афганстандын карым-катнаштарына таасирин тийгизет. Келечекте Борбордук Азия менен Түндүк Азия мамлекеттеринин ортосундагы транзиттик долбоордун натыйжасы экономикалык мааниге ээ боло турган Афганстан, Орто Азия өлкөлөрү үчүн Кытайдан кем эмес деңгээлге жетет [117].

Орто Азия өлкөлөрү Афганстан аркылуу Иранга же Пакистанга чыкса, Россия менен Кытайга болгон муктаждык азыраак болор эле. Россия Федеративдүү өлкөсү Афганстан, Иран, Пакистандын Орто Азия мамлекеттери менен өз ара тарыхый, диний жана маданий окшоштуктарын жана аймактагы коопсуздук маселелерди эске алуу менен мындай көрүнүштү жактырбайт. Россия, Казакстан, Тажикстан жана Кыргызстан кирген Бажы биримдигинин экономикалык долбоору ишке кирди. Орто Азия мамлекеттеринин экономикалык жана соода кирешелери Россияга келип такалат деген божомолдор бар. Кытай “Шанхай кызматташтыгынын” алкагында, Азия мамлекеттеринин экономикалык ресурстарын жана Улуу Жибек жолунун пайдасын өз өлкөсүнүн пайдасына буруууну көздөйт.

Акырында баса белгилей кетсек, 2001-жылы Афганстанда согуш жана кагылышуулар токтоп, 14 жылдык аракет менен азыркы учурда өзүнүн

элине жана эл аралык коомго ишенич жаратып келет. Афган эли жалаң гана тынчтык жана стабилдүүлүк экономикалык жакырчылыктан чыгарат жана экономика кайрадан жанданат деп ишенишет. Афганстан коопсуздук, башкаруу жана экономикалык өнүгүү жаатында эл аралык коомчулук менен биргелешип иштегенде гана саясий-социалды ж.б. кыйынчылыктардан чыгары шексиз.

Афганстандын XXI кылымдагы тышкы саясаты: “Аймакташтыруу жана ааламдаштыруунун негизинде, 40 жыл мурункудай (ички согушсуз), тынчтыкта жүргүзүлүп келет. Эл аралык терроризм, баңги зат өндүрүү, уюшкан кылмыштуулук жана дүйнөнүн ар кайсы аймактарындагы террорчулук, ал тургай “Талибан доорундагы Афганстан” ж.б.у.с. көрүнүштөр коопсуздукту пайда кылып келген. Аймактагы өлкөлөрдүн тышкы саясаттары – бул чакырыктарга туруштук берүүсү зарыл. Жалпысынан айтканда, Орто Азия жана Афганстан Өкмөттөрү эл аралык коомчулуктун колдоосу менен өз ара биргелешкен (CASA-1000 долбоору сыяктуу) жогорку деңгээлдеги эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүп келишет. Бул демилгелер, жалпысынан алганда, электр кубаттуулугу жана инфраструктура маселелерине негизделген. Бирок Афганстандын келечектеги абалы карым-катнаштардын жогорку деңгээлде өсүп-өнүгүшүнө ишенбестиктин пайда болушунун себеби болуп калууда.

Афган Өкмөтү регионалдык уюмдар жана мамлекеттер менен өлкөнү өнүктүрүү максаттарына ишенет. XXI кылымда Улуу Жибек жолун кайрадан жандандыруу максатында региондо жайгашкан мамлекеттер менен геосаясий жана соода-экономикалык байланыштарды бекемдеп, эркин соода-сатык жүргүзүү боюнча региондун инфраструктурасын жакшыртуу өлкөлөрдүн бири-бири менен кызматташуусуна ыңгайлуу чөйрө түзөт жана дүйнө тынчтыгына өз салымын кошору талашсыз.

# III БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ ЖАНА АФГАН РЕСПУБЛИКАЛАРЫНЫН САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИНИН КЕЛЕЧЕГИ

## 3.1. Кыргыз жана Афган Республикаларынын кызматташтыгында эл аралык уюмдардын таасири жана региондогу коопсуздук маселеси

Афганстан 2001-жылдан кийин өлкөдө тынчтык орнотуу жана өнүгүү үчүн региондогу өлкөлөрдүн өз ара алакаларына муктаж болду. Афганстан геосаясий маанилүүлүгүн терең түшүнүү менен аймактагы, өзгөчө Кыргызстан Республикасы сыяктуу коңшу өлкөлөр менен алака жолун жүргүзүүнү каалады. Коңшу өлкөлөрдө болсо Афганстан тараптан боло турган коркунуч жана кооптонуу тууралуу маселерди алдын алуу иш-аракеттери жүргүзүлдү. Афганстан ар дайым регионго коопсуздук жаратып келген эл аралык терроризм, баңги зат өндүрүү жана мыйзамсыз аткезчиликке (контрабанда) каршы күрөшүү үчүн НАТО, БУУ, ШКУ, Жамааттык Коопсуздук Келишим Уюму (ЖККУ). сыяктуу эл аралык жана регионалдык уюмдар менен бекитилген макулдашууларга ылайык аракет кылып келет.

Орто Азия регионунда коопсуздук маселелерин жана Афганстандагы абалды талкуулоого багытталган эң маанилүү интеграциялык форумдар экиге бөлүнөт: ШКУ жана ЖККУ. Аталган эки уюмга акыркы убакта (2011 ж.) “Стамбул процесси” да кошулган. Бул уюмдардын эң негизги милдеттери коопсуздук көйгөйлөрүн чечүү жана аскердик-саясий жаатта кызматташуу болуп саналыт.

2002-жылдын 22-декабрында Афганстандын борбору Кабул шаарында коңшу мамлекеттердин өлкө башчылары коопсуздук, экономикалык жана соода-сатык тармактарында биргелешип иштешүүдө *«Жакшы кошуналык мамиле»* аттуу коопсуздук, экономикалык жана соода-сатык, экспорт жана капитал кошуу сымал тармактарда биргелешип иштешүү келишимине кол коюшкан. Азыркы учурда региондун көйгөйлөрүн чечүү үчүн бири-бири менен мурда келишпестикте болгон өлкөлөр да кызматташып жатышат. Ал эми өлкөлөрдүн бири-бири менен

болгон мамилелери бүткүл дүйнөлүк масштабда саясий абалдын жакшырышына жардам берет [137, 205].

Кыргызстан жана Афганстан стратегиялык жактан маанилүү транзиттик өлкөлөр болгондуктан, эл аралык жана регионалдык уюмдардын жана өлкөлөрдүн негизги багыты болуп эсептелет. Жалпы алганда, региондогу өлкөлөр ортосундагы улуттук кызыкчылык экономика, соода-сатык жана башка өлкөлөрдө жашоочу жарандарынын укугун коргоо болуп саналат. Кыргыз жана Афган Республикаларынын келечектеги саясий мамилелеринде эл аралык уюмдардын таасири зор экендиги анык.

2012-жылдын 7-августунда Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаев Афганстанды (ондогон жылдык согуштан кийин) кайра калыбына келтирүү боюнча кыргыз-афган эки тараптуу кызматташтыкты, өз ара жардам берүүнү кеңейтүү, натыйжалуу сунуштарды иштеп чыгуу, ар түрдүү министрликтер жана мекемелердин өкүлдөрү менен мамилени күчөтүү боюнча кызматташуунун керектигин белгилеген. Бул тууралуу 2012-жылдын 9-ноябрында эки өлкөнүн ортосунда мекемелер аралык кызматташуу боюнча жыйналыш өткөрүлгөн. Жыйынга Стамбул процесси алкагында эксперттик деңгээлде Кыргыз Республикасынын министрликтери жана бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү дагы катышкан [20]. Аталган эки өлкө ортосундагы өз ара мамилелердин калыптануусуна, келечектеги саясий мамилелерине да өзгөчө көңүл бурулган.

Либерал теориячылардын пикири боюнча эл аралык мекемелерде тышкы саясатты бирдиктүү (Integration) аракеттенүү максатында төмөнкүдөй 3 типтеги моделге көңүл буруш керек [143, 293]:

– кооптулуктун негизиндеги бирдиктүү модель;

– эки (же андан көп) тараптуу көз карандылыкты көрсөткөн бирдиктүү модель;

– социалдык фактын булагын көрсөткөн бирдиктүү модель.

Бул моделдерге таянсак, жалпы коркунуч түшүнүгү өлкөлөрдүн өз ара көз карандылык же тараптардын ортосундагы жалпы сезимден улам өз

ара кызматташуунун жана интеграциянын деңгээлин арттырууга мүмкүнчүлүк берет. XXI кылымда бүткүл дүйнөдө тынчсыздануу абалы күчөп [61, 119], эл аралык БУУ, ШКУ, ЭКУ, Стамбул процесси сыяктуу уюмдардын бирдиктүү саясат жүргүзүүсү пайдалуу. Кыргызстан жана Афганстан мамлекеттери өз ара мамилелерин расмий түрдө бекемделишинде эл аралык уюмдардын мааниси зор.

**Борбордук Азия өлкөлөрүнүн Экономикалык кызматташтык уюму (ЭКУ).** Экономикалык кызматташтык уюму 1985-жылы Иран**,** Түркия, Пакистан тарабынан экономикалык, техникалык жана маданий мамилелерди өнүктүрүү үчүн түзүлгөн. 1992-жылдан кийин Афганстан, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан жана Азербайжан Республикалары ЭКУга кошулуп, катышуучулардын саны 10го жеткен. Уюмдун максаты бул өлкөлөр арасында экономикалык, техникалык, маданий кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган. ЭКУ өлкөлөрүнүн географиялык, маданий, тарыхый жана диний көз караш жагынан окшоштуктары арбын. Бул регионалдык уюм азыркы учурда ири өнөр жай, мунай жана газ мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон, 330 миллиондон ашык калкы, 8.620.697 км чарчы аянты бар 10 өлкөнү [178] камтыйт. 2010-жылы Стамбул шаарында, ЭКУнун алкагында Кыргыз Республикасынын убактылуу экс-президенти Роза Отунбаева жана Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай жолугушуп, Афганстан менен энергетика тармагында кызматташтыкты өнүктүрүүгө даярдыктарын билдиришкен. Эки өлкөнүн жетекчилери Иран – Афганстан – Тажикстан – Кыргызстан – Кытай темир жол долбооруна байланыштуу маселелерди талкуулашкан. Алардын ою боюнча бул долбоордун иш жүзүнө ашырылуусу региондогу элдердин тынчтык жана бейпилдик маселеси жагынан маанилүү, ошондуктан анын аткарылышы үчүн активдүү катыша тургандыгын билдиришкен. Долбоорго 2014-жылдын 12-декабрь айында беш өлкөнүн өкүлдөрү тарабынан Душанбе шаарында расмий түрдө кол коюлган. Кыргызстан жана Афганстан өлкөлөрүнүн геостратегиялык жана

геоэкономикалык жайгашуусу, темир жол долбоору сыяктуу улуттук кызыкчылыктарды талкуулоо пайдалуу жыйынтык алып келет. Бул долбоордун ишке ашуусунда ЭКУ сыяктуу экономикалык негизде курулган регионалдык уюмдардын таасири өзгөчө мааниге ээ.

**«Азиянын жүрөгү» (Стамбул процесси).** 2010-жылдын 26-январь айында Стамбул процесси (“Азиянын Жүрөгү”) Түркиянын президенти Режеп Тайип Эрдогандын демилгеси менен Стамбул шаарында түзүлгөн. Өкмөт башчылары жана өкмөттүн бийик даражалуу мүчөлөрү дүйнөлүк жана региондук уюмдардын катышуусунда баары бир добуштан: “Афганстан – Азиянын жүрөгү, азыркы убакта жана келечекте дагы бөлүнбөстөн кала бермекчи”, – деген пикирин билдиришкен. Афганстан жана коңшу мамлекеттер байыркы тарыхы жана элдеринин окшош маданияты, ошондой эле тилдери дагы бири-бири менен терең байланышта болуп, элинин санынын көптүгү, терең маданияты, күчтүү экономикалык фактору болгондугу, ошондой эле Афганстандан Орто Азия өлкөлөрүнө сезип турган коркунучтар жана чакырыктар дагы Стамбул процессинини жалпы маселеси болуп саналат.

Бул процессте Афганстан, Азербайжан, Кытай, Индия, Иран, Казакстан, Кыргызстан, Пакистан, Орусия, Сауд Арабиясы, Тажикстан, Түркия, Түркмөнстан жана Бириккен Араб Эмираттары өңдүү Борбордук Азия, Жакынкы жана Ыраакы Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн тышкы иштер министрлери жогорку деңгээлде иш-аракеттерди жасашууда. Стамбул процесси Афганстандагы коопсуздук жана туруктуулук жаатындагы өз ара регионалдык кызматташтык маселелерине [159, 229;236;274] өзгөчө маани берет. Ошондой эле, процесстин алкагында Кыргыз Республикасы жалпы региондук маселелер боюнча жолугушууларды жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө активдүү катышууда. Бул болсо региондогу өлкөлөр тынчтык жана туруктуулук маселелеринде бирин-бири колдоорун, бир пикирде иш-аракет алып бара

тургандыгы региондогу коопсуздукту сактоодо пайдалуу жол болуп саналат.

Афганстандын азыркы президенти Мохаммад Ашраф Гани 2014-жылдын 31-октябрь айында КЭРнын борбору Пекинде болуп өткөн "Азиянын жүрөгү" Стамбул процесси аттуу саясий бирликтин мүчө өлкөлөрүнүн тышкы иштер министрлеринин 4-конференциясынын ачылыш аземинде сүйлөгөн сөзүндө: "Тынчтык биз үчүн эң маанилүү артыкчылык, биз саясий оппоненттерибизди, өзгөчө талибандарды афгандар менен диалогго кирүүгө чакырабыз, эл аралык өнөктөштөрүбүздү афгандардын тынчтык процесстерин колдоосун өтүнөбүз, Афганстан эл аралык коомчулуктан «кайыр-садага» сурабайт, афгандар өлкөнү куруу аракетинде гана колдоо көрсөтүүнү сурайт. Биз Афганстандан терроризм жана баңги зат трафигин башка өлкөлөргө каршы колдонууга жол бербейбиз жана коңшу өлкөлөрдөн бул өлкөнүн бир гана тынчтыкка жетүүсүнө чын дили менен жардам берүүнү өтүнөбүз," – деп билдирген. Афганстанда согуштун келип чыгышында жана 35 жылдан бери уланышында тышкы күчтөрдүн таасири болгондуктан, бүгүнкү күндө өлкөдө тынчтыкты орнотууда жалгыз гана афган калкы эмес, эл аралык коомчулуктун салымынын да болушу зарыл экендиги белгилүү. Ушул себептен улам, өзгөчө региондогу өлкөлөрдүн Афганстанга болгон ишенимин пайда кылуу максатында Стамбул процесси ишке киришкен. Бул процесстин түзүлүшүнөн бери Афганстанды колдоп, кайра куруу жааттарында Кыргыз Республикасынын дипломатиялык эмгеги таасирдүү ролду ойноп келет.

2014-жылдын 30-октябрында Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Э. Абдулдаев Кыргыз Республикасынын делегациясын жетектеп, Кытайдын Пекин шаарында Афганстан боюнча Стамбул процессине катышуучу-мамлекеттердин министрлер жыйынына катышкан. Кыргызстан Афганстан менен регионалдык 6 уюмга мүчө, ошондой эле Афганстан боюнча регионалдык жана эл аралык байланыш тобунда ишенимдүү өкүл катары катышып келет. Стамбул процессинин алкагында,

ишенимди бекемдөө боюнча иш-чараларга Кыргыз Республикасынын активдүү түрдө катышып келүүсү [4], мындан кийин дагы эки өлкөнүн саясий мамилелеринин өнүгүсүүнө өз таасирин тийгизет.

Стамбул процесси Афганстанга тынчтыкты орнотуу жана аймакта коопсуздукту жөнгө салуу жаатгарында канааттандыраарлык механизм болуп эсептелет. Ошондой эле Стамбул процессинде Афганстан негизги ролду ойнойт, аталган процесс Афганстанга жана процесске катышуучу мамлекеттердин ички жана тышкы саясий мамилелеринде өтө маанилүү болуп саналат, анткени бул өлкөлөр өздөрүнүн тышкы саясаттарында зомбулуксуз тынчтык жашоону эң негизги деп эсептешет.

**Шанхай Кызматташтык Уюмунун отурумунда Афганстандын конок (көзөмөлдөөчү) катары катышуусу.** Кыргыз Республикасы, алгач Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Орусия, Тажикстан [141,264] (Өзбекстан кийин 2001-жылы июнь айында) мүчө болгон “Шанхай бештиги” уюмунун негизинде түзүлгөн Шанхай Кызматташтык Уюмун (ШКУ) түзгөн мамлекеттеринин бири болуп эсептелет. 2001-жылдын 15-июнунда Шанхайда чогулган беш мамлекеттин лидерлери «Терроризм, сепаратизм жана радикалдык диний агымдарга каршы бирдиктүү күрөшүү» максатын негиз алып, Шанхай келишимине кол коюшкан. Уюмдун негизги максаты – саясий, соода-экономикалык, маданий-билим берүү жана башка тармактагы эффективдүү аймактык кызматташтыкты өнүктүрүү, ошондой эле аймактагы тынчтыкты, коопсуздукту жана стабилдүүлүктү колдоо болуп эсептелет.

2012-жылдан бери Монголия, Иран, Пакистан, Индия жана Афганстан өлкөлөрү байкоочу өлкөлөр катары кошулуп, ШКУнун отурумдарына катышып келет. Негизинен, бул уюмдун маанилүү маселелери Борбордук Азиядагы коопсуздук, өзгөчө, терроризм, экстремизм, сепаратизм, чек арада баңги заттын мыйзамсыз ташылуусу болуп саналат. 2013-жылы 13-сентябрда Афганстандын экс-президенти Хамид Карзай баштаган делегация Бишкек шаарында өткөрүлгөн ШКУнун

өлкө башчыларынын 13-отурумуна катышкан. Отурумдагы сөзүндө: “Биз Афганстандын Шанхай Кызматташтык Уюму менен мамилелерин мындан ары да чыңдоого милдеттүүбүз, ошондой эле тынчтыкты, коопсуздукту жана берекелүү турмушту камсыз кылуу үчүн бул уюмдун бардык катышуучу өлкөлөрү менен конструктивдүү кызматташтыкты башташыбыз керек. Аймакта терроризм жана экстремизм менен күрөш биздин жалпы жоопкерчилигибиз экенин түшүнүшүбүз керек” [134],– деп ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен мамилелерди күчөтүүгө чакырган. Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаев саммитке чейин Афганстан Ислам Республикасынын президенти Хамид Карзай менен өзгөчө жолугушуусунда аймактык коопсуздук жана Афганстан менен кызматташтык маселелерин талкуулашкан. Афганстан менен ар тараптуу байланыштарды кеңейтүү жана кара жолдор аймактагы өлкөлөрдү бириктүүрүдө жана соода-экономикалык байланыштарды кеңейтүүдө мааниси чоң экендигин белгиленген.

Афганстан ички коопсуздук жана стабилдүүлүк жактан аксап келет. Бул эң чоң деп аталган терроризм жана радикалдык диний агымдарга каршы күрөшүү маселесин Пакистандын катышуусуз чечүү эч мүмкүн эмес. Ал эми бул тармакта Пакистан, Иран жана Афганстан өлкөлөрү ШКУнун толук мүчөсү болмоюнча, бул өлкөлөр өз ара келишим түзүп, маселени чечүүсү боюнча сөз айтыш дагы кыйын. Азыркы убакта ШКУнун иштерин байкоочу өлкөлөр катары Индия, Иран, Пакистан, Монголия, Афганстан өлкөлөрү кирет, Иран аталган регионалдык уюмга кирүү үчүн өз арызын берген. Келечекте жогоруда айтылган өлкөлөр ШКУ аркылуу өз ара маселелерин чечүүгө жол ачылат деген ишеним бар. Бүгүнкү күндө Афганстанда тынчтыкты орнотуу боюнча талибандар менен түздөн-түз сүйлөшүү мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатында Кытай, Афганстан, АКШ жана Пакистан өлкөлөрү өз ара төрт тараптуу дипломатиялык диалог түзүүдө.

**7-таблица. Орто Азия өлкөлөрүнүн эл аралык уюмдарда катышуусу.**

| | Кыргыз-стан | Казак-стан | Түркия | Түркмөн-стан | Өзбек-стан | Афган-стан | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| КМШ | √ | √ | √ | √ | √ | б | Башка регионалдык уюмдарга караганда ролу азыраак, бирок кызматташкан өлкөлөр жана анын ичинде АИР менен өнүктүрүүгө багытталган аянтча. |
| ЖККУ | √ | √ | √ | | * | б | Борбордук Азиядагы өзгөчөлүгү – ӨРнын уюмдан чыгып кетиши, жамааттык күчтөрдүн тез чара көрүү бөлүмүнүн күч алуусу (Кант авиабазасын кошо эсептегенде). Аталган пункттар АИР менен чектешкен мамлекет мүчөлөрүнө коопсуздук маселелерин алдын алууда чоң мааниге ээ. |
| ШКУ | √ | √ | √ | | √ | б | Борбордук Азиядагы ар тараптуу кызматташууга Кытай мамлекети кошулган жалгыз уюм, анткени ал АИР менен карым-катнаштарды өнүктүрүү үчүн маанилүү деп эсептелет. |
| ЕврАзЭС | √ | √ | √ | | * | | Бажы биримдигинин жана Евразиялык союздун түзүлүшүн эске алуу менен бирге, аталган уюмду 2015-жылы таратуу пландалган. |
| ЭКУ | √ | √ | √ | √ | √ | √ | Салыштырмалуу чакан уюм, ал уюмга АИРнын эң маанилүү Пакистан жана Иран өлкөлөрү жана ошондой эле бүткүл Борбордук Азия мамлекеттери кирет. АИР менен болгон регионалдык кызматташуу аянтчасы катары саналат. |
| ББ | | √ | | | | | Бул союз уюмдун мүчөлөрү менен жакындоогу жана калган башка өлкөлөрдөн анын ичинде Афганстандан алыстоого багытталган. |
| ИКУ | √ | √ | √ | √ | √ | √ | Уюмдун иштөө тармактары анын чоң көлөмүнө байланыштуу ар тараптуу. Россия Федерациясы аталган уюмда байкоочу катары саналып, ошол эле учурда Индия мамлекетине (АИРнын перспективдүү өнөктөшү катары саналганы менен) аталган статус ыйгарылган эместиги менен кызыктуу болуп саналат. |

**√ – мүчө, *– мүчөлүктөн чыккан, б – байкоочу статусу бар.**

Таблицада Орто Азия мамлекеттеринин эл аралык уюмдар алкагында өз ара кызматташтык деңээлин жана Афганистан Ислам республикасынын маанисин билдирип, регионда коопсцздук маселелери боюнча да өз ара иш аракеттерди көрсөтөт. 2001-жылдан тартып Афганистан өзгөчө Орто Азия мамлекеттери менен кызматташтыгын бекемдеп, өлкөнүндө тынчтыкты сактоо жана жөөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасы менен саясий мамилелерин күчөтүп келет.

**Аймактагы коопсуздук маселелери.** СССРдин кыйрашы менен бирге, эл аралык коопсуздук системасы дүйнөнү эки тараптуу, «көп

уюлдуу» (многополярный) системага айландырды. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында экономиканын жана саясаттын глобалдашуусу мүнөздүү өзгөчөлүк, улуттар аралык (транснациональный), башкача айтканда, дүйнөлүк коркунучтарды пайда кылып, дүйнөлүк коопсуздук системасын түзүү боюнча чечүүчү таасирин тийгизүүдө [158,185]. Ошондуктан Орто Азияда жана дүйнөнүн ар кайсы региондорундагы эл аралык терроризмге массалык чабуул жасоого алып келди. Азыркы учурда Орто Азия өлкөлөрүндө Афганстан жана Пакистанда башталган терроризм коркунучун сезүү пайда болгон.

Орто Азияга “Таза Исламды калыбына келтирүү” урааны менен “Хизбут-Тахрир” жана Түркстан Ислам партиясынын (ТИП) жактоочулары региондо радикалдуу идеяларды жайылтууда. Бул Орто Азия өлкөлөрүнүн ички саясий жагдайына терс таасирин тийгизүүдө. Өзбекстан ислам кыймылы, Белужи сепаратисттеринин (Жундулла), Иран жана Пакистандын (Белужи биримдиги), Белужистан Боштондукка чыгаруучу армиясы, Антиирандык группалардын (Можахед Хальк, Федажан Хальк уюмдары), Орусияда айрым оппозициячылар группаларынын (чечендер), Кытайда (уйгурлар), Индиянын Кашмиринде жана башка өлкөлөрдүн Афганстандын территориясындагы куралдуу оппозицияга даярдоо пункттары иштөөнү улантууда [45, 113]. “Хизбут-Тахрир” жана Түркстан Ислам партиясы (мурунку Өзбекстан ислам кыймылы) бир нече ирет Кыргызстандагы жана Өзбекстандагы жагдайды дестабилизациялоого аракет кылып көрүшкөн. Бул эки уюмдун стратегиялык максаты – Орто Азиядагы жарандык түзүлүштү кулатуу жана Фергана өрөөнүндө халифаттын мүнөзүндөгү теократиялык мамлекетти куруу. Афганстандагы АКШнын аскердик аракеттери Орто Азиядагы мусулман чөйрөлөрүнүн тескери реакциясын пайда кылууда. Афганстандагы антитеррорчул операциянын натыйжасы начар болуп, региондогу “Хизбут-Тахрир” экстремисттер группасы сыяктуу жашырын уюмду жок кыла албагандыгы, аларга Өзбекстандагы Ислам кыймылынын радикалдары менен жакындоого мүмкүнчүлүк түзүүдө

Эгер динди элге Усама Бен Ладен сыяктуу радикалдык мааниде түшүндүрсө, анда дин терроризмдин ортомчулугуна айланат. Бен Ладен адамдарга исламды жихат тарабынан түшүндүрүп, динди терроризмге кызмат кылдырып койду. Динди мындай түшүндүрүү адамдарга да, диндин өзүнө дагы зыян келтирет [68, 71]. Орто Азияда стабилдүү абал сакталып жатканына карабастан, регионалдык коопсуздуктун чакырыктары жана коркунучтары азыркы убакытка чейин уланууда. Афганстан менен коңшу болуу кооптуу болууда, ал жердеги жагдай оңолбостон, мындан ары да начарлоо тенденциясы бар, ошондой эле өнүгүү кыйынчылыктары бул өлкөнүн экстремисттердин, террорчулардын жана апийим өндүрүп сатуучулардын эркинде болгондугунан улам келип чыгууда, анткени алар Афганстанды Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) жана Европа өлкөлөрүнө апийим ташуучу транзиттик коридорго айландырышкан.

АКШнын аскерлеринин Афганстанга жайгашуусу менен Талибан кыймылынын бийликтен кулашына он беш жыл болсо да, өлкөдөгү абал оңолгон жок. Тескерисинче, кара куурай соодасынын өнүгүүсүнө себеп болууда. Афганстанда өндүрүлгөн баңги заттын өлкөгө эч кандай экономикалык пайдасы болбостон, тескерисинче, элдин ден соолугуна жана коңшу өлкөлөргө кооптуу кырдаал пайда кылууда. Ошондуктан бул маселеге бир гана Афганстан эмес [151, 43], бүткүл дүйнө көңүл бурса жакшы болор эле. Орто Азиянын аткезчиликке каршы күрөшүү уюмунун башчысы Александр Злеченконун айтуусу боюнча: “Героинд аткезчиликтин, терроризмдин жана сепаратизмдин көбөйүшүнүн негизги себеби болуп саналат, натыйжада улуттук коопсуздукка абдан терс таасири бар”.

Афганстандагы өндүрүлгөн баңги зат бүткүл дүйнөгө коопсуздук пайда кылып, жалгыз гана афган коомуна терс таасирин тийгизбестен, коңшу өлкөлөргө да саясий жана экономикалык туруксуздукка алып келип, террорчул топторду каржылоосу жагынан да өзгөчө кооптонууларды пайда

кылат. Бул дагы жалгыз гана аймактык маселе катары каралбастан, эл аралык деңгээлде колго алынып, мамлекеттердин бирдиктүү саясат жүргүзүүлөрүн талап кылат. Терроризм жана коркунуч алып келүүчү күчтөрдүн максаты Ислам өлкөлөрүндө башаламандыкты пайда кылуу жана өзгөчө Орто Азия өлкөрүнүн байлыктарын ээлөө болгондуктан, дүйнөлүк маселеге айланды.

Афганстандын геосаясий маанилүүлүгү Орто Азиянын стабилдүүлүгүнө, өнүгүүсүнө жана ошондой эле бул өлкөлрдүн келечектегине коопсуздук жактан өтө маанилүү болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө регионалдык кызматташуудагы саясаты эң негизинен, Афганстанды кайра калыбына келтирүү процесси.

Орто Азия мамлекеттеринин менен Афганстандын регионалдык кызматташуусу, коопсуздукту сактоо жана азыркы абалын жакшыртуу негиз болуп келет. Акыркы күндөрдө Афганстанда согуш стратегиясы түштүктөн түндүккө багыт алып келет. Бул болсо регионалдык жана эки тараптык (Кыргызстан менен Афганстан ортосунда) кызматташуунун канчалык зарылдыгын белгилейт.

Бүгүнкү күндө НАТОнун (Түндүк атлантикалык келишим уюмунун) аскерлеринин 2014 жылы Афганстандан чыгып кетүүсү өлкөнүн өнүгүүсүнө гана эмес, жалпы регионго жана Кыргызстанга өз таасирин тийгизмекчи. Кандай таасир экендигин аны убакыт көргөзөт. Бирок, Кыргызстан азыркы учурда Афганстан аркылуу келе турган коопту жана чакырыктарга каршы эки жана көп тараптуу деңгээлде алдын ала сактоочу ар кандай чараларды колдонуусу абзел. Кыргызстандын Афганстан Ислам Республикасы менен болгон саясий мамилесиндеги кызыкчылыктары, эки тараптуу жана ошондой эле көп тараптуу жаатта өтө маанилүү болгондуктан төмөнкү аныктамалар каралды:

a. 2014 жылдан кийинки окуялардын өнүгүшүндө болгон эң негизги кырдаал бул НАТО аскерлеринин чыгуусу гана эмес, балким

Афганстандын өркүндөөсүндөгү саясий траектория жана өлкөнүн келечеги болуп эсептелет;

b. Афганстандын өркүндөөсүнө ар кандай салым кошкон өлкөлөрдүн бири бирине болгон көз карандылыгы күч алат. Мисалы, Кытай инвестициялык салым кошуу менен бирге башка өлкөлөрдүн көрсөтүлгөн коопсуздук чараларына көз каранды болоору анык;

c. ЖККУ жана ШКУ сыяктуу региондук актерлардын жана башка аймактык уюмдардын ролу жогорулайт.

2015-жылдын 15-сентябрында Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаев Тажикстанга болгон расмий сапарында: “Афганстанда террористтердин иш-аракеттеринин күчөшү, Орто Азия өлкөлөрүнө чоң олуттуу коркунуч болуп саналат. Террористтик жана экстремисттик кыймылдар ар тараптуу жана бирдиктүү аракеттерин кылып жатышат. “Ислам мамлекети” деп аталган террористтик топтун Афганстанга жүргүзүп жаткан иш-аракеттери, чындыгында Орто Азия мамлекеттери үчүн чоң коркунуч туудуруп жатат” [87].

Жамааттык Коопсуздук Келишим Уюму (ЖККУ) Афганстандагы абалды изилдеп чыккандан кийин бул өлкө менен терең кызматташтыкты бекемдөөгө чечим кабыл алынган. ЖККУнун баш катчысы Николай Бордюжанын айтымында: “Афганстандагы болуп жаткан кооптуу абал региондогу өлкөлөр учүн дагы кооптуу болуп саналат, ошондуктан бул өлкөгө коопсуздук тармактарында жардам берилиши региондук чоң уюмдардын иш-аракеттери болуп келет” [96].

2002-жылдын 7-октябрында Кишинев шаарында ЖККУнун Уставына жана ЖККУнун укуктук статусу жөнүндө Макулдашууга кол коюлган, буларга ылайык, Уюмдун негизги максаттары болуп тынчтыкты, эл аралык жана аймактык коопсуздукту жана стабилдүүлүктү бекемдөө, уюмга мүчө-мамлекеттердин көз карандысыздыгын, аймактык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн жамааттык негизде коргоо, мында буларга жетишүүдө уюмга мүчө-мамлекеттер саясий каражаттарга артыкчылык берүү [110]

болуп саналат. ЖККУ алкагында жамааттык коопсуздук системасын калыптандыруу Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына жооп берет. Кыргыз Республикасы Уюмдун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары боюнча кызматташууну ырааттуу түрдө кеңейтүү жана аскердик-саясий түзүмүн, жалпысынан ЖККУнун мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү ниетинде. Кыргыз Республикасы аймактык коопсуздуктун, аскердик-экономикалык, илимий-техникалык жана өндүрүш чөйрөлөрүндө, коопсуздуктун чакырыктарына жана коркунучтарына каршы күрөштө ар ар тараптуу кызматташуунун, тышкы саясий координациялоодо, компетенттүү органдарды адистештирүү боюнча керектүү кадрларды даярдоонун механизми катары Уюмдун потенциалын бекемдөөгө кызыкдар.

Дүйнөдө эл аралык терроризм жана зкстремизмдин масштабы күч алууда. Ислам Мамлекети деген жаңы коопсуздук коркунучу пайда болду, бул квази-мамлекет Ирак жана Сириянын кайсы бир аймакт арында Халифат орнотуп, азыр кеңейтүү аракетинде. Ошондой эле Орто Азия өлкөлөрүнө коңшу Афганстан территориясына да көз артып жаткандыгы да белгилүү. Улуу Жибек жолундагы өлкөлөрдүн баары эле терроризм маселесине ар кайсы деңгээлде дуушар болуп, тилекке каршы Орто Азия мамлекеттеринин жарандары Сирияда согушка катышып жатканы жана ошондой эле Сириядан Афганстанга келиши бир коркунуч жаратып келет.

Терроризм - дүйнөлүк масштабдагы коркунучтуу феномен. Жалпы мамлекеттерге, аймактарга коркунуч көрсөткөн глобалдуу маселе болгондуктан, жооп кайтарууда биргелешип аракет көрүү зарыл. Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш, Түштүк Азия, Орто Азия, Түштүк-Чыгыш Азия, Азия-Тынч океан аймагынын жана Европа өлкөлөрүнүн терроризмге карата күрөөшүүдө кызматташтык аркылуу эффективдүү механизмдерди, форматтарды издеп табуу жолуна тез арада түшүш керектиги ачык-айкын болуп турат.

Өнүгүүгө коопсуздук шарт болуп берет. Жибек жолундагы

өлкөлөрдүн өнүгүүсү ал өлкөлөрдүн, аймактардын коопсуздугун талая кылат. Теория жактан карасак, мамлекеттин коопсуздугун - улуттук коопсуздук (national security) деп түшүнөбүз. Аймактын коопсуздукту аймактык коопсуздук (regional security) деп атап келе жатабыз. Аймактардын коопсуздугу болсо эл аралык же дүйнөлүк деңгээлдеги коопсуздук (international security) деп көп учурда жалпылап эле атап, колдонобуз. Терроризмге каршы күрөшүдө трансграницалык мүнөздөгү механизмдер керек. Бирок азыркы учурда андай механизм жок жана жакынкы арада андай механизмдин пайда болушу күмөн. Мындай жагдайдын себептери бир канча:

♦ ири мамлекеттер арасындагы карама-каршылыктар кийинки учурда күч алууда;

♦ терроризмди кээ бир мамлекеттер тышкы саясаттын инструменти катары колдонуусу.

Афганстанда коом менен бийликтин ортосундагы мамилелер бир топ татаал, жалпы социалдык жана экономикалык абал оор боюнча калууда. Мунун себептери:

♦ коомдук башкаруунун сапатсыздыгы жана бөлүнгөндүгү;

♦ динге негизделбеген жана диний билим берүүнүн деңгээлинин төмөндүгү;

♦ коррупция жана жардылык;

♦ жарандык улут куруу процессинин аяктабай эле, көптөгөн оорчулуктарга дуушар болушу .

Жогоруда көрсөтүлгөн маселелер ички чөйрөдө болгон саясат тышкы саясат менен тыкыс карым катнашта болуп, тышкы дүйнө менен кызматташтыкты эң биринчиден өнүгүү максатына багытташ керектигин гана тастыктап турат. Ошондуктан биз “Өнүгүү үчүн коопсуздук” деген формула гана эмес, “Коопсуздук үчүн өнүгүү” деген формулага басым кылсак эң туура болот эле.

Терроризм, кыскача айтканда, бул террор аркылуу саясий

максаттарга жетүү болуп саналат. Терроризм - бул жалгыз эле коркунуч туудуруп келген маселе эмес. Терроризмдин бангизат, адам жана куралдарды сатып соода кылуу, уюштурулган криминал топтордун иш-аракеттери менен түздөн-түз байланышы бар. Ошондуктан бул балээлер менен күрөшүү абдан татаал.

Терроризм чоң саясат менен даты тыкыз байланышы бар. Ошол үчүн расмий дипломатия аркылуу өнүккөн мамлекеттер менен, БУУнун алкагында кызматташтыкты илгерилетүү керек. Өнүгүү долбоорлорун ишке ашырып, ири донор мамлекеттер болобу, аймактык уюмдар болобу, абдан ийкемдүү, бирок, натыйжалуу иш алпарыш керек.

Ислам радикализиминин жана терроризмдин жайылышы, аймактык статускво жана аймактык күч баланстар жана түзүлүштөр өзгөрүшү керектигин анык көрсөтүп турат. Эң оптималдуу вариант катары ШКУнун алкагында контртерроризм күрөшүн алпаруу. Анткени, ШКУга Индия жана Пакистан сыяктуу өлкөлөр жаңы мүчө катары алынса, диалог-партнер жана байкоочу мамлекеттер менен иш алпарып, ШКУнун алкагында жаңы регионалдык коопсуздук системасын курса таасирдүү боло алат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан мүмкүн болгон коркунучтарды кайтаруу максатында Россия, Кытай, ЖККУ жана ШКУ аркылуу керектүү плацндармды даярдоосу, чек-ара коргоону күчөтүүсү, курал күчтөрүн куралдандыруусу ж. б. у. с. иш-чараларды өткөрүүсү абзел. Бирок, 2014 жылы НАТО аскерлеринин Афганстандан чыгып кетиши жана бүгүнкү күндө өлкөдө коопсуздук аблдын начарлыгы, регионалда коркунуч гана алып келбестен, балким Афганстан менен чектешкен Орто Азия мамлекеттерин жана анын ичинде Кыргызстандын өз ара кызыкчылыктарын канааттандырууда көптөгөн жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн калыптанышына себепкер болмокчу. Афганстандын 2014 жылдын кийин өнүгүүсүндөгү эң негизги учур бул НАТО аскер күчтөрүнүн Афганстандан чыгып кетүүсү гана эмес, балким өлкөнүн саясий өнүгүү

траекториясы болуп саналат. Бул көрүнүш бүткүл регионго өз таасирин тийгизет. Афганстандан НАТО аскер күчтөрүнүн чыгып кетүүсүнөн улам регионалдык ШКУ, ЖККУ жана башка регионалдык уюмдардын Афганстандагы жөнгө салуу процессинде ар түрдүү ролдору күчөтүлүүсү зарыл.

Афганстан, эл аралык аренада өзгөчө Түштүк Азия менен Орто Азия өлкөлөрүнүн ортосунда стратегиялык көпүрө өлкө болуп эсептелет. Ошондуктан күчтүү өлкөлөр өз кызыкчылыктарына жетүү максатында ролун ойноп, ал турсун тероррчул күчтөрдү колдоп-кубаттап, коркунуч пайда кылууда. Афганстанда жана ошондой эле региондо коопсуздукту сактоо үчүн өлкөлөрдүн терорризм жана аткезчиликке каршы бирге күрөшүүлөрү зарыл. Афганстандагы согушка барган Америкалык аскердин ою боюнча: “Дүйнөлүк терорризмге каршы күрөшүү жалгыз Афганстан ичинде гана эмес, Вашингтондо, Варшавада, Берлинде дагы толук эрк менен чындап башталышы керек” [139, 243-245], – дегени Афганстанда 2001-жылдан бери тышкы күчтөр өз кызыкчылыктарынын аркасында болгондугу, терроризм жана аткезчиликке каршы күрөшүү ниеттери болбогонун билдирет. Афганстандын Тышкы иштер министрлигинин стратегиялык изилдөөлөр бөлүмүнүн башчысы, доктор Фаромарз Таманнанын айтуусу боюнча: “Региондо жана Афганстанда терроризмди колдоо, коркунуч пайда кылуу Пакистандын тышкы саясатынын негизи болуп саналат.” Ал эми тескерисинче, өткөн 15 жыл бою Афганстандын тышкы саясатында, өлкөдө тынчтыкты орнотуу, терроризмге каршы күрөшүү жана коопсуздукту сактоо Афган калкынын үмүтү болуп келет [179]. Пакистандын тышкы саясатында терроризмге жардам көрсөтүү токтомоюнча, региондо коопсуздукту орнотуу жана Афганстанда тынчтык маселесин жөнгө салуу кыйын. Себеби Пакистан өлкөсү 1947-жылы көз карандысыздыгын алгандан бери региондо терорризмди диний фактор катары колдоп, региондо батыш өлкөлөрүнүн кызыкчылыктарын ишке ашырып келет. Мисалы, СССРдин аскерлери

Афганстанда болгон учурда аларга каршы мужахиттерди колдоду, Талибан жана Ал-Каида кыймылдарын бүгүнкү күнгө чейин колдоп келет. Келечекте дагы башка бир кыймылды колдобостугунда кепилдик жок.

Афганстан геосаясий жайгашуу жаатында оор абалда турат, бул бир гана аспект болуп саналат. экинчи аспект, бүгүнкү күндө Афганстанда терроризм аттуу согуштун жүрүшү. Бул учурда Афганстандын байыркы турмушун, тарыхый тажрыйбасын жана бүгүнкү гео-саясий жайгашуусун, ошондой эле кризистик абалын эске алып, бул өлкө өнүгүү үчүн өлкөлөр менен чыныгы жана акылга негизделген балансты жана акылга сыярдык тышкы саясатты түзө алат деген терең ишеничте, жана сезгичтиктин бардык баскычтарын эсептөө жаатында рационалдуу саясатты иштеп чыгып, коңшу, регионалдык жана Батыш дүйнөсү менен болгон мамиле орнотуусу жана ушуну менен бирге Афганстандын Орто Азия өлкөлөрү менен болгон карым-катнаштарды жандандыруусу анын тагдырын белгилейт.

2014-жылдан баштап, чет элдик күчтөрдүн чыгуусу менен бирге Афганстан трансрегионалдык мамилелерди сактоодо, аймактык өлкөлөр менен биргелешип тынчтыкта жашоого көбүрөөк муктаж. Бирок, орто мөөнөтүү перспективада жана Афганстандын коопсуздугун жана стабилдүүлүгүн тышкы коркунучтарга карата сактай ала турган трансрегионалдык коопсуздук жана саясий чатырдын жоктугунан улам, Афганстан аймак ортосундагы стратегиялык катнаштарга өтө маани берүүдө [91]. Тышкы саясаттын саламаттыгы, ички саясаттын саламаттыгына муктаж. Өлкөнүн саясий түзүлүштөрү, алардын ичинде саясат, коопсуздук жана экономикалык жааттары, закон жана тартип үстөмдүгүнүн чегинде иш алып баруулары зарыл. Афганстандын тышкы саясатындагы узун убактылуу перспективадагы негизги милдети, бул регионалдык жана трансрегионалдык мамилелеринин балансын сактап туруу, чынында, бул милдет жогорку интеллектуалдуу потенциалга муктаж.

Афганстандын тышкы саясатынын алгачкы тегерегиндеги өлкөлөр, бул регионалдык жана “Азия жүрөгү” аймагынын өлкөлөрү (Пакистан, Таджикистан, Иран, Узбекистан, Туркменистан, Азербайджан, Индия, Сауд Аравия, Бириккен Араб Эмираттары, Турция, Кыргызстан, Казахстан, Россия жана Кытай) болуп саналат. Эл аралык мамилелердин түшүнүгү жана өлкөнүн соода-сатык тармактарын изилдөө маселеси, эл аралык чөйрөдөгү саясий жана коопсуздук мамилелерде өлкөнүн драматикалык тагдырына таасирин тийгизет.

Афган эли тарыхый маданияттын ээси болуп саналат, тилекке каршы, жакын 30 жылда өлкөдө уланып келетурган ички согуш, Афганстандын атын жана маңызын эл аралык коомго сырт тараптан кийлигишүүлөр болгонун көргөздү. Бүгүнкү күндөгү афган эли согуштан тажаган жана өз өлкөсүндөгү тынчтык жана стабилдуулукту каалайт. Азыркы мезгилде, Афганстан эл аралык коомдо өз ордун тапты жана бул өлкөнүн желеги бүткүл дүйнө бою желбиреп турат.

Афганстан акыркы 14 жыл бою өлкөгө тынчтыкты орнотуу жана коопсуздукту сактоо максатында, региондогу жана дүйнө өлкөлөрү менен (өзгөчө таасирге ээ өлкөлөр), Пакистандын террористтерди колдоосунан баш тартуусу тууралуу иш-чараларды өткөрүп келет. Бирок тилекке каршы, азыркы күнгө чейин иш-чаралар максатына жеткен жок [12]. Афганстан ар дайым Пакистан менен терроризмге каршы күрөшүү тармагында натыйжалуу кызматташууну каалайт.

Орусиянын көз карашы боюнча АКШ Афганстандагы согуштун болуусун жана постсоветтик Орто Азияны өзүнүн геосаясий максаттары үчүн атайын колдонууда. Афганстандагы аскердик операциялар – бул региондогу согуш болуп жаткандыгынын шылтоосу гана. 15 жылдык аскердик операциялардын эң башкы натыйжасы: Афганстандан кошуна өлкөлөргө болгон коркунучтардын бир нече эсе өсүшү. Орто Азия аймагында өлкөлөрдүн тышкы чек араларын коргоо максатында Россиянын төрт аскердик базасы бар. Алардын бири Кыргызстандын

Кант шаарындагы Россиянын куралдуу күчтөрү жайгаштырылган аба базасы Афганстандын ички жагдайына байланыштуу түзүлгөн.

Афганстан менен Пакистанда террордук топторго каршы аскердик күч колдонулбаса, алар КМШ өлкөлөрүнө жана Кытайга багытын өзгөртүүсү толук мүмкүн. Афганстанда саясий туруксуз абал жана айыл башкармалыктарынын алсыздыгы радикалдык элементтердин Орто Азия өлкөлөрүнө багыт алуусуна мүмкүнчүлүк түзөт.

Афганстандын өлкө ичиндеги абалына көптөгөн мамлекеттер ар кандай таасирлерин тийгизип келишет. Афганстан өз учурунда Кытай жана АКШ үчүн регионалдык коопсуздук маселелерди эң ылайыктуу аянтча катары саналат. Анткени, башка аймактарда эки өлкөнүн кызыкчылыктары бири-бирине дал келбеши толук мүмкүн. Бүгүнкү күндө эң негизги маселе бул азыркы Афганстан өкмөтү жана талибдер ортосунда келишим түзүү болуп саналат. Бирок, аталган жааттагы талибдер менен келишим түзүү программалары эч кандай перспективасы жоктой көрүнөт. Афганстандын келечеги тууралуу ар кандай пикирлер ортого чыгып, Талибан жана Ал-кайда сыяктуу радикалдуу топтор Афган өкмөтү менен согушуп өлкөдө коопту жаратып келүүдө. Афганстан өзүнүн куралдуу күчтөрү аркылуу кандай деңгээлде талибдерге каршылык көрсөтүүсү бүгүнкү күндө белгисиз калууда. Айрым шаарларды (Тажикстанга чек ара болгон Кундуз шаары) жана аларга жакын жайгашкан территорияларды басып алуулары да Орто Азия өлкөлөрүнө өзгөчө коопсуздук маселе болуп келет. Афганстан Армиясынын таасирдүүлүгү түздөн-түз Орто Азия жана аймактык саясий күчтөрүнө көз каранды.

XXI кылымда терроризм мындан ары маданияттар арасында согушка алып келет же ошондой согуштун кабарын берет [142,625]. Баарыбызга белгилүү болгондой, Ислам мамлекети, Талибандар, Ал-Каида же алар сыяктуу группалар басып алган өлкөлөрдүн тынч турмушун, маданиятын, каада-салтын, дин жокко чыгарып келүүдө. Өзгөчө Сирия, Ирак жана Афганстан өлкөлөрүнө назар салсак, бул

өлкөлөрдүн байыркы тарыхий-маданияты жана тынч жашоосу бүгүнкү күндө кыйроого учураганына дүйнө коомчулугу күбө. XXI кылымда терроризм башкача мүнөзгө ээ болду. Мурда террорчулук бир өлкөдөн башка бир өлкөгө же кандайдыр бир максатка жетүү болсо, бүгүнкү күндө террорчулук коомдун өзүнүн ичинен чыгарылып [142, 634], ар бир өлкөнүн өзүнүн элинен террордук кыймылды түзүү иш-аракеттери жүргүзүлүүдө. Мисалга алсак, Афганстанда 2001-жылга чейинки талибандар менен бүгүнкү талибандардын этностук жактан салыштырсак, көптөгөн айырмачылыктарды байкоого болот. 1994-жылы чыгып, 2001-жылга чейин Афганстанда бийликте болгон талибандардын курамында пакистандыктар, арабдар, чечендер ж.б. улуттардын өкүлдөрү болгон. Алар аскердик жактан канчалык күчтүү болсо да, кээ бир убакыттарда афган күчтөрү аларды жеңип келген жана алар согушта эки тарап болуп күрөшүшкөн. Ал эми бүгүнкү күндө Афганстандын ар бир жеринде жергиликтүү элден талибан кыймылына кошулуп, Афган күчтөрү менен согушуп келет. Алардын кайсынысы талиб, кайсынысы талиб эмес, афган элинен болгондугун ажыратып билүү дагы оңой эмес. Ошондуктан талибан кыймылынын бийликтен четтетилгени 15 жыл болсо да, күн өткөн сайын алардын саны көбөйүп, аларга каршы күрөшүү пайдасыз болууда.

Американын кол астындагы НАТО күчтөрү 2001-жылдан тарта Афганстанга терроризм жана баңги затты өндүрүүгө каршы күрөшүү жана өлкөгө тынчтык орнотуу шылтоосу менен басып кирген. Бирок азыркы күндө Афганстандын коопсуздук абалында эч кандай өзгөрүү болбостон, тескерисинче, алар өз кызыкчылыктарын гана ишке ашырууда. Кооптуу Афганстан географиялык жактан Орто Азия өлкөлөрү менен коңшу болгондуктан, ар дайым зыян келтириши мүмкүн.

Жыйтыктап айтканда, терроризм тынчтыкты бузуучу курал жана терроризмдин эң негизги максаты өлкөлөрдөгү диний, маданий, коомдук каада-салттарды жок кылуу. Ошондуктан өлкөлөрдүн эл аралык жана

регионалдык уюмдар алкагындагы эл аралык терроризмге каршы чечкиндүү күрөшүү керек. Өзгөчө эл аралык терроризм дүйнөдөгү экономикалык жактан артта калган региондордо кулач жаюуда. Ал эми өнүккөн өлкөлөрдө болуп жаткан терроризм көрүнүштөрү айрым күчтөрдүн жасалма түрдө уюштурган иш-аракеттеринин натыйжасы болууда. Дегеле «терроризм» деген түшүнүктү пайда кылган жана уюштурган күчтөр аларга өздөрү идеялык жана каржылык демөөрчүлүк көрсөтүшүп, эл аралык деңгээлде зомбулук иштерине дем берип, анын натыйжаларын дүйнөлүк саясаттын деңгээлинде өз кызыкчылыктарында пайдаланышууда.

## 3.2. XXI кылым Чыгыш дүйнөсүндө Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий мамилелеринин келечеги

Жер жүзүндөгү ар бир өлкөнүн географиялык жайгашуусу ал өлкөнүн жана анын тургундарынын тагдырында маанилүү ролду ойнойт. Геосаясий жактан региондо географиялык жайгашуу же геостратегиялык жактан географиялык жайгашуу өлкөнүн саясий жана экономикалык тагдырында өз таасирин тийгизет. Дүйнө жүзүндө көптөгөн маанилүү географиялык региондор бар, ал эми дүйнө жүзү боюнча дүйнөлүк масштабга ээ болгондору аз, чындыгында, ал аймактар дүйнөдө абдан маанилүү болуп саналат жана глобалдык стратегияларда маанилүү ролду ойнойт. XXI кылымдын башынан тартып Кыргызстан жана Афганстан мамлекеттеринин жайгашкан аймактын глобалдык өлчөмү өзгөчө мааниге ээ.

Улуттар аралык чыр-чатактар, экономикалык жана саясий кризистик абалдар жана энергия булактары үчүн атаандаштык, өзгөчө Орто Азия өлкөлөрүнө мүнөздүү. 80-жылдардын аягында эл аралык мамилелер адистеринин: “XXI кылымдын согуштары өзгөчө энергия ресурстары тармактары боюнча болот”, – деген болжолдоолору АКШда 2001-жылы 11-сентябрда болгон жардырууну террорчул акт катары баалап, АКШ терроризмге каршы күрөшүү шылтоосу менен Афганстанды; жана атомдук куралдар чыгарылууда деген саясий айыптоо менен Иракты басып алганда турмушка ашты. Ошондой эле күндөн-күнгө аймакта терроризмдин күчөшү

жана Иракта атомдук куралдардын жок экендиги АКШнын “энергия ресурстарын” максат кылгандыгы белгилүү болду.

Бирок 2001-жылдын 11-сентябрындагы террорчул акт катары таанылган окуя Батыш калктарынын жан дүйнөсүндө Чыгыш таанууну “караңгылык таануу” дегендей түшүнүктөрдү пайда кылды. Өзгөчө Батышта караңгылык таануу маселеси дегенде көбүнчө ислам жана мусулмандар жөнүндө түшүнүшөт. Бул маселе кандайдыр Батыш коомчулугунда “Чыгыш таануу” арекети. Алардын ойлору, Чыгыштын калкын, ой-пикирин, маданиятын, каада-салттарын, динин, тарыхын ж.б. таануу эмес; үчүнчү дүйнө (Чыгыш дүйнөсүнүн) мамлекеттерин геосаясий, географиялык жана стратегиялык жактан “байлыгын-өзгөчөлүгүн таануу” болуп келет [161, 17-18]. Ошондуктан Чыгыш дүйнөсүн таануу маселеси жана байлыктарын жакшылыкка пайдалануу иш-аракеттери болушу керек.

Философия илимдеринин доктору, профессор Кусеин Исаевдин пикиринде: “XXI кылымдын башталышы менен азыркы ааламдашуу заманында Чыгыш таануу маселеси ого бетер терең мааниге ээ болду” [39, 294.

Чыгыштын жалпы адамзаттык идеялары жөнүндө сөз кыла турган болсок, Жан Бодриар аттуу француз окумуштуусунун пикирин эске албай коюуга болбойт. Француздардан чыккан көрүнүктүү футуролог, философ, социолог Жан Бодриар көптөгөн китептерди жазган эле. Батыш менен Чыгыш, цивилизациялар, диний түшүнүктөр жана башкалардан улам келип чыккан кагылыштарды жана карама-каршылыктарды терең изилдеп, салыштырып ал киши мындай деп жазат: “Батыш тараптагылар буюмдун, дене жыргалынын, дене кумарынын кулу болуп калды, ал эми Чыгыштын эли өзүнүн рух дөөлөттөрү менен терең. Батыштын өзүмчүлдүгү өздөрүн ушул XXI кылымда жеп тынат, Чыгыш элиндеги рух дөөлөттөр, үй-бүлө мамилесиндеги баалуулуктар, мээримдүүлүк, улуу-кичүү, урмат-сый, ыйман-ызаат, терендиктер дүйнө элдеринин өнүгүшүнүн өзөгүнө айланат” – деген тыянагында зор маани бар. Ал эми азыр цивилизациялуу коомго

умтулган коомчулукта “Батыштын гендердик саясат, үй-бүлөнү пландаштыруу, абийирди жылаңач ачыктаган сыяктуу жактарын механикалык түрдө тууурагандык күчөп баратат” [39, 299].

Айтылып өткөн Батыштын жана Чыгыштын карама-каршылыктары дүйнөнүн ар бир өлкөсүндө кездешет. Өзүнүн маданиятын, ой-толгоолорун бирөөгө таңуулоо – Батыштын эң негизги тышкы саясатынын бири десек да жаңылышпайбыз. Бүгүнкү күндө цивилизациялардын кагылуушусу болуп жатканы баарыбызга белгилүү. Россиянын белгилүү саясатчысы Евгений Примаков айткандай: “Цивилизациялардын кагылуушусу дей бербей, алардын айкалышуусун тереңдетүүнү көздөшүбүз керек.”

Ислам динине шек келтирип, террор менен исламды кандайдыр кара түшүнүккө айландыруу аракеттери жакшылыкка алып барбай тургандыгын, террорчулуктун тамыры башка жакта экендигин, диндерге негизделген цивилизациялардын айкалыша өнүгүүсүн терең аныктоо маселесин колго алышыбыз керек экендигин түшүнүүбүз зарыл.

Ар бир өлкө эң биринчиден өз элинин камын көрүп, элине берилгендик менен кызмат кылып, адамдык сапаттарды, коомдук тартипти, улуттук кызыкчылыктарды сактап, өз алдынча саясат жүргүзсө, мындай терс көрүнүштөргө эч кандай себеп болбос эле. Анткени, ар бир адам өз динин, маданиятын, улуттук ар-намысын, каада-салтын, тилин ыйык тутса, эч бир өлкөдө терс көрүнүштөр жайылбайт эле [39, 294].

Афганстан жана Кыргызстан мамлекеттери эки тараптык артыкчылыктарга өтө бай жана муну мамлекеттердин стабилдүү жана адилеттүү өнүгүүсү деп атоого, ошондой эле тынчтык жолунда колдонууга болот. Афганстан бардык Орто Азия мамлекеттери менен тарыхый, улуттук жана географиялык байланышка ээ экендиги жогоруда белгиленди. Бул регион жаштарга, тагыраак айтканда, эмгекке жарамдуу адам ресурстарына, стратегиялык материалдарга жана кайталангыс экономика булактарына ээ. Региондогу мамлекеттер бардык экономикалык ресурстарды туура жана натыйжалуу пайдалануу үчүн саясий мамилелердин ырааттуу өнүгүшү

жана келечекте жалпы коопсуздуктун сакталышы үчүн кам көрүү ар дайым күн тартибинде болууга тийиш.

Кыргыздар тоолук эл. Республиканын аянтынын 90%ы бийик жана бөксө тоолордон турат. Ага байланыштуу кыргыз жеринин өзүнө тиешелүү табигый кооздугу менен бирге жер алдында мол кен байлыгы бар. Бул өзгөчөлүктөр менен кошо тарыхый-социалдык абал, социалдык жагдай элдин социалдык турмуш-шартына, дүйнөгө болгон көз карашына, экономикалык абалына, ден соолугуна, билимине жана тагдырына түздөн-түз таасир этет. "Кыргыздардын эр-азаматтары эл кыдырып, жер кезип, Азияны айтылуу билим борборлорунан илим окуп, кесип үйрөнүп, билген-көргөнүн кайра Ата Журтуна алып кайткан, жайып келген [27, 15].

Ал эми Афганстандын стратегиялык изилдөөлөрүнүн башчысы Дауд Марадион: "Афганстан жана Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыкка тийгизген тоскоолдуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшылап баамдаш үчүн ар дайым конкреттүү процесске муктаж. Бул максат үчүн биз өзүбүздүн жардамыбызды жана муктаждыктарыбызды бардык ички шериктештерди, аймактык жана өз аралык мамилелерди бекемдеп ушул жол менен региондун бекем мамилесине жетебиз" [92], – деген билдирүүсү кыргыз жана афган элдеринин бири-бирин таануусуна мүмкүнчүлүк берет.

1991-жылдан бери Орто Азия күчтүү коңшусу болгон Кытайдын таасиринде кала баштады. Америка "Strategic Review" журналында басып чыгарылган бир маалыматта, Орто Азиядагы "Чоң оюн" XXI кылымда АКШ менен Кытайдын карама-каршы дал келиши мүмкүндүгү күтүлүүдө" деп жазат. Он жылга жетпеген убакытта Кытай чындыгында Орто Азия үчүн маанилүү орунга чыкты. Региондо Кытайдын пайдасы негизинен үч чөйрөнү түзүүдө. Түшүндүрүп айтканда, коопсуздук, соода-сатык жана көмүрсуутектен турат [140, 95]. 1991-жылдан баштап, АКШ, Орто Азия долбоору жана Улуу Жибек жолу стратегиясы, Европа Биримдиги тарабынан ишке ашырылган Европа Биримдиги стратегиясы, ШКУ,

Жапониянын Орто Азия стратегиясы [136, 32], XXI кылымда Орто Азия жана Евразия географиясында глобалдык саясаттардын ачкычы болгонун тастыктайт. Америкалык “Strategic Review” журналында жарыяланган макалада Орто Азияда “чоң оюн” XXI кылымда АКШ менен Кытай арасында “кененирээк мааниде, коопсуздук, соода-сатык жана мунай” [140, 95] жааттарында көрүнөрү, өзгөчө 2001-жылдын 11-сентябрынан кийин Орто Азия аймагы дүйнөнүн эң маанилүү “күч” талаш жерлеринин бири болгону [142, 518], бүгүнкү күндө региондогу өлкөлөрдүн канчалаган байлыктары жана стратегиялык жактан маанилүүлүгү региондогу өлкөлөрдү биримдикке чакырат.

Доктор Мириус Балхинин айтымында: “Бүгүнкү күндө эл аралык мыйзамдарда “регионалдык биргелешүү” эмне себептен маанилүү талкуу болуп келет? Ар бир мамлекеттин эл аралык мыйзамдарда кем дегенде бир жолу болот. Бүгүнкү шартта регионалдык биргелешүү эл аралык мыйзамдарда эң маанилүү парадигма болуп саналат. Адамзаттын тарыхында көптөгөн парадигмалар болуп келген жана акыркы эки чоң парадигма, тагыраак айтканда, “улутчулдук жана интернационализм” өзүнүн тарапкерлерин таба алды. Бул парадигманы колдонуу менен дүйнөгө тынчтыкты жана стабилдүүлүктү орнотууга умтулушкан. Бирок тарых көрсөтүп тургандай, эч бирөөсү идиологиялык аракетте болбогондуктан, улуттар арасында тынчтыкты жана стабилдүүлүктү орното алышкан жок. Биз бүгүн регионалдык биргелешүүнүн үстүндө иштеп келе жатабыз, эгерде бул парадигманы Европа биримдиги сыяктуу ишке ашырып, эффективдүү кылалы десек, анда негизги булак катары караш керек. Региондогу бардык мамлекеттер чогулуп, жалпы кызыкчылыктарга жооп бере турган регионалдык биргелешүүнүнүн инвестору катары аймактык мамлекеттердин биргелешүү альтернативасына айланышы керек. Афганстан региондогу мыйзамдардан көбүн эсе таасирдүү. Региондук мыйзамдар аймактагы биригелешүүгө өбөлгө болушу сыяктуу негизги тоскоолдук да боло алат” [78].

Афганстан коопсуздук жагынан Түштүк Азиянын да коопсуздугу болуп эсептелет. Пакистан менен Индиянын эгемендүүлүктөрүнөн бүгүнкү күнгө чейин, Афганстанга коопсуздук жактан көп таасирдүү болуп келет. Ал эми экинчи жагынан Орто Чыгыш коопсуздугу дагы таасирдүү. Биздин оюбузча үчүнчү тарабынан, жакынкы эле болгон тарыхта Россия Орто Азияга жана Афганстандын статусуна чоң таасирин тийгизип келет. Ошондой эле Кытай дагы Чыгыш Азияда таасирдүү ролду ойнойт. Чындыгында Афганстандын тегерегиндеги бул төрт коопсуздук түзүлүш Афганстанга чоң таасирин тийгизип турат.

Эми мындай суроо пайда болот: Афганстан жогорудагы айтылып өткөн региондогу түзүлүштөрдө кандай ролду ойной алат? Афганстандын тегерегиндеги түзүлүштөрдүн көбүнчөсү коопсуздук жана саясий максатта. Акыркы жылдары Афганстан өзүнүн транзиттик тышкы саясаты менен региондогу мамлекеттердин ортосунда экономикалык борбор болушу үчүн аракет кылып келе жатат. Афганстан Орто Азия жана Түштүк Азия мамлекеттери менен да кошуна болгондуктан, бул мамлекеттердин ортосундагы көпүрө болуп бере алат. Баарыбызга маалым болгондой, Орто Азия дүйнөдөгү энергия булагы боюнча экинчи орунду ээлейт, аны Афганстандын транзиттик жолу аркылуу Түштүк Азияга алып чыга алат. Бул жолдун ишке ашырылышы коопсуздук маселесинде жатат. Биргелешүү көбүнчө муктаждыктан келип чыгат. Улуттардын муктаждыктары үч бөлүккө бөлүнөт, атап айтканда: экономикалык, саясий жана маданий муктаждыктар болуп саналат. Орто Азия мамлекеттери энергетикалык кубатын Түштүк Азияга сатып, өзүнүн Россияга жана Кытайга болгон экономикалык муктаждыгын азайтат. Ошондой эле Түштүк Азия мамлекеттери да энергия ресурстарына муктаж болуп келет. Эгерде эки тарап Афганстандын транзиттик жолун пайдаланууга макулдашса, Афганстан да өз пайдасын алар эле. Тилекке каршы, региондун саясатчыларынын саясат жүргүзүүсү ар кандай. Себеби бул региондогу өлкөлөрдүн тышкы саясаты дээрлик коопсуздук жана саясий маселелерге

гана маани берип келет. Региондогу өлкөлөр экономиканы көтөрүү механизмине көңүл буруусу өтө маанилүү. Энергия тармагындагы соода-сатык кызыкчылыктар Түштүк жана Орто Азия өлкөлөрүн ортосундагы саясий жана коопсуздук маселелерди экономикалык жагдайга алмаштыра алат [131]. К. Исаев: "Келечекте мамлекеттердин өнүгүшүндө ар бир элдин, улуттун өздөрүнө таандык өзгөчөлүк жактарын өнүктүрүү жана ошол өнүктүрүүлөр аркылуу биригүү деген маселе бүгүнкү күндө өтө маанилүү" [39, 300],– деп белгилегендей, региондогу ар бир өлкөнүн географиялык, саясий, социалдык, маданий, диний ж.б. өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүү менен бирге, башка өлкөлөрдүн өнүккөн өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү өнүгүүгө жана биримдикке жол ачат.

Региондогу өлкөлөрдүн ортосундагы биримдигине террористтик топтор дагы өздөрүнүн терс таасирин тийгизип келет. Жогорудагы айтылган механизм терс көрүнүштү жок кыла алат. Эгер региондогу Пакистан сыяктуу өлкөлөр өздөрүнүн тышкы саясатын саясий жана коопсуздук көз караштан экономикалык жагына бурса, анда аймактагы террористтик топтордун алсырашына алып келет. Бул коопсуздук жана саясий абалды экономикалык абалга качан жана кайсы күч өзгөртө алат? Афганстан Азиянын жүрөгүндө жайгашкан жана Стамбул процессин (Азия Жүрөгүнүн) түзүлүшүндө борбордук ролду ойноп келет. Эгерде бул процесс аркылуу экономика, маданият, коомдук, гумандуулук жана саясий жааттарда ийгиликтерди пайда кыла алса, анда региондо ынтымак жана тынчтык орнойт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиялык изилдөө институтунун директору Талант Султанов Афганстанда өткөрүлгөн "Афганстан үчүн VI регионалдык экономикалык кызматташтык (RECCA) отурумуна" катышып, анда мындай деп билдирген: "Афганстан менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосунда көптөгөн тарыхый, маданий, географиялык окшоштуктар бар. Биз биргелешип иш алып баруу менен болуп жаткан кыйынчылыктардан өнүгүү жолуна түшө алабыз. Себеби

биргелешип иш алып баруу региондогу бардык өлкөлөргө пайдалуу. Афганстан жана Кыргызстан биргелешип иштешкен көптөгөн долбоорлор бар, мисалга алсак, өтө маанилүү болгон CASA-1000 долбоору, газ, Кытайдан тартып Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан жана Иранга чейин темир жол долбоору региондогу мамлекеттердин мамилесин бекемдей алат [131]. Афганстан үчүн регионалдык экономикалык кызматташтык отурумунда ондогон өлкөлөрдөн катышкан адистер – региондо экономикалык долбоор жана кызматташтык тармактарынын негизинде пландарды, пикирлерди жана илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыгын өлкө башчыларына сунушат. Афганстан Азиянын үч аймагынын ортосунда "табыгый көпүрө катары" белгилүү, алар: Орто Азия, Түштүк Азия жана Жакынкы Чыгыш Азия.

Ар бир өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарын эки жагынан кароого болот: *биринчиси*, географиялык жагынан, мисалы, тоо-таш, суу, океан, дарыя, чөл, токой ж.б баалуулуктары табигый болгондуктан, улуттук кызыкчылыктын эң туруктуу, өзгөргүс куралы болуп саналат. *Экинчиси*, өндүрүштүк жагынан – бул азыркы технологиялык жетишкендиктер, транспорттук, коммуникациялык, дыйканчылык жана башка тармактар [165, 197] болуп саналат.

Жогоруда айтылган улуттук кызыкчылык факторлору таасирдүү жана пайдалуу болушу үчүн дипломатиянын болуусу зарыл. Афганстан менен Кыргызстандын өз ара расмий кызматташтыгы эми гана түптөлүп башталды. Ушул себептен улам эки өлкөнүн ортосунда нормалар, жалпы келишпестиктер жана кризистер болгон эмес. Эки өлкөнүн дипломатиялык жана кызматташтык байланыштарын эки негизде талкууласак болот:

*Биринчиси, "улуттук туруктуулук"*. Афганстан жана Кыргызстан экономикалык (экспорт жана импорт, географиялык жактан транзиттик ж.б), коопсуздук (терроризм, баңги зат ташуу жана мыйзымсыз куралдар ж.б менен күрөшүү) жана илимий-маданий (билим берүү / гуманитардык)

ж.б жааттарда бири-бирин таанып, кызматташтыкка карай кадам ташташы керек.

*Экинчиси, "улуттар аралык туруктуулук."* Эл аралык жана региондук түзүлүш жана мыйзам болуп саналат. Эл аралык мыйзамдарда тең салмактуулук, "бир уюлдуу же көп уюлдуу система" ж.б. түзүлүштөрдүн ар бири тышкы саясатта өз ордун алат. Азыркы күндө эл аралык жана региондук мыйзамда саясий, экономикалык жана маданий факторлор өз таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле өз ара кызматташтыкта бирдиктүү саясат жүргүзүп келет. Бул болсо Кыргызстан менен Афганстандын арасындагы расмий кызматташтыгынын күчөшүнө түрткү боло алат. Кыргызстан менен Афганстандын ортосундагы эң негизги кызыкчылык энергетикалык, соода-сатык, транзиттик, тоо кен байлыкты иштеп чыгаруу, чарба жана дыйканчылыкты өнүктүрүү, чет элдик инвесторлорду тартуу, баңги зат ташууга каршы күрөшүү, адис алмашуу [165, 444-445], ж.б. тармактар болуп саналат.

Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын эки тараптуу кызматташтыктын механизмдери төмөнкүндөй болушу пайдалуу:

- эки тараптуу өкмөттөр арасындагы консультациялар өткөзүү;
- аскердик-саясий өз ара аракеттешүү;
- соода-экономикалык багыттарда биргеликте аракеттешүү.

Биримдиктеги көп түрдүүлүктүн мааниси бул азыркы ааламдашуу заманында дүйнөдөгү ар бир эл, ар бир улут өзүнүн өзгөчөлүк жактарын сактап калуу аркылуу дүйнөлүк биримдикке барышы керек деген маани бар. Чыгыш менен Батыш маданияттарынын өзгөчөлүктөрү менен катар айырмачылыктары азыркы ааламдашуу шарттарында жакындашууда. Дүйнөлүк саясат да жакындашуунун негизинде жүргүзүлүшү керектиги бүгүнкү адамзат цивилизациясы үчүн келечектеги өнүгүүгө зор көмөгүн көрсөтүп, жалпы адамзаттык идеяларга өз салымын кошот. Маселенин ушул жагына Орусиянын белгилүү саясий ишмери, көрүнүктүү чыгыш таануучу Евгений Примаков: "Адамзат келечеги чыгышсыз батыш өнүгө

албайт” [39, 294] деген мааниде өз пикирин билдирген эле. Азыр эми чыгышты изилдеген окумуштуулар көп нерселерди кайра карап чыгуулары керек болот.

Бүгүнкү күндө Афганстан жана Орто Азия аймагы дүйнө жүзүндө бир нече себептерден улам стратегиялык курчоого алынган: *Биринчиден,* Афганстан эң чоң жана күчтүү дүйнөлүк терроризмге туруктуу боло ала турган мейкиндик болуп эсептелет жана дүйнөлүк терроризмге карата тосмо болуп келет. *Экинчиден,* Афганстандын стратегиялык аймакта жайгашуусу өтө маанилүү. Көптөгөн келечектеги атаандашуулардын борбору дал ушул аймак болуп саналат. *Үчүнчүдөн,* дүйнөнүн жарымына жакын эл ушул аймакта жашайт, анткени Афганстан жана Орто Азия эң чоң экономика мейкиндиги болуп саналат. XXI кылымда эң көп экономикалык суроо-талап ушул аймакта пайда болот. Дүйнөлүк стратегиялык эң көп энергиянын запасы, атап айтканда, мунай зат Орто Азия жана Орто Чыгышта жайгашкан.

Дүйнөлүк саясатта үчүнчү дүйнө өлкөлөрүн, өзгөчө мусулмандарды жана XXI кылымдын гидроэкономикалык саясатын унутта калтыруусун эске алуубуз зарыл. Ташкенттик тарыхчынын ою боюнча: “Тарыхта биздин географиялык жайгашуубуз, ким болгонубуздан маанилүү болуп келген” [144, 113]. Белгилүү маалыматтардын негизинде көптөгөн эксперттер XXI кылымдын биринчи жарымында Орто Азиядагы байлыктар Перс байлыгы үчүн мазмундуу жана канааттандырарлык альтернатива болот деген пикирде. Бүгүнкү күндө Орто Азия аймагындагы табыгый байлыктар дүйнө коомчулугун өзүнө тартууда. Региондун келечектүү байлык жана байланыш мүмкүнчүлүктөрү дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн геосаясий кызыкчылыктарына жараша өнүгүп, аймак бийликтин дүйнөлүк жана аймактык борборлорунун кызыкчылыктарынын талашы жүргөн жер болуп калат.

# КОРУТУНДУ

Диссертациялык илимий изилдөөлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын жана Афган Ислам Республикасынын өз ара мамилелери жана кызматташуулары азыркы учурга тиешелүү теориялык жана практикалык маани-маңызы боюнча иликтөөгө алынып, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. Кыргыз жана афган элдеринин тарыхый жана маданий мамилелери азыркы учурда дипломатиялык мамилелердин калыптанышынын жана саясий кызматташуулардын негизинде келечекте эки өлкөнүн өз ара кызматташуусунун маанилүү баскычтары боло алат.

2. Афганстан менен Кыргызстан өз ара мамилесинде тышкы саясатты негиз тутуп, эки тараптуу жана регионалдык кызматташтыктын бекемделишине умтулууда. Эки өлкөнүн өз ара мамилелериндеги чечкиндүүлүгү регионалдык жана дүйнөлүк мамилелерге өз таасирин тийгизери шексиз. Кыргызстан менен Афганстандын саясий мамилелеринде эч кандай олуттуу чектөөлөр болбойт, анткени эки мамлекеттин өнүгүү жаатында жана тышкы саясаттарында жалпылыктар болгондуктан, экономикада жана саясий жүрүштарда бирге иш алып баруусуна себеп болот.

3. Мамлекеттер башка мамлекеттердин пайдасына көңүл бурбастан, өздөрүнүн гана кызыкчылыктары жана талаптары боюнча аракет кыла албайт. Анткени коомчулуктун таасиринин натыйжасында адамдар сыяктуу эле эл аралык эрежелерге баш ийүүгө мажбур. Байыркы философ Гуго Гроцийдин ою боюнча мамлекетти башкарган “эл аралык коомчулук” болуп эсептелет. Эл аралык коомчулук ар дайым кызматташтыкты негизге алат. “Азия жүрөгүндөгү” мамлекеттердин улуттук жана регионалдык кызыкчылыктарынын эки жана көп тараптуу болуп өзгөрүп туруусу табигый нерсе. Бирок коопсуздук жана коркунуч маселелеринин өзгөрүп туруусу, дүйнөлүк жана региондук биримдикке алып келүүгө аргасыз кылат. Ошондуктан БУУ, ЕККУ, ЭКУ сыяктуу уюмдар, ШКУ, КМШ,

ЖККУ сыяктуу интеграциялык бирикмелер жана “Стамбул процесси” региондогу өлкөлөргө өз таасирин тийгизип, өз ара кызматташуусуна түрткү болуп саналат. Стамбул процесси эки өлкөнүн саясий, коопсуздук, экономикалык жана маданий кызматташуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн таасирдүү фактор болуп саналат. Кыргызстан менен Афганстандын өз ара кызматташууларынын өнүгүүсү, бир жагынан жалпы кызыкчылыктарын ишке ашыруу болсо, экинчи жагынан регионалдык кызматташтыкты жана достукту бекемдөө болуп саналат.

4. XX кылымда Афганстан СССРдин ачык деңизге чыгуусуна эң жакын жол болуп саналган, бирок 1990-жылдан баштап бул геосаясий өзгөчөлүк өз маанилүүгүн жоготуп, азыркы учурда Афганстандын геосаясий маанилүүгү жаңы геосаясий көз караш менен Түштүк Азия өлкөлөрүнөн Орто Азияга багыт алуусунда жана Орто Азия мамлекеттеринин энергитикасын Түштүк Азияга жеткизүүдө – Афганстан менен Кыргызстандын саясий мамилесинин зарылдыгын шарттады.

5. Кооптуу Афганстан Орто Азия өлкөлөрү менен коңшу болгондуктан, ар дайым зыян келтириши мүмкүн. Терроризм – тынчтыкты бузуучу курал жана терроризмдин эң негизги максаты - бүткүл диний, маданий, коомдук салттарды жок кылуу болуп саналат. Өлкөлөрдүн регионалдык уюмдар алкагында эл аралык терроризмге каршы күрөшүүдө, коопсуздукту сактоодо, улуттук кызыкчылыктарын ишке ашырууда бирдиктүү саясат жүргүзүүлөрү пайдалуу болуп саналат.

6. Кыргыз Республикасынын тышкы саясатында улуттук кызыкчылыктарын, өзгөчө Афганстан менен болгон мамилесинде күчөтүү зарыл. Анткени бул эки мамлекет кээ бир регионалдык уюмдарга, атап айтканда, ЭКУ жана ошондой эле “Азия жүрөгү” деп аталган Стамбул процессинде мүчө болуп, кызматташып келишет. Кыргызстандын бул уюмдарга мүчө болушу, терроризмге каршы күрөшүү, баңги зат ташууну жана экстремизмди алдын алуу ж.б. тармактарда иш алып баруусу,

Афганстан менен болгон өз ара саясий мамилесинин маанилүүлүгүн тастыктайт.

7. Кыргызстандын Улуу Жибек жолунда жайгашкан өлкөлөрдүн темир жол каттамына байланышуусу деңиз мейкиндигине чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт, анткени бул кадам эркин соода-сатык жүргүзүү, өлкөлөрдүн өнүгүүсү, өлкөлөрдүн өндүргөн продукциянын көбөйүшүнө ыңгайлуу шарт түзүү менен региондун тынчтыгына өз салымын кошо алат. Бул жагдайда Орто Азия өлкөлөрүнүн Түштүк Азия өлкөлөрүнө чыгуусунда Афганстандын транзиттик жактан мааниси зор.

8. Кыргызстан менен Афганстандын ортосунда коопсуздукту сактоо тууралуу көптөгөн келишимдерге кол коюлган. Эки өлкөнүн ортосундагы коопсуздук кызматташтыгы тууралуу эки тараптуу конференциялардын өткөрүлүшү жана кеңешүү абдан зарыл. Эки өлкөнүн коопсуздук мекемелеринин мамилесинин бекемделиши жана маалымат алмашуу жалпы коопсуздукту чыңдоодо пайдалуу жана азыркы ааламдашуу шарттарында кыргыз-афган достугун чыңдалышына өбөлгө түзөт.

9. XXI кылымда эң көп экономикалык суроо-талап Орто Азия аймагында пайда болот. Дүйнөлүк стратегиялык энергиянын эң көп запасы, атап айтканда, мунай зат жана суу байлыктары Орто Азия жана Орто Чыгышта жайгашкан. Дүйнөлүк саясатта үчүнчү ааламдагы өлкөлөрдү, өзгөчө мусулмандарды жана "XXI кылымдын гидроэнергетикалык саясатын" унутта калтырылганын эске алуу зарыл.

## СУНУШТАР

1. Бүгүнкү күндө Кыргызстан менен Афганстандын ортосундагы саясий мамиле Афганстан үчүн өтө зор мааниге ээ. Акыркы ондогон жылдар аралыгында Афганстан жана Кыргызстан мамлекеттери социалдык-саясий абалды жакшыртууда өтө көп кыйынчылыктарды башынан өткөрүштү. Бул эки өлкөнүн ортосундагы жыйналган жалпы тажрыйба эки тарап үчүн эң маанилүү мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Ошондуктан Афганстандын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана коомдук элитасы

менен болгон мамилесин күчөтүүсү эки өлкөнүн стратегиялык мамилесин чыңдай алат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана эли ар дайым Памир кыргыздарынын жашоо шарты, билим алуу жана башка социалдык абалдарына тынчсызданиуусун билдирип келет. Бул маселе эки өлкөнүн ортосундагы жалпы мамиленин зарыл экендигин билдирет.

3. Кыргызстан менен Афганстандын саясий кызматташуусунун дагы бир негизи болсо, Афганстандын ШКУга мүчө болуусу. Кыргызстан уюмдун мүчөсү болгондуктан, ШКУну башкаруу кезегин алганда, Афганстанды уюмга мүчө болуп кирүүсүнө жана Афганстандын коопсуздук маселелерине чоң салым кошо алат.

4. Стамбул процесси "Азия жүрөгүнүн" түзүлгөндүгүнүн эң негизги максаты – мүчө өлкөлөр арасында ишенимди пайда кылуу жана саясий кеңеш аркылуу региондогу коопсуздук маселелерин чечүү жана бирдиктүү кызматташуу. Кыргызстандын бул процесске мүчө болушу Афганстанда болуп жаткан коомдук маселелерди чечүүгө жана жакшыртууда таасирдүү фактор боло алат.

5. Кыргыз жана Афган Республикаларынын саясий мамилелеринин өнүгүүсү региондо коопсуздукту орнотууда таасирдүү болуп саналат. Регионалдык кызматташтык – коомдогу тынчсызданууну жокко чыгарат. Азия аймагынын жүрөгү "терроризм, баңги зат ташуу, мыйзамсыз курал ташуу ж.б көптөгөн кыйынчылыктарга күбө. Регионалдык өлкөлөрдүн, өзгөчө Афганстан менен Кыргызстандын Стамбул процесси жана ШКУнун негизиндеги кызматташтыгы, жогоруда айтылган маселелерди чечүүдө, Карл Душичтин "Коомдук коопсуздук" теориясынын негизинде, саясий мамилелер аркылуу эки мамлекет улуттук кызыкчылыктарын ишке ашыра алат.

6. Бүгүнкү күндө бүткүл дүйнө өлкөлөрү "коомдук жана экономикалык өнүгүүнүнүн бир гана жолу регионалдык экономикалык кызматташтыкта" деп, бир добуштан тастыктап келет. Регионалдык кызматташтыктын

өнүгүүсүнүн бирден-бир жолу “жалпы рыноктун” болушу жана аны менен бирге өлкөлөрдүн ортосундагы бирдиктүү кызматташтыкты бекемдей алат. Афганстан жана Кыргызстан экономикалык жана соода-сатык жаатында өз ара келишимге кол коюшкан. Соода-сатык жана Кыргызстандан Афганстанга жана бул өлкө аркылуу Пакистанга энергетика сатуу долбоору (CASA-1000 долбоору) жана Кытайдан тарта Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан жана Иран өлкөлөрү ортосундагы азыркы Улуу Жибек жолу – темир жол долбоорун ишке ашыруу жаатындагы келишимдерге кол коюлган. Бул доолбордун ишке ашуусунда мамлекеттер өз салымдарын кошуусу керек.

7. Кыргыз Республикасынын жана Афган Ислам Республикасынын ортосунда экономикалык кызматташтыкты бекемдөө үчүн транспорттук жана аба каттамдарын ачуу жана соода-сатык мамилесинин түздөн-түз (ортомчусуз) жүргүзүлүшүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүү зарыл.

8. Эки өлкөнүн экономикалык мамилесин жеңилдетүү үчүн (бажы текшерүүлөрүн ыңгайлаштыруу) жана регионалдык сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүшү пайдалуу.

9. Афганстан менен Кыргызстандын ортосунда маданий жана илимий даражадагы кызматташтыгы, эки өлкөнүн өз ара мамилесинин жогорку даражага чыгышына себепкер. Кыргызстанда мамлекеттик жана жеке менчик жогорку окуу жайлардын көптүгү, окуу төлөмдөрүнүн арзандыгы жана билим алууга шарттардын ыңгайлуулугу, илим-билим тармактарында эки өлкөнүн мамилесинин өнүгүүсүнө себеп боло алат.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

## 1. Нормативдик жана инструкциялык документтер, статистикалык отчёттор

1. Алибекова, С. (Director of Organization for Security and Co-operation in Europe in Bishkek), “Afghan - Kyrgyz co-operation in the framework of OSCE projects” [Электронный ресурс]. – Режим доступа: from: (saltanat.alibekova@osce.org), 2014. 12.01.

2. Афганстан Ислам Республикасынын Бишкек шаарындагы элчилигинин берген малыматы [Текст] / 26-октябр 2016-жылы.

3. Дипломатия XXI века: Центральная Азия в контексте глобализации [Текст] / - Б.: Дипломатическая академия им. К. Дыйканбаева МИД КР. - 2015.

4. Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги Академиясы, Афган магистранттарынын саны [Электронный ресурс]. – Режим доступа: g.omuralieva@osce-academy.net, 2016.13.04.

5. Жамааттык Коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмунун алкагында Кыргыз Республикасынын кызматташуусу жөнүндө [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.mfa.gov.kg/contents/view/id/184. - Загл.с экрана. 2013.10.10.

6. Кыргыз бутагы коомдук фондунун ишмерлеринин Памир сапарындагы статистикалык изилдөөсүнүн билдирүүсү [Текст]. - 2013.

7. Кыргыз Республикасы менен Афганистан Ислам Республикасынын мамилелери жөнүндө маалымат [Текст] / КРнын Жогорку Кеңешинин Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук комитети. - №12-15612/15. – 2015. - 23-дек.

8. Кыргыз Республикасы менен дипломатиялык байланыш түзгөн өлкөлөр. КР ТИМ расмий сайты [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.mfa.gov.kg/contents/view/id/185. - Загл.с экрана. 2016.10.04.

9. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010-жылдын 27-июнунда Рефрендумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды [Текст] /. – Б.: Академия. – 2010. – 122 б.

10. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилген.

11. Кыргыз Республикасынын президенти Кыргыз Республикасынын элчилигинин Кабул шаарында ачылуусу тууралуу № 69-жарлыгы [Текст] /. – 2010. – 05.03.

12.Кыргыз Республикасынын социалдык экономикалык абалы. [Текст] / КРнын Улуттук статистика комитети. - (2015. - январь-сентябрь). – Б., 2015. – 182 б.

13. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясы[Текст] / - 2015.

14.Кыргыз Республикасынын Эмгек, иммигранттар жана жаштар министрлиги [Текст]: Кыргызстанда башпаанек издегендер үчүн баяндама. - Б., 2015.

15.Правовая клиника “Адилет”, UNHCR The UN Refuqee Agency, Сборник: Нормативно-правовых документов по защите прав беженцев [Текст] /. – Б., 2004. – 548 с.

16.Саманчина, Ж.Б. Влияние интеллектуальной миграции на развитие межгосударственних ортошений Кыргызстана [Текст] / Национальный институт стратегических исследований Кыргызской Республики. Стратегия, ежеквартальный научный журнал. - № 1 (3) – 2015. – С.149.

17.Совместное развитие и процветание стран вдоль Великого Шелкового пути [Текст] / Материалы международной конференции. – Б., 2014. - 28 нояб. – С. 197.

18. قانون اساسی جمهوری اسلامی افغانستان. کابل- 2004 = Афганстан Ислам Республикасынын Конституциялы. Кабул. – 2004. 01.26.

## 2.Монографиялар жана илимий басылмалар


19.Аалиева, Ш. К. Философия [Текст]: методикалык окуу куралы / Ш.К.Аалиева, К.Э.Эркинбеков. –Б., 2014. – 315 б.

20.Ааматов, Б. Дүйнөнү дүңгүрөткөн Чыңгыз хан кыргыз болгон [Текст] / Б.Ааматов. – Б., 2015. – 153 б.

21.Абдымомунова, К. С. Саясий лидерликтин моделдери жана президееттик институт [Текст]/ К.С.Абдымомунов. – Б., 2015. – 217 б.

22.Акунов А.А., Мамбеталиева, Г.С. Саясат таанүү. [Текст] / Бишкек. – 2014.- 365 б.

23.Акунов, А.А. К вопросу о связах между политикой и правом [Текст] / А.А.Акунов // Политика и общество. – 2008. - № 1. – 79-85 с.

24.Акунов, А. Политология [Текст]: кыскача сөздүк / А.Акунов, Т.Ожукеева, К.Байболов. – Б., 1996. - 400 б.

25.Акунов, А.А. Адам укуктары, демократия, бийлик [Текст]: энцикопедиялык сөздүк / А.А.Акунов, Г.С.Мамбеталиев. – Б., 2015. - 494 б.

26.Акунов, А.А. Политология кыскача сөздүк [Текст] / Т.Ожукеева, К.Байболов. – Б.: Б.у.и., 1996. – 400 б.

27.Алексеев, И. С. Искусство Дипломатии [Текст] / И.С.Алексеев. – М., 2008. – 237 с.

28.Асанканов, А. Кыргыз Руспубликасынын тарыхы [Текст]: ЖОЖдун окуу китеби / А. Асанканов, Г. Харченко. – Б.: Кыргызстан басма үйү. – 2000. – 368 б.

29.Баласагын, Ж. Куттуу билим [Текст] / Ж. Баласагын. – М., 1993. – 496 б.

30.Бекаев, М.Т. Афган тагы [Текст] М.Т.Бекбоев, Ж.М.Адиева, К.А.Мамадиев. – Б., 2013. – 115 б.

31.Бөкөшов, Ж. Б. Окуя өтөт, ой калат [Текст] / Ж.Бөкөшов. – Б., 2013. – 328 б.

32.Бөкөшов, Ж. Кыргыз философиясы [Текст] / Ж.Бөкөшов. – Б., 2013. – 392 б.

33.Буларкиева, М. Памир гүлдөрү [Текст] / М.Буларкиева. – Ф.: Кыргыз мамлекеттик басмасы. – 1961. – 107 б.
34.Вебер, М. Избранное. Образ. Общество [Текст] / М.Вебер. – М., 1994. – 190 с.
35.Джапанов, А. Кыргызтаануу. Санжыра. Кыргыздар [Текст]: 2-том / А.Джапанов. – Б., 2015. – 408 б.
36.Дор, Р. Ооган Памириндеги Кыргыздар [Текст]: тарыхый-этнографиялык баян / Р.Дор. –Б., 1993. – 104 б.
37.Жумабаев, Б. Кыргыз дүйнөтаанымы [Текст] / Б.Жумабаев. – Б., 2010. – 356 б.
38.Жумалиев К.М., Ожукеева Т.О. Государственные системы современности: сравнительный анализ [Текст]: / К.М.Жумалиев, Т.О.Ожукеева. - Бишкек, 1998. - 373 с.
39.Жумалиев, К.М. XXI век: Институт президентства в Кыргызской Республике [Текст]/ К.М. Жумалиев, Т.О.Ожукеева. – Б., 1998. – 216 б.
40.Жусуев, С. Памир авазы [Текст] / С.Жусуев. – Ф.: Кыргызстан басмасы, 1976. – 176 б.
41.Заринова, М. Э. Азыркы кыргыз тилиндеги дипломатиялык лексика [Текст] / М.Э.Заринова // Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Казы Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын жарчысы. – 2014. - № 3. – 147 б.
42.Игнатенко, А.А. Ибн-Халдун [Текст] /А.А.Игнатенко. – М., 1980.
43.Исаев, К. Кыргыз таануу маселелери [Текст] / Б., - 2016. – 474 б.
44.Исаев, К. Саясий элита: коомдогу бедели, социологиясы [Текст] / К.Исаев, Б.Сейитбаев. – Б, 2014. – 515 б.
45.Какеев, А.Ч. История философской науки в Кыргызстане [Текст]: учебник для вузов / А.Ч.Какеев. – Б., 2012. – 290 с.
46.Карл, Ш. Левиафан в учении о государстве Томаса Гоббса [Текст] / Д.В. Кузницына. - Санкт-Петербург, 2006. – 200 с.

47.Кашкари, М. Диван лугат ат-түрк [Текст] / М.Кашгари. – Стамбул, 1933-1935. – 232 б.
48.Кененсариев, Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясий өнүгүүсү [Текст] / Т.Кененсариев. – Б., 2009. – 353 б.
49.Киютин, В.Г. Afghan Refugees in Kyrgyzstan, Kazakhstan and Uzbekistan = Афганские беженцы в Кыргызстане, Казахстане и Узбекистане. Региональный центр по вопросам миграции и беженцев [Текст] / В.Г.Киютин. – Б., 2003. –358 с.
50.Князева, А. Афганстан и безопасность Центральной Азии [Текст] / А.Князева. – Б., 2004. – 166 с.
51.Конфуций. Лунь Юй. Антология мировой философии [Текст] / Юй Лунь. – 1969. – Т.1. – Ч.1.
52.Кошоев, М. Кыргыз эли: тарыхы жана руху [Текст] / М.Кошоев. – Б., 2006. – 732 б.
53.Кыргыз тарыхы. – Б., 2003. – 332 б.
54.Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы [Текст] / . – Б., 1998. – 307 б.
55.Лебон, Г. Психология масс [Текст] / Г. Лебон, в кн.: Лебон Г. Психология народов и масс. – СПб.: Макет, 1995. – С. 234.
56.Макиавелли, Н. Государь; Рассуждение о первой декаде Тита Ливия; О военном искусстве [Текст] / Н. Макиавелли, пер с итал. – Минск: ООО «Попурри», 1998. – 671 с.
57.Мамбетакунов,Э. Табият, инсан жана жан дүйнө [Текст] / Э.Мамбетакунов. – Б., 2015. – 326 б.
58.Манас - Кыргыз элинин тарыхый эпосу [Текст] / М. Жусуп (Айтучу)/ Шинжиан эл басмасы. - 2012. - 217 б.
59.Манас энциклопедиясы авторлор жамааты. -I том. – Б., 1995. – 141 б.
60.Манас энциклопедиясы. Аалам – Манастын музыкасы [Текст] / авторлор жамааты. – Б., 1995. 124 б.

61.Маркс, К. Каритал - Критика политической экономии [Текст]: процесс производства капитала. К.Маркс. П., 2008. – 510 с.
62. Огаренко, Е. С. Политические коммуникации [Текст] / Е. С.Огаренко. – О., 2013. 175 с.
63.Ожукеева Т.О. Государственные системы современности: сравнительный анализ [Текст] / Г.С. Мамбеталиева, А.Ш. Аадиралиева. – Б. - 2011. – 385 с.
64.Ожукеева, Т.О. Политология [Текст]: лекциялар курсу / К.Т. Иманалиев. – Б., 2004. – 292 б.
65.Ожукеева, Т.О. Развитие менеджмента в Кыргызстане [Текст] /Т.О.Ожукеева. – Б.: Илим, 1998. – 216 с.
66.Ожукеева, Т.О. Саясат таануу [Текст] / Т.О.Ожукеева, К.Т.Иманалиев. – Б.: Мамлекеттик тил жана адабият борбору, 2004.– 140 б.
67.Осмонов, О. Дж. История Кыргызстана [Текст] / О.Дж.Осмонов. – Б., 2013. – 146 с.
68.Өсөров, Э. Памир кайрыктары [Текст] / Э.Өсөров. – Б., Турар, 2014. – 121 б.
69.Платон. Государство [Текст] / Платон // Собр.соч. – М.: Мысль, 1971. – Т.3. – Ч.1. – 285 с.
70.Россия, Центральная Азия, Радикальный Ислам. – М., 2009. – 274 с.
71.Сагымбай энциклопедиясы, “Манас” [Текст] / А. Акматалиевдин ред. – Б.: Бийиктик плюс, - 2015. – 931 б.
72.Саралаев, У. Политические процесы в глобализирующемся мире [Текст] / У.Саралаев. - Душанбе: Ирфон, 2013. – 271с.
73.Сариева, К. Тоо философиясы [Текст] / К.Сариева. – Б., 2014. – 296 б.
74.Саркеев, Ж.С. Саясат таануу [Текст] / Ж.С.Саркеев, А.А.Айтбаева, Б.А.Жунушов. – Б., 2002. – 130 б.
75.Суюнбаев, М. Геополитические особенности Кыргызстана [Текст] / М.Сүйүнбаев // Центральная Азия и Кавказ (Журнал социально-политических исследований, Швеция). – 2005. - № 1(37). – 176 с.

76.Тард, Г. Общественное мнение и толпа. [Текст] / Г. Тард. – М.: Мысль, 1992. – 134 с.

77.Тентимишев, М. Биздин замандын кылым жаштуу манасчысы Жусуп Мамай [Текст] / Ч.Субакожоева. – Б., 2012. – 204 б.

78.Турал, Б. Рахманкул хан жана анын мезгили [Текст] / Б.Турал, А.Жаманкулова. – Б., 2013. – 208 б.

79.Чоркоев, М. Ооган согушунун өчпөс тактары (1979-1989) [Текст] / М.Чоркоев. – Б., 2013. – 228 б.

80.ШОС как фактор интеграции Центральной Азии: потенциал стран-наблюдателей и стран-соседей [Текст] /. – Б., 2009. – 228 с.

**3.Электрондук ресурстар**

81. Afghanistan played a draw against Kyrgyzstan in Friendly [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://southasiafootball.com/afghanistan-played-a-draw-against-kyrgyzstan-in-friendly/ . – Загл.с экрана. 2014.13.04.

82. Afghanistan was Soviets Vietnam. Boca Raton News. April 24, 1988. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://news.google.com/newspapers?nid=1291&dat=19880424&id=DIBUAAAAIBAJ&sjid=nI0DAAAAIBAJ&pg=4618,8684307. – Загл.с экрана. Retrieved December 22, 2011.

83. САСА-1000 долбоору ишке ашса, Кыргызстан бир киловатт электр энергиясынан 3,5 сомдон пайда көрөт, Эмилбек Момунов-Кабар [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kabar.kg/kyr/economics/full/69605 . -Загл.с экрана. 2015.05.01.

84. Сүйлөшүүлөр: региондо саясий жана экономикалык биримдик :گفتمان پیش‌نیازهای سیاسی و اقتصادی همگرایی منطقه‌یی, Balkhi M. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.tolonews.com/fa/programs/goftman/22968-goftman-political-and-economic-prerequisites-for-regional-integration-discussed. - Загл.с экрана. 2015. 24.12

*85.* From Central to South Asia: Energy ministers strike transmission line accord, Zafar Bhutta [Электронный ресурс]. – Режим доступа:

http://tribune.com.pk/story/998516/from-central-to-south-asia-energy-ministers-strike-transmission-line-accord/ . – Загл.с экрана. 2015.26.10.

86. Kırgızistan ve İran, İran-Afganistan-Tacikistan-Kırgızistan-Çin Demiryolu Yapma Olanağını Ele Alıyor [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.kabar.kg/tur/economics/full/9387. – Загл.с экрана. 2015. 29.01.

87. Parliamentary committee approves draft agreement on transmission and trade of electricity in Central and South Asia CASA-1000, Bishkek–24.kg news agency, Kutueva A. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: (http://www.eng.24.kg/parliament/175853-news24.html). – Загл.с экрана. 26-май 2015.

88. Timeline: Soviet war in Afghanistan [Электронный ресурс]. – Режим доступа:. BBC News. Published February 17, 2009. Retrieved, 2009.22.03.

89. Абдулметин Кескин. Кайда жашабайлы жүрөгүбүз дайыма Кыргызстан деп согот [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kyrgyzkabar.kg/news/11554 . - Загл.с экрана. 20.11.2014.

90. Алымбаев, М. Боордошторубузду боорго тарталы [Текст] / М.Алымбаев // Фабула. – 2012. – 24.04. - 9-б.

91. Атабаев, А. Мезгилди карыткан мекендештер [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/mezgildi-karytkan-mekendeshter.html. - Загл.с экрана. 06.06.2010.

92. Атамбаев, А. “ИМ” террорчул тобу Афганстанда таасирин кеңейтип жатканы Борбордук Азия регионуна түздөн-түз коркунуч келтирет” [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kabar.kg/kyr/politics/full/65903. - Загл. с экрана. 17.10.2015.

93. Афганстан жана Кыргызстан ортосундагы 3 кызматташтык келишимдерине кол коюлду ( امضای سه تفاهمنامه همکاری میان افغانستان و قرقیزستان),”Afghan Voice Agency (AVA), Афган маалымат агенттиги [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.avapress.com/vdcjhmeo.uqei8zsffu.html . - Загл.с экрана. 16.02.2014

94. Афганстан жана Кыргызстан өлкөлөрүнүн башчылары эки тараптык мамилелерди өнүктүрүүнү баса белгилешти ( روسای جمهور افغانستان و قرقیزستان به گسترش روابط دو جانبه تاکید کردند) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.irna.ir/fa/News/80813603/%D8%AE%D8%A7%D8, . – Загл.с экрана. 22.06.1392.
95. Афганстан Ислам Республикасынын Соода министрлиги [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://moci.gov.af/fa/page/8604 . – Загл.с экрана. 15.12.2014.
96. Афганстан Ислам Республикасынын тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктоо жаатындагы сессия, Махмуд Сейкал, Кабул [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.bbc.co.uk/persian/afghanistan/2012/12/121220_zs_afghan_foreign_policy.shtml . - Заглс экрана. 2012. 20.12.
97. Афганстан менен Кыргызстандын жолдоштук матчы ( بازی دوستانه فوتبال میان افغانستان و قرقیزستان) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.afghanpremierleague.com/prs/videos/%D8%A8%D8%A7% . – Загл.с экрана. 2014.12.04.
98. Афганстан менен Орто Азия мамлекеттеринин диалогу, Мажиди Т. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.tolonews.com/fa/afghanistan/13153-conference-convenes . - Загл.с экрана. Кабул, 2013.19.12.
99. Афганстан уже стоит на своих ногах и больше никогда не станет причиной нестабильности в Центральной Азии // Слово Кыргызстана, 29 октября 2014 года, с. 10-11.
100. Афганстан үчүн аймактык экономикалык кызматташтыктын маанилүүгү Conference Regional Economic cooperation Conference for Afghanistan-RECCA)محور نشست ریکا برای افغانستان [Электронный ресурс]. – Режим доступа: 2015.05.09. http://www.tolonews.com/fa/mehwar/21244-mehwar-importance-of-recca-reviewed, 2015.- Загл.с экрана.

101. Афганстан ШКУ мамлекеттери менен экономикалык жана маданий мамилелердин өнүгүүсүн каалайт ( افغانستان خواستار گسترش روابط اقتصادی و فرهنگی با اعضای سازمان شانگهای شد). [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.farsi.ru/doc/10051.html . - Загл.с экрана. 2014.16.12.

102. Афганстан, Кыргызстан и Таджикстан договорились объединить усилия в борьбе с наркотрафиком по «северному маршруту» CA-NEWS: центральноазиатская новостная служба, [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://thenews.kz/2014/05/30/1598609.html . - Загл.с экрана. 2014.30.10.

103. Афганстанда кооптуу абал жана регионалдык уюмдар менен мамиленин зарылдыгы (ناامنی در افغانستان و تقویت روابط سازمان های منطقه ای) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://farsi.ru/doc/8306.html. – Загл.с экрана. 21.1.2014.

104. Баиров, М. Памирлик кыргыздардын маселесин Мургаб аркылуу чечсе болоруно көзүм жетти [Текст] / М.Баиров// Учур. – 2013. – 14.10. – 3-б.

105. Бакиров, М. Памирдеги кыргыздардын орточо жашы // Жаңы Ордо, 2015-ж., 15-нояб. 9-б.

106. Беш өлкөнүн өкүлдөрү Темир жол долбооруна кол койду ( تفاهمنامه پروژه اتصال خط آهن با پنج کشور امضا شد) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://da.azadiradio.org/content/article/26746672.html, – Загл.с экрана.2014. 16.09.

107. В Бишкеке пройдет фотовыставка «Встреча двух веков», Пресс-Центр «КирТАГ», http://www.kyrtag.kg/news/v-bishkeke-proydet-fotovystavka-vstrecha-dvukh-vekov// . – Загл.с экрана. 2015.30.03.

108. В Кыргызстан впервые прибыла делегация женщин из Афганстана, Кудрявцева Т. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://arch.24.kg/community/165500-v-kyrgyzstan-vpervye-pribyla-delegaciya-zhenshhin.html . - Загл.с экрана. 2013.19.10.

109. Вахиди Ф. Кыргыз Республикасынын элчилигинин Кабул шаарында ачылышы (سفارتقرغزستان در کابل گشایش یافت) [Электронный ресурс]. – Режим

доступа: http://da.azadiradio.org/content/article/25265648.html . Загл.с экрана. 16.02.2014.

110. Жаңыл, Ж. Рахманкул – Памирдин акыркы ханы [Текст] / Ж.Жаңыл // ZAMAN-Кыргызстан. – 2015. – 20.02. – 14-б.

111. Информационное обеспечения аппарата Правительства КР., Премьер-министр Кыргызстана и второй вице-президент Афганстана обсудили актуальные вопросы двустороннего сотрудничества [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.kabar.kg/politics/full/67414 . - Загл.с экрана. Бишкек, 30 ноября.

112. Исабаева, Ж. Кыргыз Республикасынын улуттук тун гезити [Текст] / Ж.Исабаева // Кыргыз Туусу. – 2014. – 12.12. - № 95 (23884).

113. Карзай Кыргызстан менен Афганстандын өз ара мамилесин каалоодо (کرزی به گسترش روابط با قرقیزستان تاکید کرد) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.farsi.ru/doc/8468.html . – Загл.с экрана. 18.2.2014

114. КРнын президенти Алмазбек Атамбаев Ооганстандын Улуттук коопсуздук кеңешинин катчысы менен кызматташтыкты талкуулады [Электронный ресурс]. – Кабар: http://kabar.kg/kyr/politics/full/76119. 12-август 2016.

115. Кыргыз Республикасында Улуттук тажрыйба топтоо программасында Афганстандагы качкындар катышууда [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kabar.kg/kyr/society/full/71810 . - Загл.с экрана. 10.03.2016.

116. Кыргыз Республикасынын Афганстандагы элчиси өлкөсүнүн Афганстан мамлекети менен болгон дипломатиялык мамилесине баа берди (سفیر قرقیزستان در کابل از تقویت روابط دیپلماتیک با افغانستان خبر داد) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.farsi.ru/doc/10619.html . Загл. с экрана. 13.04.2015.

117. Кыргыз Республикасынын президенти А. Атамбаев Афганстандын президенти Хамид Карзай менен жолугушту [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.president.kg. – Загл.с экрана. 2013. 12.09.

118. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Казы Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын Жарчысы [Текст] /. - ISSN1694-7207. – 2015. - № 5. – 97 б.
119. Кыргыз Республикасынын элчилигинин Кабул шаарында ачылышы (گشایش سفارت قرقیزستان در کابل) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://ariananews.af/latest-news-fa/%DA%AF%D8%B4%D8%A7%DB. – Загл. с экрана. 16.02.2014.
120. Кыргызстанды таануу жана Афганстан менен мамилеси ( آشنایی با قرغزستان وپیشینه روابط با افغانستان), Афган дипломатиясы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.afdiplomacy.af/world/811.html#.VEJtLiKsW58, - Загл.с экрана.10.07.2012.
121. Кытайдан Иранга чейинки Темир жол долбооруна кол коюлду ( تفاهمنامه پروژه اتصال خط آهن ایران با چین از طریق افغانستان امضا شد) Аналитикалык маалыматтык сайт [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.payamerooz.net/NewsDetail.aspx?NsId=3223,– Загл.сэкрана.16.09.2014.
122. Обнаружено тело президента Афганстана, убитого в 1978 году, Униан [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.unian.net/politics/126498-obnarujeno-telo-prezidenta-afganistana-ubitogo-v-1978-godu.html, - Загл.с экрана. 29.06.2008.
123. Ооганстан маселеси, Кабар [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://pda.kabar.kg/kyr/politics/full/52760?all. – Загл.с экрана. 13.10.2013.
124. Орто Азия жана Афганстан: келечектеги мамиле жана өзгөрүштөр (آسیای مرکزی و افغانستان؛ چشم‌اندازهای تحول در روابط آینده) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://betaja.ir/%D8%A2%D8%B3%DB . – Загл.с экрана.15.02.2014.
125. Орто Азиянын лидер аялдары Бишкекке чогулду [Электронный ресурс]. – Чолпон Бекболотова. *Би-Би-Си Кыргыз кызматы*:http://www.bbc.com/kyrgyz/mobile/kyrgyzstan/2011/07/110718_kyrgyz_women.shtml. 18-июн 2011.

126. Памирлик кыргыздар үчүн Чоң-Алай районунан 20 гектар жер бөлүнгөн [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kabar.kg/kyr/regions/full/70589. - Загл.с экрана. 15.03.2016.

127. Примбердиев А. Памир күндүн этеги. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/pamir-k-nd-n-etegi.html . - Загл. с экрана. 23.10. 2015.

128. Рахманкул хан – Орто Азиянын акыркы ханы, Эгемкулов Давут, Булак: “Азия Ньюс”(М.Э) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/rakhmankul-khan-orto-aziianyn-akyrky-khany.html, - Загл. с экрана. 05.09. 2013.

129. Рахманкул хан, же азапка туулган кыргыздар, Ибраимов О., Азаттык [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_history_rakhmankul_khan/24671479.html, - Загл. с экрана. 09.08.2012.

130. Ричард С (Richard C.) (April 22, 1988). “The Soviets' Vietnam”. Washington Post [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.highbeam.com/doc/1P2-1252421.html . - Загл.с экрана. Retrieved December 22, 2011.

131. Сапарбаев, А. Памир кыргыздары [Текст] / А.Сапарбаев, К.Темиркулов // Ачык сөз. – 2014. - № 4 (012). - 14.08. – 14-б.

132. Саясат жана Орто Азияда өкмөт = سیاست و حکومت در آسیای مرکزی [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://zayeri.blogfa.com/post-112.aspx . - Загл.с экрана. 02.03.2016.

133. Согуш деңизинде тынчтык, Седдик Тарзи [Электронный ресурс]. – Режим доступа:http://www.kotiposti.net/msaleha/nai_8/sh_10/p_%206.html, 31.10.2010,Рахпо, 18.10.2014. – Загл. с экрана.

134. СССРдин Афганстанга кирүүсү [Электронный ресурс]. – Режим доступа: (SSCB’nin Afganistan’ı İşgali ve İç Savaş),

http://asimetriksavaslar.wordpress.com/2011/04/03/200/ . – Загл.с экрана. 20.04.2014.

135. Стамбул шаарында өткөн Рахманкул хандын 100 жылдык мааракесине катышып келишти, “Республика” фракциясынын катчылыгы, Сабиров Максат, Кутушев Абдыманап (депутаттар) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://inter.kg/sobytiya-dnya/. – Загл.с экрана. 18.10.2014.

136. Темир жолу Кытай жана Афганстанды Иранга байланыштырат ( خط آهن جدید افغانستان، چین را با ایران وصل می کند) Варшан А., Садаий Америка-Ашна [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.darivoa.com/content/afghanistan-railway-between-china-and iran/2561338.html?utm_medium=twitter&utm_source=twitterfeed. - Загл.с экрана. 16.12.2014.

137. Турду Акун ажынын Кыргызстандагы Сапары, Салтанат Бараканова [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/turdu-akun-azhynyn-kyrgyzstandagy-sapary.html . - Загл.с экрана.14 Октября 2015

138. Түп району Памирден 5 үй-бүлө кыргызды жайгаштырууга даяр [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kabar.kg/kyr/society/full/71637. - Загл. с экрана. 15,03,2016.

139. Федерация Футбола Кыргызской Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://ffkr.kg/poslematchevye-kommentarii-trenerov-sbornyx-kyrgyzstana-i-afganistana-po-futzalu/ . – Загл.с экрана. 16-ноябрь 2015.

140. Фото выставка «Встреча двух веков» [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.mz.gov.kg/ky/node/2308, - Загл. с экрана.30.03.2015.

141. Хамид К.,( متن سخنرانی حامد کرزی رئیس جمهوری اسلامی افغانستان در سیزدهمین اجلاس سران سازمان همکاری های شانگهای, АИРнын басма сөз бөлүмү [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://president.gov.af/fa/news/president-hamid-karzais-statement-in-the-13th-summit-of-the-council-of-heads-of-the-shanghai-cooperation-organization-sco, Бишкек шаары, Хамид Карзайдын сүйлөгөн сөзү. – Загл.с экрана. 13.09.2013.

**4.Чет элдик адабияттар**

142. Anıl, G., Türk Devletleri, Fark Yayınları [Text] / G.Anil. – 4.Baskı. - Ankara, 2007. – 562 s.

143. Ateş, D. Uluslararası Politika [Text] /D.Ateş. – Bursa, 2013. – 503 s.

144. Beriş, H. E., Siyaset Bilimi [Text] / H.E.Beriş. – Anadolu: Anadolu Üniversitesi, Yayın № 2671, Eski Şehir. – 327 s.

145. Bulut, M. Medeniyetler Güzergahı İpek Yolu [Text] / M.Bulut. - İstanbul, 2014. – 342 s.

146. Demirtepe, M.T. Uluslararasi Sistemde Orta Asya Dis Politika ve Guvenlik[Text] / M.T.Demirtepe. – Ankara: Usak Yayinlar, 2013. –309 s.

147. Djalili, M.R. Yeni Orta Asya Jeopolitiği SSCB'nin bitiminden 11 Eylül sonrasına, bilge kültür sanat yayın evi [Text] /M.R.Djalili, T.Kellner, çeviren: Reşat Uzman. – Istanbul, 2009. – 528 s.

148. Hasgüler, M. Devletlerarası ve Hükümetler dışı Uluslararası Örgütler [Text] /M.Hasgüler, M.B.Uludağ. - İstanbul: Melisa Matbaacılık, 2012. – 733 s.

149. Inat, K. Dünya Çatışmaları; Çarışma Bölgeleri ve Konuları [Text] / ed.K.Inat, A.Duran. – 1. Cilt. - Ankara, 2010. – 974 s.

150. Işyar, O.G., Karsilastirmali Dis Politikalar [Text] / O.G.Işyar. – Bursa, 2013. – 689 s.

151. Parag , K. Yeni Dunya Duzeni yeni yukselen gucler 21. Yuzyilda Dunyayi Nasil Belirliyor? [Text] /K.Parag. – Istanbul, 2011. – 464 s.

152. Şahin, M., Din- Dış Politika İlişkisi ABD Örneği [Text] /M. Şahin. - Ankara, 2009. – 272 s.

153. Tayyar, A. Uluslararası İlişkiler Teorileri [Text] /A.Tayyar. – Bursa, 2010. – 572 s.

154. Timurlan, O. Kırgız sacaralarına göre Türk boyları [Text] / O.Timurlan. – Ankara, 2008. – 601 s.

155. Akaev, A. Diplomacy of the Great Silk Roud [Text] / A.Akaev. – B., 2001. – P. 463.

156. Andican, A.A. Turkestan Struggle Abroad- from Jadidism to Independence [Text] / A.A.Andican. - New Basrthville, 2007. – P. 296.

157. Baker, K. War in Afghanistan [Text] / K.Baker. – Malaysia: PrettyInPress, 2011. – P. 311.

158. Fazlur, R.M. Afghanistan: Regional Security and NATO [Text] / R.M.Fazlur. - (Special Issue Afghanistan). – Islamabad: Institute of Policy Studies, 2008. – P. 283.

159. Kavalari, E. Central Asia and Rise of Normative Powers: Contextualizing the Security Governance of the European Union, China, and India, Bloomsburry [Text] / E. – NY., 2012. – P. 354.

160. Kenneth, W. Theory of International Relations [Text] / W.Kenneth. - Addison-Wesley Publishing Company, 1979. – P. 310.

161. Krader, L. People of Central Asia [Text] / L.Krader. – London: Curzon Press, 2006. – P. 474.

162. Machiavelli, N. The Prince. W. K. Marriott 1515.- P. 130.

163. Mirja, J. Return to the Silk Routes- Current Scandinavıan Research on Central Asia [Text] /J.Mirja, B.N.Schlyter. – NY., 1999. – P. 362.

164. Yousaf, M. Afghanistan, the bear trap: the defeat of a superpower [Text] / M.Yousaf, M.Adkin. - Casemate,1992. – P. 296.

165. Nezihoglu, H. International Conference on Security ChallengesinCentral Asia, international Ataturk-Alatoo University and Kyrgyz Police Academy [Text] / H.Nezihoglu, M. O. Bakir. – B., 2004. - 19 Feb. – P. 371.

166. آرزو عبدالغفور، افغانستان و جامعه جهانی، وزارت امور خارجه افغانستان، مطبعه شبیر، کابل، = Арзу, А. Афганстан жана дүйнө жамааты [Текст]. Афганстан тышкы иштер министрлиги, Кабул. – 373 б.

167. آرزو عبدالغفور، سیاست خارجی افغانستان در آستانه قرن بیست و یک، سخنرانی ها، گفتگوها و کنفرانس های خبری دوکتور رنگین دافر سپنتا وزیر امور خارجه جمهوری اسلامی افغانستان، وزارت امور خارجه افغانستان، مطبعه مسلکی افغان، کابل = Арзу, А. XXI кылым башында Афганстандын тышкы саясаты [Текст]. АИРнын тышкы иштер минитри Д. С. Рангин, Кабул. – 2009. 334 б.

168. ضیاالدین سردار، مریل وین دیویس، (مترجم: عظیم فضلی پور) چرا مردم از آمریکا متنفرند؟ اداره دارالانشا افغانستان، کابل، 2006، صفحه 17-18 = Зиаудин С., Марил В. Д. Адамдар эмне үчүн Американы жек көрөт? [Текст]. А. Фазлипор. Кабул. 2006. – 278 б.

169. فرامرز تمنا، سیاست خارجی افغانستان در سپهر همکاری های منطقه یی، جلد اول، مرکز مطالعات استراتیژیک وزارت امور خارجه ج.ا.افغانستان، کابل، 2014، صفحه 442 = Регионалдык кызматташтык негизинде Афганстандын тышкы саясаты [Текст]. АИР ТИМ. Кабул. 2014. – 442 б.

170. لودویک آدمک، (مترجم: علی محمد زهما)، تاریخ روابط سیاسی افغانستان: از زمان امیر عبدالرحمن تا استقلال. انتشارات میوند، کابل، 2004، صفحه 1. = Адамк Л. Афганстан саясий мамилелерин тарыхы: Абдурахман хан мезгилинден эгемендүүлүгүн алганга чейин [Текст]. Интишарат Майванд. Кабул. 2004. – 351 б.

171. محمدجواد مشکور، جغرافیای تاریخی ایران باستان، تهران، دنیای کتاب، چاپ اول، 1992، صفحه 732 = Машкур М. Д. Ирандан Тарыхый Географиясы [Текст]. Китеп дүйнөү. Тегран. 1992. – 732 б.

172. مورگنتا هانس، سیاست میان ملت ها، ترجمه حمیرا مشیر زاده، تهران: موسسه چاپ و انتشارات وزارت امور خارجه، 1995، صفحه 197 = Моргентау, Г. Элдердин арасында саясат [Текст]. Х. Маширзада. Иран Тышкы иштер министрлиги. Тегран. 1995. – 197 б.

173. میرآقا حقجو، افغانستان و مداخلات خارجی ، مطبعه میوند، کابل، 2005، صفحه 100 = Афганстан жана чет элдик кийлигишүүлөр [Text]. Майванд. Кабул. 2005- 232 б.

## 1-тиркеме

## Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын саясий-дипломатиялык мамилелеринин хронологиясы

### 1992-жыл

**6-октябрь:** Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасынын саясий-дипломатиялык мамилелери Нью-Йорк шаарында түзүлгөн.

### 2002-жыл

**26-март:** Кыргыз Республикасынын өнөр жай жана соода министринин экс-орун басары А. Сулайманкулов Кыргыз Республикасынын делегациясын жетектеп, Кабулга расмий иш-сапар менен барган. Аталган сапарда Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай, тышкы иштер жана соода министрлери менен жолугушуп, экономикалык кызматаштык жаатында жана эки өлкө арасында элчиликтердин ачылышы тууралуу келишимдерге кол коюшкан.

**27-март:** Кыргыз Республикасы менен Афганстан Ислам Республикасы ортосунда "Өз ара кызматташтык түшүнүү жөнүндө меморандумга" Кабул шаарында кол коюлган.

**28-август:** Афганстан Ислам Республикасынын эң алгачкы ыйгарымдуу элчиси катары Абдуль Кадыр Достум Бишкек шаарына келип, Афганстан Ислам Республикасынын Кыргызстандагы элчилигин ачкан.

### 2006-жыл

**14-июль:** АКШ менен Кыргызстандын ортосунда сүйлөшүүлөр өткөзүлүп, "Ниет протоколдоруна" кол коюлган. Ага ылайык НАТОнун "Манас" аскердик базасы 2014-жылдын 14-апрелине чейин АКШнын карамагында болгон.

**2008-жыл**

**16-август:** Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай ШКУнун өлкө башчыларынын отурумунун алкагында алгачкы жолу катышуу максатында Бишкекке келген.

**2010-жыл**

**5-март:** Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын элчилигинин Кабул шаарында ачылуусу тууралуу №69-Жарлыгын жарыялаган жана Кыргыз Республикасынын Афганстан менен болгон мамилесин ар кандай жааттарда кеңейтүүнү каалларын белгилеген.

**2011-жыл**

**23-ноябрь:** Афганстан, Кыргызстан, Тажикстан өз ара аймактык экономикалык кызматташтык максатында багытталган жарандар жана жүк ташуучу транзиттик жана транспорттук чек ара каттамынын аймактык Орто Азия кызматташтык келишимине (CBTA) (23-ноябрда Тажикстан, 10-декабрда Афганстан жана 23-июлда Кыргызстан) кол коюшкан.

**24-декабрь:** Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзайдын буйругу менен Нур Мухаммад Каркин Афганстан Ислам Республикасынын элчиси катары дайындалган.

**2012-жыл**

**Февраль:** КРнын Тышкы иштер министри Руслан Казакбаев Афганстан Ислам Республикасынын элчисин кабыл алып, Памирдеги этникалык кыргыздар маселеси жана аларга жардам берүү жөнүндө эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн.

**5-декабрь:** Афганстан Ислам Республикасынын экс-президентинин экинчи орун басары Мухаммад Карим Халили, ШКУнун мүчө өлкөлөрүн Өкмөт башчыларынын Кеңешинин отурумуна катышуу максатында Бишкек шаарына келген. Ошол расмий сапарында Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаев «Ала-Арча» мамлекеттик резиденциясында Афганстан Ислам Республикасынын вице-президенти Мохаммад Карим Халилини кабыл алган.

**2013-жыл**

**22-23-январь:** Афганстан Ислам Республикасынын тышкы иштер министринин мурдагы биринчи орун басары Жавид Лудин өзүнүн Орто Азия өлкөлөрүнө болгон иш сапарында Кыргызстанга келип, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министринин орун басары Самаргүл Адамкулова менен жолугушуп, эки өлкөнүн саясий мамилелерин күчөтүү жана жөнгө салуу максатында КР ТИМ менен АИР ТИМ орун басарларынын демелгеси менен "Саясий пикир алмашуу" тууралуу макулдашууга Бишкек шаарында кол коюлган.

**6-март:** КРнын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети жана АИРнын Улуттук коопсуздук боюнча башкы башкармалыгы өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык жөнүндө меморандумга Кабул шаарында кол коюшкан.

**2-май:** Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаевдин Жарлыгы менен А. Абдразаковдун Кыргыз Республикасынын Афганстан Ислам Республикасындагы элчиси катары дайындалган.

**21-июнь:** Кыргыз Республикасынын Афганстан Ислам Республикасындагы элчиси А. Абдразаков Кабулга сапар алып, расмий түрдө өз ишин баштаган.

**11-12-сентябрь:** Афганстан Ислам Республикасынын айлана-чөйрөнүн экологиялык тазалыгын сактоо органынын башчысы Мустафа Захир Бишкек шаарында өткөн ак илбирсти сактоого арналган эл аралык конференцияга катышкан.

**12-сентябрь:** Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев ШКУнун мүчө-мамлекет башчыларынын Кеңешинин Саммитине катышуу үчүн келген Афганстан Ислам Республикасынын Президенти Хамид Карзай менен жолугушкан. Жолугушуунун жүрүшүндө өлкөлөр ортосунда регионалдык коопсуздук жана соода-экономикалык кызматташуу маселелери талкууланган.

**12-13-сентябрь:** Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай Бишкекте өткөн ШКУнун мүчө-мамлекет башчыларынын Кеңешинин 13-Саммитине катышып, сөз сүйлөгөн.

**10-октябрь:** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан "Афганстан – 2014: Афганстан Ислам Республикасындагы кырдаалдын өнүгүү келечеги, Афганстандан Коопсуздукка көмөк көрсөтүүчү эл аралык күчтөрдүн негизги аскердик контингенттеринин алынып чыгышына байланыштуу Борбордук Азияда коопсуздуктун чакырыктары жана коркунучтары" деп аталган эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн.

**Октябрь:** Афганстан Ислам Республикасынын Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун директору Абдул Гафур Ливал, Афганстан боюнча эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышу максытында Бишкек шаарына келген.

**13-ноябрь:** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен НАТОнун Парламенттик Ассамблеясы тарабынан уюштурулган Роуз Роттун (Rose Roth) «Афганстан жана региондун келечеги: ааламдашуу кызматташтыгы» темасындагы 84-семинары Бишкек шаарында өткөн.

**19-декабрь:** Афганстан Ислам Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр институтунун демилгеси менен "Афганстан жана Орто Азия мамлекеттеринин (Кыргызстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Казакстан мамлекеттери)" өкүлчүлүктөрүнүн катышусунда региондо коопсуздукту сактоо маселелерин талкуулоо максатында өз ара диалог Кабул шаарында өткөрүлгөн.

**2014-жыл**

**27-январь:** Афганстан Ислам Республикасынын өзгөчө кырдаалдар агенттиги жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык жүргүүзү жөнүндө меморандумга" Кабул шаарында кол коюлган.

**15-февраль:** Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Эрлан Абдылдаев Афганстандын борбору Кабул шаарына расмий сапар менен барып, Кыргыз Республикасынын элчилигин расмий түрдө ачкан.

**16-февраль:** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин К. Дыйканбаев атындагы дипломатиялык академиясы менен Афганстан Ислам Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин дипломатиялык институтунун ортосунда бирге иш алып баруу жана билим берүү, кесипке окутуу, консультация берүү жана изилдөө тармагында, ошондой эле башка тармактарда узак мөөнөттүү жана өз ара пайдалуу кызматташуу үчүн өз ара түшүнүү меморандумуна Кабул шаарында кол коюлган.

**16-февраль:** Афганстан Ислам Республикасы жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрликтеринин ортосундагы эки тараптуу кеңешүү протоколуна аталган мекеменин өкүлдөрү Кабул шаарында кол коюшкан.

**16-февраль:** Афганстан Ислам Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин жана Кыргыз Республикасынынын Тышкы иштер министрлигинин ортосундагы мамилелерди бекемдөө жана саясий кызматташтык келишимине” эки өлкөнүн аталган мекемелердин министрлери Кабул шаарында кол коюшкан.

**27-февраль:** Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев өлкөнүн тышкы иштер министри Эрлан Абдылдаевди Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнө жасаган сапарларынын жыйынтыктары талкуулоого кабыл алган. Ошондой Эрлан Абдылдаев Мамлекет башчысына Индия Республикасына, Афганстан Ислам Республикасына, Малайзияга, Вьетнам Социалисттик Республикасына, Кытай Эл Республикасына жасаган сапарындагы сүйлөшүүлөр жана жетишкен макулдашуулар тууралуу маалымат берген. Президент Кыргызстан үчүн артыкчылыктуу багыттарда аталган өлкөлөр менен эки

тараптуу кызматташууну мындан ары өнүктүрүү боюнча ишти улантуу тапшырмасын берген.

**3-май:** Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзайга Афганстандын түндүк-чыгышында жайгашкан Орго районунда жер көчкүнүн кесепетинен көптөгөн курмандыктар болгондугуна байланыштуу көңүл айткан.

**25-июнь – 01-июль:** Афганстан Ислам Республикасынын Мешрану Жиргасынын (Ак сакалдар Кеңешинин) эл аралык мамилелер бөлүмүнүн башчысы Нисар Ахмад Харыстын жетекчилигинде 4 сенатордон турган делегация менен расмий сапар алып Кыргызстанга келген.

**4-октябрь:** Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Афганстан Ислам Республикасынын Президенти Мохаммад Ашраф Ганинин Курман айт майрамы менен куттуктаган. Куттуктоо телеграммасында элдердин маанилүү руханий мурасы болгон Курман айт жакшылык, адилеттүүлүк, мээримдүүлүк жана ынтымак өңдүү түбөлүктүү баалуулуктарды эске саларын белгилеп, Мамлекет башчысына мамлекеттик ишмердүүлүгүндө ийгиликтерди жана бакубатчылык, ал эми достук өлкөнүн элине тынчтык жана гүлдөп өнүгүү каалаган.

**17-ноябрь:** Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн № 507-буйругунун негизинде Афганстан Ислам Республикасынын Кичи жана Чоң-Памиринде жайгашкан этникалык кыргыздарга гуманитардык жардам көрсөтүү демилгеси боюнча министрлер, дарыгерлер жана массага маалымдоочу каражаттардын өкүлдөрүнөн турган атайын экспедициялык топ дайындалган.

**19-25-ноябрь:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Афганстандын Кичи жана Чоң-Памиринде жашаган кыргыздарга гуманитардык жардам көрсөтүлгөн.

**27-ноябрь:** Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министринин демелгеси менен Бишкектеги Гапар Райымжан атындагы

Улуттук көркөм өнөр музейинин конференция залында “Бүгүнкү күндө Афганстанда жашаган этникалык кыргыздардын жашоо шарты менен таанышуу” аттуу сүрөт көргөзмөсү өткөрүлгөн.

**29-ноябрь:** Афганстан, Кыргызстан жана Тажикстан мамлекеттеринин ортосунда өз ара үч тараптуу макулдашуу менен баңги зат өндүрүүгө каршы күрөшүү, маалымат алмашуу жана билим берүү тармактарында кызматташуу үчүн Дүйшөмбү шаарында кол коюлган.

**28-ноябрь:** Бишкек шаарында “Улуу Жибек жолу мамлекеттеринин өнүгүүсү” аттуу конференция өткөрүлгөн. Аталган конференцияда Афганстан Ислам Республикасы тарабынан делегация катышкан.

**14-декабрь:** Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Жоомарт Оторбаев Казакстанда өткөн ШКУнун өлкөлөрүнүн Премьер-министрлеринин 13-отурумунун алкагында Афганстан Ислам Республикасынын Улуттук Биримдик Өкмөтүнүн аткаруучу башчысы Абдуллах Абдуллах менен жолугуп, эки өлкөнүн жалпы саясий мамилелерин талкуулашкан.

**17-декабрь:** Орто Азия жана Түштүк Азия өлкөлөрүн соода-сатык жана экономикалык жактан кызыктырган долбоор – темир жол куруу долбоору Кытай, Кыргызстан, Тажикстан, Афганстан, Иран өлкөлөрүнүн ортосунда темир жол куруу демилгеси аталган беш өлкө өкүлдөрү тарабынан Дүйшөмбү шаарында кол коюлган.

**2015-жыл**

**20-март:** Афганстан Ислам Республикасынын Президенти Мохаммад Ашраф Гани Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевди жана Кыргызстандын элин Нооруз майрамы менен куттуктаган. Куттуктоодо байыркы Нооруз майрамы өлкөлөрүбүздүн маданий жана руханий мурастарыбыздын жалпылыгын жана эки элдин жакындыгын белгилеп тургандыгы айтылат. Афганстандын Президенти Мохаммад Ашраф Гани келе жаткан жаңы жыл эки элге тең тынчтык, бейпилдик жана өнүгүү, эки тараптуу достук мамилелердин өнүгүшүн алып

келсин деген ишенимин билдирген. Мохаммад Ашраф Гани Президент Алмазбек Атамбаевге чың ден соолук жана ийгиликтерди, ал эми боордош Кыргызстан элине тынчтык жана гүлдөп өнүгүү каалаган.

**31-март:** Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги, Кыргызстандагы ЮНЕСКОнун Улуттук комиссиясы, Lions club Bishkek жана жаш волонтёрлор борборунун көмөгү менен Афганстандагы кыргыздарга жардам көрсөтүү максатында “Эки кылымдын жолугушуусу” аттуу сүрөт көргөзмөсү өткөрүлгөн.

**21-апрель:** Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министринин орун басары А. Асанбаевдин жана Кыргыз Республикасынын Афганстандагы өзгөчө жана толук ыйгарымдуу элчиси А. Абдуразаков менен жолугушуп Афганстандын Кичи жана Чоң-Памиринде жашаган этникалык кыргыздарга тиешелүү көйгөйлөр каралган.

**7-17-июнь:** Афганстан Ислам Республикасынын дипломатиялык институтунун жетекчиси Мухиб Спингар 4 кишиден турган афган жаш дипломаттарынын делегациясын жетектеп, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын, Бириккен улуттар уюмунун өнүктүрүү программасынын (БУУӨП-UNDP) жана ЭККУнун демөөрчүлүк колдоосу менен өткөрүлгөн «XXI кылымдын дипломатиясы: глобалдаштыруу шарттарында Орто Азия» аттуу эл аралык жайкы дипломатиялык мектебине (The Summer School) катышууну көздөп, Кыргызстанга расмий сапар менен келген.

**14-октябрь:** Афганстан Парламентинин мурдагы памирлик кыргыздар сенатору Турду Акун ажы Кыргызстанга келип, ошол кездеги Премьер-министр Бабанов Өмүрбек Токтогуловичтин жардамы менен тарыхый мекени болгон Чоң-Алайга барып зиярат кылып, ата-бабалары жаткан күмбөзгө куран окуп, чоң атасы тиккен теректердин жанында сүрөткө түшкөн.

**19-декабрь:** Кыргыз Республикасынын Тегерандагы элчиси А.Осмоналиев Иран Ислам мамлекетинин тышкы иштер министринин орун

басары Бирахим Рахимпур менен жолугуушусунда 2016-жылы өлкөлөр аралык кызматташтыкты активдештирүүнүн зарылдыгы, ошондой эле энергетика, айыл чарба жаатында, Кытай – Кыргызстан – Тажикстан – Афганстан – Иран маршруту боюнча темир жол куруу маселеси талкууланган.

**2016-жыл**

**3-февраль:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын кайрылмандар менен иштешүү бөлүмүнүн Чоң жана Кичи-Памир айылдарында жашап жаткан кыргыздарга Чоң-Алай районунун аймагынан 20 гектар жер бөлүнгөн.

**18-март:** Афганстан Ислам Республикасынын Президенти Мохаммад Ашраф Гани Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевди жана Кыргызстандын элин Нооруз майрамы менен куттуктаган.

**12-май:** Кыргызстандан жана Тажикстандан Афганстанга жана бул өлкө аркылуу Пакистанга CASA-1000 долбоорунун алкагында 1300 МВт электр жарыгын экспорттоо кызматташтыгы аталган төрт өлкө башчыларынын катышуусу менен Тажикстанда ишин баштаган.

**12-май:** Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Сооронбай Жээнбеков 2016-жылдын 11-майында Тажикстан Республикасына жасаган жумушчу сапарынын алкагында Дүйшөмбү шаарында Афганстан Ислам Республикасынын Аткаруу бийлигинин башчысы Абдулла Абдулла менен жолугушуп эки мамлекеттин өз ара саясий, маданий-гуманитардык жана экономикалык мамилелерин талкуулашкан.

**20-май:** Кыргызстандын Афганстандагы өзгөчө жана ыйгарым укуктуу элчиси Авазбек Абдуразаковдун Афганстандын Эмгек, социалдык жана майыптар маселеси боюнча министри Насрин Урьяхель менен жолугушуп афгандык майыптар менен пенсионерлерге жардам көрсөтүү чөйрөсүндө эки тараптуу кызматташтыктын актуалдуу маселелерине баа беришкен. Атап айтканда, Н. Урьяхель Кыргызстандан врач-

психиологдорду тартууга, жетим балдар көйгөйлөрүн чечүү, бала бакчаларды, майыптар үчүн санаторий курууга инвестиция тартууга кызыкдар экенин белгилеген. Ошондой эле Н. Урьяхель иш сапар менен Кыргызстанга келүүгө жана эки тараптуу мамилелерди мындан ары өнүктүрүү максатында КРнын тиешелүү министрлиги же ведомствосу менен кызматташтык тууралуу меморандумга кол коюуга кызыкдарлыгын билдирген.

А. Абдуразаков министр Н. Урьахелге КРнын экономикасынын алгылыктуу тармагы жана социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн багыттарын, КРнын Өкмөтүнүн өлкөнү тамак-аш коопсуздугу менен камсыздоо боюнча жүргүзүп жаткан чаралары, Кыргызстандын туристтик зор мүмкүнчүлүгү, ошондой эле алдыда боло турган Бүткүл дүйнөлүк 2-көчмөндөр оюндары тууралуу маалымат берген.

**29-май:** Кыргыз Республикасынын Афганстан Ислам Республикасындагы элчиси Авазбек Абдуразаков Афганстандын Тышкы иштер министрлигинин ыраазычылык грамотасына татыктуу болгон. АИР ТИМ башчысы Салахуддин Раббани КРнын Афганстандагы өзгөчө жана ыйгарым укуктуу элчиси Авазбек Абдуразаковго Кыргызстан-Афганстан эки тараптуу мамилелерин өнүктүрүүгө, андан тышкары Кыргызстан менен Афганстандын ТИМ Дипломатиялык академияларынын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн ыраазычылык грамотасын тапшырган.

**12-август:** Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Афганстан Улуттук коопсуздук кеңешинин катчысы, Афганстан Ислам Республикасынын Президентинин коопсуздук маселелери боюнча кеңешчиси Мохаммад Ханиф Атмар менен Бишкек жаарында жолугушуп, эки өлкө ортосундагы саясий карым-катнаштын деңгээлин жогорулатуу менен бирге соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштарды андан ары өнүктүрүү, ошондой эле коопсуздук чөйрөсүндө

кызматташтыкты активдештирүү эки тараптын тең кызыкчылыктарына жооп бере тургандыгын талкуугa алган.

**29-сентябрь:** Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Э.Абдылдаев Афганстан Ислам Республикасынын Кыргыз Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Нур Мохаммад Каркиндин Кыргызстандагы дипломатиялык миссиясынын бүтүп жаткандыгына байланыштуу жолугушуу болгон. Жолугушуунун жүрүшүндө министр Э.Абдылдаев элчи Н.М.Каркинге Афганстан Ислам Республикасынын Кыргызстандагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси катары кыргыз-афган кызматташтыгынын бекемделишине жана ишин илгерилетүүгө кошкон салымы үчүн терең ыраазычылык билдирген.

**3-ноябрь:** Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин милдетин аткаруучу Сооронбай Жээнбеков, Шанхай Кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчылар кеңешинин алкагында Афганстан Ислам Республикасынын Аткаруу бийлигинин башчысы Абдулла Абдулла менен жолугушуп, кыргыз-афган эки тараптуу кызматташтыгынын учурдагы абалы жана келечегин талкуулаган.

**11-ноябрь:** Афганстан Ислам Республикасынын Кыргыз Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси ктары Мухаммад Иса Месбах дайындалып, 11-ноябрда Бишкек шаарына келген.

## 2-тиркеме

**Афганстан Ислам Республикасынын экс-президенти Хамид Карзай Бишкекте өткөн ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин башчыларынын Кеңешинин 13-Саммитинде сүйлөгөн сөзү[1]:**

“Ырайымдуу жана Мээримдүү Алланын ысымы менен баштаймын.

Урматтуу Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев, Урматтуу өкмөт жана өлкө башчылары, ШКУнун генералдык катчысы, Урматтуу айымдар жана мырзалар!

Бүгүнкү ШКУ башчыларынын отурумунда катышып жаткандыгым мен үчүн чоң сыймык. Өлкөнүн Урматтуу Президенти Алмазбек Атамбаевдин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн жана калайык-калкынын меймандостугу үчүн чын жүрөктөн ыраазычылыгымды билдирем. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ШКУнун генералдык катчысы Дмитрий Мизинцевдин талыкпаган аракеттери үчүн ыраазычылыгымды билдирем.

2013-жылдагы Афганстан 2001-жылдагы согушту башынан өткөргөн Афганстан эмес. Бүгүнкү күндөгү Афганстан кайгылуу өткөн чакка кайрылбас үчүн, өткөн 12 жылдын аралыгында көптөгөн саясий, экономикалык, коомдук факторлорду ишке ашырдык. Ошондой эле Афганстандын жаңы өкмөтүнө карата дүйнөлүк башка мамлекеттердин ишенимине кириш үчүн туруктуу кадамдар ташталды. Биз бүгүнкү күндө өз турмушубузга жоопкерчиликти алышыбыз үчүн, афгандыктарга күч-кубат берген мекемелерди уюштурдук. 3 ай мурун НАТО жана ИСАФ күчтөрүнүн коопсуздук маселесиндеги толук жоопкерчилик афган аскер күчтөрүнө ыйгарылганын маанилүү окуя катары белгиледик.

Бирок 10 жыл аралыгындагы жетишкендиктерди, Афганстандын жаңыдан бутка туруусун жана көз карандысыз болуусун белгилегенден мурда, ошону менен бирге биздин өнүгүүбүздү коркунучка дуушар кыла турган оор чакырыктарды да эстен чыгарбашыбыз керек. 12 жылдык

[1]Афганистан Ислам Республикасынын президентинин администрациясы http://president.gov.af/fa/news/president-hamid-karzais-statement-in-the-13th-summit-of-the-council-of-heads-of-the-shanghai-cooperation-organization-sco, 25.09.2014

терроризмге каршы согуштун болуп өтүүсү менен бирге, бүгүнкү күндө да фундаментализм, экстремизмдин өнүгүүсү, бизди олуттуу коркунучка дуушар кылууда.

Регионалдык өлкөлөр арасындагы терроризмдин жайылуу коркунучу, баарыбызга белгилүү болгондой эле, Афганстандын жана Пакистандын гана коопсуздугуна тийиштүү эмес, балким, аймактык жана дүйнөлүк өлкөлөрдү да өзүнө камтыйт. Афганстан терроризмге каршы согуштун алгачкы баскычтарында турат. Аль-Каида аттуу террористтик топ же ага тийиштүү уюмдар Афганстандын чек ара аймактарында орун алып келишет.

Афганстан каршы чара көрүп келе жаткан террористтик топтордун атын атап кетели. Афганстандагы террористтик топтор: Өзбекстан ислам кыймылы, Чыгыш Түркстандын ислам кыймылы, талибандар (афгандар), Панджаб талибандары, чечен оппозиционерлери. Аталган террористтик-экстремисттик тайпалар жалаң гана Афганстанга коркунуч алып келишпестен, Афганстандагы ыңгайлуу абалдан пайдаланып, башка өлкөлөргө да каршы өздөрүнүн террористтик ишмердүүлүгүн колдонгусу келишет. Бул себептен улам Афганстан эли ушул террористтерден жабыр тартып келишет, өзүнүн жана коңшу өлкөлөрдүн коопсуздугун сактоодо баа жеткис иш-аракет жасап келет.

Терроризм жана экстремизмдин кеңейүү маселесинен арылуунун жалгыз гана жолу, аймактык өлкөлөр менен чынчыл кызматташуу, өзгөчө Афганстан жана Пакистан өлкөлөрү. Афганстан ийгиликке жетүү үчүн 12 жылдын аралыгында Пакистан өлкөсү менен кеңири түрдө кызматташып келген жана аталган кызматташтыкты келечекте да уланткысы келет. Ошондой эле, жогоруда айтылган ийгилик, бул отурумдагы аймактык өлкөлөрдүн өзгөчө түрдө көмөк көрсөтүүсүнөн улам болушу мүмкүн.

Бүгүнкү күндүн чакырыктарынан регионду коопсуздоо маселесинде НАТО же КМШнын ИСАФ күчтөрүнө аймактык өлкөлөр тарабынан жол берилбеш керек. Терроризмге жана экстремизмге каршы күрөш аймактык

өлкөлөрдүн жоопкерчилигиндеги эң негизги маселе экенин түшүнүү керек, бул жоопкерчилик бирдиктүү аракет жасоодо жана чыныгы кызматташтыкта болуп саналат.

Аймактык өлкөлөрдүн көпчүлүгү Афганстандын абалынан тынчсызданарын билишибиз керек. 2014-жылы эл аралык аскер күчтөрүнүн Афганстандан чыгуу процесси ишке ашат. Бул өлкөлөр аймактагы терроризм жана экстремизмден чыккан мыкаачылык жана башаламандыктардан улам тынчсызданат.

Афганстан эли 12 жылдан кийинки жетишилген ийгиликтин даамын жакшы билет. Уруксат этиңиздер, сиздердин астыңыздарда өзүмдүн иш сапарымдын максаты тынчтык жана туруктуулуктун негизинде экенине ишендирип кетейин. ШКУнун өлкөлөрү бул иш сапарда бизге шериктеш болушту, 2014-жылы жана андан кийин да биз менен кызматташат деген ойдобуз. Афганстан кийинки жылы президенттик жана аймактык кеңештеринин шайлоосун өткөрөт. Бул шайлоолор жөн гана 12 жылдык жетишкендиктерибизди сактабастан, балким, биздин өлкөбүздүн “он жылдык өзгөрүүлөргө” кыйналбастан өткөрөр деп ишенебиз.

Жетишкендиктерибизди сактоо менен бирге, өкмөткө каршы чыккан куралдуу күчтөр, б.а., талибандарга карата тынчтык жолун колдонуудабыз. Биздин жакынкы коңшу өлкө Пакистан, тынчтык процессинде чоң роль ойнойт жана ошондой эле аталган өлкөнүн жаңы бийлиги, урматтуу премьер-министр Наваз Шариф, аталган процессте чоң роль ойнойт. Ушул иш-чара ишке ашарына толук ишенем.

Ошол себептен улам, биз аймактык бардык өлкөлөр менен жакын кызматташкыбыз келет, ошондуктан алар менен кызматташтык келишимдерге кол коюлган. Биздин башка өлкөлөр менен болгон кызматташтыгыбыз эч кандай түрдө аларга жана башка өлкөлөгө коркунуч жаратпайт, анткени Афганстан ага жол бербейт. Афганстан ошол эле учурда экономикалык кызматташтыктын жана аймактык транзиттик демилгелердин негизинен чыккан аймактык өз ара амамилелердин

жактоочусу болуп саналат. Муну менен бирге, биз Афганстанда жана аймакта “Азия жүрөгү” аттуу өлкөлөр арасындагы ишеним жана түшүнүшүү аркылуу тынчтыкты жана коопсуздукту камсыздоо демилгесин ишке ашырабыз. Биз, жалаң гана Афганстандын бейпилдүү келечегин каалабастан, Афганстанын аймактык өлкөлөр менен ишенимдин негизинде түзүлгөн мамилелерин каалайбыз.

Биз аймактык өлкөлөрдүн таза ниети, жардамы жана көмөгүсүз аталган 10 жылдык жетишкендиктерибизге жете албайт элек. Дүйнөнүн ар кайсы жериндеги өлкөлөр менен мамилелерибиз болсо да, биздин чыныгы коопсуздугубуз жана стабилдүүлүгүбүз аймак менен байланыштуу экендигин билебиз. Ошон үчүн, биз Афганстандын ШКУ менен болгон мамилесин көбүрөөк өнүктүрүшүбүз керек жана бул уюмдун бардык мамлекеттери менен тынчыкты, коопсуздукту жана стабилдүүлүктү камсыздоо маселесинде ылайыктуу иш алып барышыбыз керек.

Афганстандын биримдиги жана коопсуздугу, аймактык өлкөлөрдүн баарындагы биримдикти жана коопсуздукту камсыздоо маселесинде негизги фактор болуп саналарын айтпай кетүүгө болбойт. Биринчиден, коркунучтар көп жана экинчиден кызыкчылыктарыбыз бирдей. Ошондуктан, ушул отурумда катышкан бардык досторубуздан аймактык кызыкчылыктардын негизинде Афганстан менен, анын жетишкендиктерин сактоо жана өнүктүрүү жана ошондой эле, тынчтык жана коопсуздукту орнотуу жаатында кызматташууну өтүнөт элем. Муну менен бирге, кайрадан Афганстандын ШКУга карата жоопкерчилигин баса белгилеп кетким келет жана Тажикстан Республикасынын президенти Эмомали Рахмонго эмдиги жылы ШКУ отурумун өткөрүүдө ийгилик каалап кетмекчимин.

Рахмат!”

**3-тиркеме**

**Орто Азияда жайгашкан мамлекеттердин Афганстан менен болгон аймактык кызматташтык негиздери:**

**Кырдаалдар жана маселелер:**

- 2 маселе:
  - КР жана АИР – параллелдүүлүкпү же байланыштуулукпу?
  - ОАнын регион катары кайсы түшүндүрмөсү КР жана АИРнын өз ара аракеттешүү перспективаларын сүрөттөйт?
- Азыркы учурдагы эң негизги фокустук байланыш – транзиттик жүк ташуучу болуп саналат,
- Адаттагыдай ОАнын Афганстан менен болгон эң негизги постсоветтик байланышы – коопсуздук маселелери болуп келет.

**Регионда саясий мамилелердин түзүлүшү:**

КРнын Орто Азия регионунда Афганстандын катышуусу менен болгон перспективдүү кызматташтыгы:

- Аймакка тиешелүү көз караш,
- Факторлор жана актерлор (2001-жылынан кийин),
- Умтулуштар жана сценарийлер.

**Регион жана эл аралык уюмдар:**

- ШКУ, ЖККУ, ЭКУ, Стамбул Процес “Азия Жүрөгү” ж.б. регионалдык уюмдар,
- Регионалдык жана эл аралык уюмдарды жана каапсуздук маселелери.